# СОЦИАЛДЫК КУРАЛ ДАРВИНИЗМ
# SOSYAL SİLAH DARWINİZM

**ХАРУН ЯХЬЯ – (АДНАН ОКТАР)**
**HARUN YAHYA**

Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı
"Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.

**Birinci Baskı: Temmuz 2004**
**İkinci Baskı: Eylül 2005**
**Üçüncü Baskı: Ekim 2005**
**Dördüncü Baskı: Kasım 2005**
**Beşinci Baskı: Ağustos 2008**

**ARAŞTIRMA YAYINCILIK**

Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi
İbrahim Elmas İşmerkezi
A. Blok Kat 4 Okmeydanı - İstanbul
Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı: Seçil Ofset
100. Yıl Mahallesi MAS-SİT Matbaacılar Sitesi
4. Cadde No: 77 Bağcılar-İstanbul
Tel: (0 212) 629 06 15

# МАЗМУНУ

Киришүү

Социалдык дарвинизм

Мальтустан Дарвинге таш боордуктун тарыхы

Дарвинди ээрчиген «ууру барондор»

Социалдык дарвинизм жана корголгон расалар калпы

Дарвин-Гитлер коалициясынын натыйжасы: 40 миллион өлүк

Социалдык дарвинисттердин тукумсуздаштыруу жана өлтүрүү мыйзамдары

Аялдарды төмөн көргөн бир теория

Дарвинизм жана адеп-ахлактын бузулушу

Эволюциялык психология жаңылыштыгы

Жыйынтык

Эволюция калпы

# ОКУРМАНГА

Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу бойунча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Курани Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм

жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# КИРИШҮҮ

Жыйырманчы кылымдын адамзат тарыхынын эң караңгы, эң коркунучтуу, эң көп кан төгүлгөн, адамдар эң көп коркуу жана зордук-зомбулукка кабылган кылымдардын бири экенин бүт адамдар билишет жана кабыл алышат. Гитлер, Сталин, Пол Пот сыяктуу диктаторлордун заалымдыгын, миллиондогон адамдарды кантип геноцид кылганын, Гитлердин өз элинен да өз оюнда "ишке жарабайт" деп ойлогондорун кандайча газ бөлмөлөрүндө өлтүрткөнүн; Англиядан Германияга, АКШдан Швецияга чейин көптөгөн Батыш өлкөлөрүндө жүз миңдеген адамдын оорулуу, майып же улгайган болгону үчүн гана кандайча зордук менен тукумсуздаштырылганын же өлүмгө түртүлгөнүн; айоосуз атаандаштык себебинен дүйнөнүн бүт тарабында адамдардын эзилгенин жана басып алынганын; расизмдин кээ бир өлкөлөрдүн идеологиясына айланганын жана кээ бир расалардын адам катары да саналбаганын; Чыгыш менен Батыш, коммунист менен капиталист, оң менен сол арасында тирешүүлөр, кандуу жана кансыз согуштар болгонун; ушул себептен бир эле өлкө калктарынын, ал тургай, бир туугандардын да бир-бирине душман болуп калганын бүт баарыбыз билебиз.

Бирок көбүнчө байкалбаган негизги нерсе – бул 20-кылымды ушунчалык ызы-чуу, хаос, согуш жана уруштарга түрткөн, адамдар арасында кекенүү жана душмандыкка себеп болгон идеологиялык фундамент. Бул идеологиялык фундаменттин негиздери 19-кылымдагы англиялык экономист Томас Мальтус (Thomas Malthus) тарабынан коюлган. Дин ахлагынан алыс жашаган кээ бир адамдар тарабынан кабыл алынган бул бузуку көз-караш кайра эле бир англиялык социолог Герберт Спенсер (Herbert Spencer) тарабынан күчөтүлгөн жана үчүнчү бир англиялык Чарльз Дарвиндин (Charles Darwin) эволюция теориясы менен жайылтылган.

Бул үч ысым башчылык кылган идеологиясынын бир талабы катары дин ахлагынын өзгөчөлүктөрүнөн болгон көмөктөшүү, башкалардын жакшылыгын ойлоо, жакыр жана алсыздарды коргоо, бүт адамдарды тең саноо сыяктуу сонун мүнөздөрдү толугу менен артка ташташты. Мунун ордуна "жашоо – бир күрөш талаасы"; "алсыздарды, жакырларды, (алардын оюнда) "төмөн расадан" болгон адамдарды эзүү жана ал тургай жок кылуу кадыресе көрүнүш"; "кырчылдаган күрөштүн натыйжасында "эң ылайыктуулар" жашоосун улантып, башкалар жок болот", ошентип адамзат "алдыга жылат" деген калпты сунушташты.

Чарльз Дарвин эволюция теориясы менен түпкүрү өзүмчүлдүк болгон бул философияны табигый илимдерге киргизүүгө аракеттенди. Аллах табиятта жараткан көмөктөшүү жана жардамдашуу өрнөктөрүн көрмөксөн болуп, "бүт жандыктар жашоо үчүн күрөшөт" деген калпты айтып чыкты. Ал тургай, эч бир илимий далилге таянбастан туруп, ушундай эле айоосуздук адам коомдоруна да тиешелүү деп жактады. Дарвиндин эволюция теориясы коомдорго киргизилгенде, социалдык дарвинизм келип чыкты.

Кээ бирлери социалдык дарвинизм 19-кылымдын экинчи жарымында пайда болуп, 20-кылымдын алгачкы жарымында таасирин жоготкон бир социалдык теория деп жактаганы менен, чындыгында бул теориянын коомдордун жана адамдардын маданиятына болгон терс таасирлери көпкө уланып, көп зыяндар алып келди. Жашоо бир "күрөш талаасы", адам бул күрөштө жеңүү же жок дегенде бул жырткыч чөйрөдө "өмүрүн улантуу" үчүн жашашы керек деген бузуку көз-караш дин ахлагына толугу

менен тескери келген, адашкан бир “дүйнө көз-карашы” катары жайылды. Адамзатка балээ алып келген жаңы жашоо калыптарын пайда кылды. Мындай жаңы жашоо калыптары коммунизм же фашизм сыяктуу тоталитардык жана кандуу идеологиялардын, социалдык адилеттүүлүктү көзүнө илбеген жырткыч капитализмдин, расизмдин, этникалык согуштардын, адеп-ахлактык бузулуунун жана дагы көптөгөн “балээнин” булагы болду.

Социалдык дарвинизм жамандыктарга, таш боор саясат жана иш-аракеттерге бир заматта калп бир “илимий” негиз түзүп берди. Эч бир илимий таянычы болбогон бул агым менен бирге таш боордук, жырткычтык жана зулумдук дин ахлагын жашабаган көп адамдар тарабынан кадимки (кадыресе) нерседей кабыл алынып баштады. Адамдар жана коомдор арасы мамилелерде мээрим, боорукердик, башкаларды түшүнүү, башкаларды ойлоо, көмөктөшүү жана кызматташуу сыяктуу дин ахлагынын талабы болгон жакшы сапаттар унутулду. Зулумдук кылуучулар -өз ойлорунда- заалымдыгыбыздын илимий бир негизи бар дешип, жырткычтыгыбыз кадыресе кабыл алынат деп ойлошкон. Албетте, мындай сөздөрү жана ойлору чоң бир калп жана жаңылыштык эле. Бул китепте өзгөчө эки теманы ачыкка чыгарып, анализ кылабыз:

Биринчиден, дарвинизмдин коомдордун жана адамдардын жашоосу үчүн эмнеге олуттуу бир коркунуч экенин түшүнбөгөн же түшүнмөксөн болгондорго бул теориянын көпчүлүк тарабынан кабыл алынышынын жана өзгөчө жаштардын бул теория менен тарбияланышынын коркунучтарын көрсөтөбүз.

Экинчиден болсо, “Дарвин жана ар бир эволюционист социал дарвинисттер менен бирдей көз-караште эмес” дегендерге жооп берип; ар бир эволюционисттин эволюция теориясын кабыл алуу менен бирге түпкүрүндө социал дарвинизмди да кабыл алганын түшүндүрүп беребиз.

Китеп бою да көп жолу айтыла турган төмөнкү чындыкты унутпаш керек: адамдарды бир айбан түрү сыяктуу кабыл алуу жаңылыштыгына кабылган эволюция теориясы сунуштаган жашоо модели таш боордук, сүйүүсүздүк, өзүмчүлдүк, өз кызыкчылыгын ойлоонун үстүнө курулган. Дарвинизм адамдар айбандар сыяктуу жашаган жана мамиледе болгон бир дүйнө курууну эңсейт. Социал дарвинизмдин берген сабактары жана иш-аракеттери да бул чындыкты көрсөтөт. Социал дарвинисттердин бузуку көз-караштары боюнча, улгайган жана жардамга муктаж абалдагы бир адамды бир күнү кечинде үйүндө отурганда, эч себепсиз үйүнөн айдап алпарып өлтүрүү кадыресе нерсе. Майып адамдардын лагерьлерде чогултулуп, өлүмгө түртүлүшү кадыресе кабыл алынат. Адамдардын башын өлчөп, ошого жараша класстарга бөлүштүрүү керек. Бул бузуку көз-караш боюнча, “төмөнкү класска тиешелүүлөр” айоосуз эзилип, басмырланып, жок кылынат. Адамдар жана коомдор ушул жырткычтыкты кылганда гана алга жылаарына ишенген бул адамдар үчүн бул жолдогу адам өлтүрүүлөр, геноциддер, зулумдуктар, таш боордуктар бир ийгиликтей кабыл алынат. Бул ийгиликке жете албаган адамдар, коомдор, маданияттар жана улуттар болсо жок болушу керек.

Албетте, бул абдан бузуку жана коркунучтуу бир көз-караш. Бул коркунучту түшүнүү сөз кылынып жаткан теория жана бул теорияга таянган идеологияларга каршы керектүү илимий күрөштү жүргүзүү үчүн абдан маанилүү. Дарвинизм жана дарвинизмге таянган бардык коом модердеринин адамзатты чоң балээлерге түртө турган модельдер экенин унутпаш керек. Аллах адамдарга буйруган жана Куранда кабар берилген ахлак болсо – коомдорду дайыма бейпилдикке, бакубаттыкка жана тынчтыкка алпарчу бир ахлак.

# СОЦИАЛДЫК ДАРВИНИЗМ

Күчтүүнүн үстөм болушу, теңсиздик, раса же этникага таянган дискриминация, зулумдук, адилетсиз атаандаштык жана уруш-талаш, жакырлардын эзилиши, күчтүүнүн алсызды эзиши – коомдор тарых бою көрүп келген жамандык жана зомбулуктардан. Миңдеген жыл мурда да, мисалы Аз. Мусанын доорунда жашаган Фараондун башкаруусунда булардын баарын көрүүгө болот. Фараон байлыгы жана күчтүү аскердик күчү себебинен өзүн дайыма үстөм сезген. Сөздөрүнүн туура экени апачык болгон Аз. Муса менен Аз. Харунду болгон күчү менен жалганга чыгарып, ал тургай аларды өлтүргүсү келген. Фараон, ошондой эле, дискриминациялык (бөлүүчү) бир саясат жүргүзгөн, элин класстарга бөлүп, кээ бирлерин «төмөнкү класс» деп атап, кол алдындагы Исраил урпактарын ар түрдүү кыйноого алып, алардын эркектерин өлтүрүп, аялдарын калтырган. Ушундайча Исраил урпактарынын тукум курут болушун максат кылган. Аллах Куранда Фараондун мындай бузукулуктарын мындайча кабар берет:

**Чынында Фараон жер бетинде (Египетте) бой көтөрүп, ал жердин элин бир катар бөлүктөргө ажыратып бөлгөн эле; алардын бир бөлүгүн алсыз кылып, эркек балдарын союп, аялдарын тирүү калтырган. Себеби ал бузукулардан эле. (Касас Сүрөсү, 4)**

**Же мен ушунан жакшыраак эмесминби, ал төмөн (класстан) бир байкуш жана дээрлик (оюн) түшүндүрө албаган (бир адам). (Зухруф Сүрөсү, 52)**

**Ошентип өз коомун басмырлады, алар болсо ага моюн сунушту... (Зухруф Сүрөсү, 54)**

**(Биз) Берекелүү кылган жердин чыгышына да, батышына да ошол кор кылынып- алсыз ташталгандарды мурасчылар кылдык... (Аьраф Сүрөсү, 137)**

Күчтүү үстөм кабыл алынган, адамдар класстарга бөлүнгөн, “төмөн” кабыл алынгандарды эзип жок кылуу кааланган, кээ бир адамдар башкаларга адамгерчиликсиз мамиле кылган бузуку коом Фараон башкаруусундагы байыркы Египет гана эмес эле. Миңдеген жылдар мурдатан бери ушул сыяктуу башкаруулар жана иш-аракеттердин көптөгөн мисалдары бар.

Бирок 19-кылымда бул жамандыктардын баары башкача бир формага айланды. 19-кылымга чейин заалымдык, жырткычтык, таш боордук деп аталган мындай иш-аракет жана саясаттар бир заматта “табияттын чындыктарына таянган илимий иш-аракеттер” деген жалганга жамынып баштады. Мындай таш боордуктардын баарына калп илимий фундаментти түзгөн эмне эле?

Чарльз Дарвиндин эволюция теориясы... Дарвин 1859-жылы жарык көргөн *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде ортого койгон эволюция теориясы менен жашоонун келип чыгышы жөнүндө кээ бир спекуляцияларды жасаган. Бул спекуляциялары абдан алдамчы бир дүйнө көз-карашынын, Аллахтын бар экенин жокко чыгарган жана кокустуктарды “жаратуучу” деп санаган (Аллахты арууулайбыз), адамды айбан катары кабыл алган, жашоону бир күрөш жана кырчылдаган атаандаштык

мекени деп санаган бузуку бир философиянын “илимий” бир чындык сыяктуу кабыл алынышына себеп болду.

Дарвин илимий бир далили болбогон, 19-кылымдын эски илим түшүнүгүнүн бир натыйжасы катары ортого чыккан бул теорияны өзү жалгыз чыгарган эмес эле. Андан болжол менен 50 жыл мурда 1798-жылы Томас Мальтус *Essay on the Principle of Population* (Калк принцибине эксперимент) аттуу эмгегинде Дарвиндин теориясына негиз түзө турган, чындык менен байланышы жок кээ бир ойлорду айткан эле. Мальтус учурда илимий бир мааниси жок экени далилденген ал эмгегинде калктын саны азыктардан ылдамыраак көбөйөт, ошол үчүн калкты көзөмөлдөп туруш керек деген. Согуштар, жугуштуу оорулар калкты табигый көзөмөлдөйт жана ошондуктан пайдалуу деп жактаган Мальтус биринчи жолу “жашоону улантуу күрөшү” жөнүндө сөз кылган адам болду. Мальтустун адамгерчиликтен алыс болгон бул гипотезасы боюнча, жакырлар көбөйбөшү жана өйдөңкү класстарга жетиштүү азык калышы үчүн аларды коргобой, мүмкүн болушунча жаман шарттарда жашатуу керек эле (тереңирээк маалымат үчүн “Мальтустан Дарвинге таш боордуктун тарыхы” бөлүмүн караңыз). Абийири жана акылы ордунда болгон ар бир адам абдан каршы чыга турган мындай жырткычтыкты кабыл алуу, албетте, чоң бир заалымдык. Дин ахлагы жакырларга, муктаждарга жардам колун сунууну талап кылса, Мальтус менен аны ээрчиген Дарвин ал байкуштардын айоосуздук менен өлүмгө түртүлүшү керек экенин айтышкан.

Мальтустун адамдыкка жатпаган мындай пикирлерин ошол замат кабыл алып өнүктүргөндөрдүн башында англиялык социолог жана философ Герберт Спенсер турган. Дарвинизмдин негизги догмасын кыскача баяндаган “эң ыңгайлашкан өмүрүн улантат” деген сүйлөмү Спенсерге тиешелүү эле. “Ылайык эместер” болсо элениши б.а. өлүшү керек деген Спенсер “адамдар эгер жашоо үчүн жетиштүү толук болушса жашашат жана жашашы да жакшы. Эгер жашоо үчүн жетиштүү деңгээлде толук (түгөл) эмес болушса өлүшөт жана эң жакшысы алардын өлүшү” деген.[1] Башкача айтканда, Спенсердин ою боюнча, жакыр, сабатсыз, оорулуу, майып, ийгиликсиз ар бир адам өлүшү керек эле. Булардын баары Спенсердин канчалык коркунучтуу, заалым жана оорулуу бир мүнөзгө жана дүйнө көз-карашына ээ экенин көрсөтөт. Боор ооруу, мээрим жана коргоо сезимин туюу керек болгон адамдарга карата чоң бир таш боордук туюп, дал Мальтус сыяктуу аларды ээзип жок кылуунун жолдорун издеген эле. Өкмөттүн жакырларды коргогон мыйзамдарды чыгарышына да тоскоол болууга аракеттенген Спенсер жөнүндө америкалык тарыхчы Ричард Хофштадтер (Richard Hofstadter) *Social Darwinism in American Thought* (Американын көз-карашында социал дарвинизм) аттуу китебинде төмөнкүдөй жоромол жасаган:

Спенсер жакырлар үчүн даярдалган мыйзамдарга эле эмес, ошол эле учурда өкмөт колдогон билим берүү, саламаттыкты сактоону көзөмөлдөө, жашоо шарттарынын жакшыртылышы жана ал тургай алдамчы докторлорго карата сабатсыз адамдарды өкмөттүн коргоого алышы жөнүндөгү мыйзамдарга да каршы чыккан эле.[2]

Мальтус менен Спенсердин таш боор дүйнө көз-караштарынан катуу таасирленген Дарвин болсо *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде түрлөр табигый тандалуу менен эволюциялашат деген жомогун айтып чыкты. Дарвин бир илимпоз эмес эле, биологияны өз алдынча изилдеген. Мындан тышкары, Дарвиндин доорундагы микроскоптор да абдан примитивдүү (жөнөкөй) эле. Ал доордо клетка болгону бир так сыяктуу көрүнгөн, тукум куучулук мыйзамдары болсо эч ачыла элек болчу. Дарвин илим такыр жетишсиз болгон ушул шарттарда чектүү маалыматтары менен иштеп чыккан теориясында

табият дайыма артыкчалуу жана эң ыңгайлууларды тандайт, башкаларын болсо элейт, жандуулар ошентип өнүгөт деген ойду жактаган. Дарвиндин башынан эле туура эмес бир фундамент менен курган илимге сыйбас теориясы боюнча, жандыктарды кокустуктар жараткан эле; ушундайча Дарвин жандыктарды Аллах жаратгандыгын да жокко чыгарган (Аллахты аруулайбыз). Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинен соң *Адамдын келип чыгышы* аттуу китебинде илимге сыйбас теориясына адамдарды да кошууга аракеттенди. Китебинде "артта калган расалар" бар, бул расалар жакында эленет, ошентип алдыңкылар (үстөмдөр) өнүгүп алга жылышат деп айткан эле. Дарвиндин бул китебинде жана кээ бир каттарында эволюция теориясына адамдарды да кошушу менен социал дарвинизм калыптанды.

Андан кийинкисин болсо Дарвинди катуу жактагандар улантышты. Англияда Спенсер менен Дарвиндин жээни Фрэнсис Гальтон (Francis Galton), Америкада Уильям Грэм Самнер (William Graham Sumner) сыяктуу кээ бир илимпоздор менен кээ бир капиталисттер, Германияда болсо Эрнст Гегель (Ernst Haeckel) сыяктуу дарвинисттер жана андан соң 20-кылымдын канкор диктатору Адольф Гитлер сыяктуу фашист-расисттер социал дарвинизмдин таш боор жана мээримсиз эрежелеринин алдыңкы жактоочулары жана ишке ашыруучуларынан болушту.

Социал дарвинизм кыска мөөнөт ичинде жапайы капитализм аты менен адилетсиз атаандаштыкты эң таш боордук менен ишке ашыргандардын, расисттердин, империалисттердин, жакырларды жана жардамга муктаждарды коргоо милдетин аткарбаган башкаруучулардын өздөрүн коргоо куралына айланды. Социал дарвинисттер алсыздардын, жакырлардын, "төмөн" расадан болгон адамдардын эзилиши, майыптардын ден-соолугу ордунда болгон адамдар, кичи ишканалардын болсо чоң ишканалар тарабынан жок болушу табияттын бир мыйзамы жана адамзаттын алга жылышынын жалгыз жолу катары көрсөтүүгө аракеттеништи. Абийирсиздик экени кабыл алынса да, адамзат тарыхы бою уланып келген адилетсиздиктерди бир заматта "илимий" тон жаап, кадимки нерседей көрсөтүүнү каалашты. Социал дарвинизм таш боордукту бир табияттын мыйзамы жана адамзаттын "эволюциясынын" эң негизги жолу сыяктуу сүрөттөдү.

Өзгөчө америкалык кээ бир капиталисттер өздөрү түзгөн күчтүү атаандаштык чөйрөсүн социал дарвинисттик сөздөр менен өз ойлорунда кадыресе көрсөтүштү. Чынында болсо бул чоң бир алдамчылык гана эле. Адилетсиз жана таш боор атаандаштыкты "илимий" бир таянычы бар сыяктуу көрсөтүүгө аракеттенгендер жалгандарды гана айтып жатышкан эле. Мисалы, Американын эң чоң капитал ээлеринин бири Эндрю Карнеги (Andrew Carnegie) да ушундай жаңылыштыкка кабылгандардын бири эле жана 1889-жылкы бир сөзүндө мындай деген:

Аттандаштык мыйзамы үчүн коом төлөгөн нарк арзан комфорттор жана люкстар үчүн төлөгөн нарктай чоң; бирок бул мыйзамдын артыкчылыктары наркынан жогору –себеби бул мыйзам урматында материалдык өнүгүү кемчиликсиз болот жана бул бизге андан да өнүккөн шарттарды камсыз кылат... Бул мыйзам адам үчүн кээде оор болсо да, раса үчүн эң жакшысы, себеби бүт тармакта эң ылайыктуунун жашашына кепилдик берет. Ошондуктан, чөйрөлүк чоң теңсиздиктер, жумуш мүмкүнчүлүктөрүнүн, индустрия жана сооданын бир канча адамдын колунда топтолушу жана алардын арасындагы атаандаштык мыйзамы сыяктуу шарттарды кабыл алабыз жана жактырабыз. Булар пайдалуу эле эмес, ошол эле учурда расанын өнүгүшүнүн негизи.[3]

Көрүнүп тургандай, социал дарвинизмдин оюу боюнча, жалгыз максат – бул расанын физикалык, экономикалык жана саясий жактан өнүгүшү. Адамдардын бактылуулугу, бакубаттыгы, бейпилдиги жана

коопсуздугу маанилүү эмес. Кыйналган, жардам сурап ыйлаган, балдарына, үй-бүлөсүнө, улгайган эне-атасына тамак-аш, дары-дармек, жашай турган жер таба албаган, алсыз, байкуш адамдарга эч боор оорубайт. Мисалы, бул бузуку көз-караш боюнча, жакыр, бирок жакшы адеп-ахлактуу бир адамга маани берилбейт, ал тургай, бул адамдын өлүшү коомго пайдалуу болот деп айтылат. Ал эми, жаман адеп-ахлактуу, бирок бай адам болсо "расалардын өнүгүшү" үчүн абдан маанилүү кабыл алынат, шарттар кандай гана болбосун ал адамга абдан маани берилет.

Социал дарвинизм ортого койгон мындай бузуку логика бул көз-караштты жактагандарды адеп-ахлактык жана руханий кыйроого түртүүдө. Башка бир социал дарвинист Уильям Грэм Самнер болсо 1879-жылы бул бузуку агымдын калптарын мындайча сөз кылган:

Бул альтернативадан чыга албашыбызды эми түшүнүү керек: теңсиздик, эң ыңгайлуунун жашоосун улантышы; теңдик, ыңгайлуу болбогондун жашоосун улантышы. Биринчи саналган мүнөздөр коомду алга жылдырып, коомдун бардык эң жакшы мүчөлөрүнүн пайдасына болот; кийинкилер болсо артка тартат жана бардык эң жаман мүчөлөрдүн пайдасына.[4]

Социал дарвинизмдин эң жапайы ишке ашыруучулары болсо расисттер болгон. Дарвинист расисттер арасында эң коркунучтуусу – бул албетте, фашисттик идеологдор жана кыймылдын лидери Адольф Гитлер эле. Фашисттер Дарвиндин теориясына таянышып, бир жактан евгеника (Дарвиндин жээни Фрэнсис Гальтондун жаман гендерди коомдон тазалоо менен сапаттуу адамдарды түзүү мүмкүн деген догмасы) мыйзамдарын ишке ашырышты, экинчи тараптан болсо геноцид кылмыштарын жасашты. Социал дарвинизмдин эң оор жыйынтыгы фашизмдин колу менен ишке ашты. Фашисттер дарвинисттик көз-караштарды өздөрүнө бир калкан катары көрүшүп ага жашынышты; дарвинисттик илимпоздордун да кеңештери менен төмөн раса деп санаган еврейлерди, цыгандарды, чыгыш европалыктарды геноцид кылышты; акыл оорулууларын, майыптарды, улгайгандарды газ бөлмөлөрүндө өлтүрүштү. Бул кылмыштардын баарын таш боор ыкмалар менен жасашты. 20-кылымда дүйнөнүн көз алдында социал дарвинизм аты менен миллиондогон кылмыш жасалды.

Дарвиндин жээни Фрэнсис Гальтондун башчылыгы менен башталган евгеника кыймылы болсо социал дарвинисттердин башка бир балээси катары ортого чыкты. Табигый тандалууну ылдамдатуу үчүн адам колу менен тандоо жасаш керек деп жактаган жана ушундайча адам түрүн ылдамыраак өнүктүрүүгө болот деп санаган евгеника тараптарлары Америкадан Швецияга чейин көптөгөн өлкөлөрдө өз ойлорунда "керексиз" деп ойлогон адамдарды зордук менен тукумсуз кылышты (бычышты). Үй-бүлөлөрүнө кабар берилбестен жана уруксат алынбастан, жүз миңдеген адам мажбурдуу түрдө, адам катары көрүлбөстөн операция кылынды. Евгениканын эң заалым иш-аракеттери болсо фашисттик Германияда болду. Фашисттер алгач коомдогу майып, акылы кем же генетикалык оорулуу адамдарды тукумсуздаштырышты; анан ошону менен эле тим болбостон, бул байкуш адамдарды массалык өлтүрүп башташты. Жүз миңдеген күнөөсүз адам колу, манжасы, буту болбогон үчүн же улгайган үчүн гана өлтүрүлдү.

Албетте, бул дин ахлагында эч орду болбогон абдан чоң бир зулумдук жана жырткычтык. Аллах адамдарга муктаждарды коргоп, колдоону буйруган. Жакырлардын муктаждыгын камсыздоо; майып адамдарга боорукер жана мээримдүү болуу, алардын акысын коргоо; коом ичинде жардамдашуу жана көмөктөшүүнү камсыздоо – дин ахлагынын талабы болгон сонун ахлак мүнөздөрүнөн. Аллах буйрук

кылган ахлакты көзгө илбегендер болсо өздөрүн да, жашаган коомдорун да чоң балээлерге түртүүдө. Социал дарвинизм себеп болгон балээлер бул чындыктын эң ачык мисалдарынан.

Социал дарвинизм "табигый көрүнүш" катары көрсөткөн балээлердин дагы бири болсо – бул басып алуучулук (колониалдаштыруу). Басып алуучу мамлекеттердин ошол доордогу кээ бир башкаруучулары басып алган өлкөлөргө жасаган айоосуз мамилелерин социал дарвинизмдин илим, акыл жана логикага эч сыйбаган, далилсиз гипотезалары менен өздөрүнчө туура көрсөтүүгө аракет кылышкан. "Төмөн расалар" "жогорку расалар" тарабынан башкарылышы керек, бул табияттын бир мыйзамы дешип, зулумдукка таянган империалисттик саясаттарын калп "илимий" бир негизге таяшкан.

20-кылымда болгон эки чоң дүйнөлүк согушта болсо тараптар социал дарвинизмдин бузуку логикаларын колдонушуп, согуштарды сөзсүз болчу кубулуштар сыяктуу көрсөтүүгө аракеттенишкен. Күнөөсүз жана алсыз адамдардын өлтүрүлүшүн; үйлөрүнүн, жумуштарынын, жерлеринин, малдарынын таланып-тонолушун; миллиондогон адамдын үйүнөн, журтунан ажырашын; наристе, жаш балдардын да эч ойлонбостон өлтүрүлүшүн эч логикага сыйбаган социал дарвинисттик догмалар менен адамзаттын өнүгүшүнүн бир жолу катары көрсөтүүгө аракет кылышкан.

Натыйжада социал дарвинизм 19- жана 20-кылымда расизмдин, басып алуучулуктун, адилетсиз жана айоосуз атаандаштыктын, күчтүүнүн алсызды эзишинин жана он миллиондогон адамдар өлгөн согуштардын арткы планындагы күчкө айланды. Социал дарвинизм менен бирге кылымдардан бери уланып келген көптөгөн жамандыктар калп "илимий" бир тонду жамынды. Эволюционист Стивен Джей Гоулддун (Stephen Jay Gould) *The Mismeasure of Man* (Адамдын туура эмес өлчөөсү) аттуу китебинде Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китеби жөнүндө жасаган төмөнкү жоромолу бул чындыкты дагы бир жолу тастыктоодо:

1859-жылы *Түрлөрдүн келип чыгышы* жарыкка чыккан соң каратып алуу, басып алуу, расалардын бөлүнүшү, класстык түзүлүштөр жана жыныстардын ролу жөнүндөгү талаш-тартыштар илим желеги астында жүргүзүлүп баштады.[5]

## Дарвин дагы социал дарвинист болчу

Учурда эволюционисттер канчалык Дарвиндин атын социал дарвинизмдин 20-кылымдагы оор натыйжаларына кошпоого аракет кылышса да, Дарвин апачык бир социал дарвинист эле. Өзгөчө *Адамдын келип чыгышы* аттуу китебинде жана жеке каттарында апачык социал дарвинисттик сөздөрдү айткан. Дарвин али 1869-жылы Юго Тиелге (Hugo Thiel) жазган бир катында теориясын коомдорго колдонуу мүмкүн экенин айткан эле:

Түрлөрдүн өзгөрүшү жөнүндөгү көз-карашыма окшош кээ бир пикирлердин ахлактык жана социалдык маселелерге колдонулганын көрүп жатам. Бул темага абдан маани берээриме ишенип кой.[6]

Fransiscan университетинде илим жана дин таануу боюнча сабактар өткөн, *Moral Darwinism: How We Became Hedonists* (Ахлактык дарвинизм: кантип биз гедонист (ырахат сүйүүчү) болуп калдык?) аттуу китептин автору Бенджамин Викер (Benjamin Wiker) бир интервьюда Дарвиндин алгачкы социал дарвинист экенин айткан жана мындай деген:

Жактырсаңар да, жактырбасаңар да, Дарвиндин *Адамдын келип чыгышы* аттуу китеби окулганда, негизи биринчи социал дарвинисттин жана модерн евгеника кыймылынын атасынын ал экени апачык көрүнөт. Социал дарвинизм жана евгеника түздөн-түз анын табигый тандалуу прицибине таянат.

Менимче, адамдардын дарвинизм жана евгеника сыяктуу темалар арасында байланыш курган бир адамга каршы чыгышынын түпкү себеби теорияга ахлактык жыйынтыктар менен так түшүшүн каалабашында. Бирок мындай жыйынтыктар тексттин ичинде гана эмес, дарвинизм пайда болгондон бери өткөн бир жарым кылымдык убакыт аралыгында калтырган социалдык жана ахлактык таасирлери менен далилденди.[7]

Китептин эмки бөлүмдөрүндө да каралгандай, Дарвиндин көп сөздөрү анын социал дарвинисттик көз-караштардын алгачкы булагы экенин апачык көрсөтөт. Учурда эволюционисттер социал дарвинизмдин 20-кылымдагы коркунучтуу жыйынтыктарынан улам бул көз-караштарды ачык кабыл алуудан тартынышууда. Бирок социал дарвинизмдин негизги элементтери болгон атаандаштык, расизм, дискриминация эволюция теориясынын негизинде да орун алган. Эволюционисттер кабыл алышса да, кабыл алышпаса да, дарвинизм кабыл алынган соң чыга турган жыйынтыктар ушулар. Адамдарды кокустуктардын натыйжасы катары көргөн; алар бир аз өнүккөн бир айбан түрү деп ойлогон, "кээ бир расалар башкаларына караганда аз өнүккөн, ошондуктан айбандарга жакыныраак", "табият бир күрөш, кырчылдаган атаандаштык мекени", "күчтүүлөрдүн алсыздарды эзиши менен коом өнүгөт" деген бир теориянын трагедиялык натыйжаларды алып келээри талашсыз. Эволюционисттердин социал дарвинизмди кабыл албаган сыяктуу көрүнүшү эч нерсени өзгөртпөйт. Муну чечүү жолу – эволюция теориясынын илимий жактан туура эмес экендигинин кабыл алынышында. Бул теориянын жаңылыштыктарына алдангандар да бул чындыкты көрүшөөр деген үмүттөбүз.

## Табият мыйзамдарын адамдарга колдонуу жаңылыштыгы

Дарвин эволюция теориясын чыгарганда, илим дүйнөсү көп жагынан бир топ өнүкпөгөн эле. Али электрондук микроскоп жок эле, ошондуктан организмдердин детальдары белгисиз эле. Клетка жөнөкөй бир так сыяктуу көрүнүп, көптөгөн органеллден турган, эң аз бир шаардай татаал бир түзүлүштө экени белгисиз эле. Генетика илими али жок болчу, тукум куучулук мыйзамдары да ачылган эмес эле. Көптөгөн биолог жана илимпоздор –анын ичинде Дарвин да- ээ болунган өзгөчөлүктөр кийинки урпакка берилиши мүмкүн деп ойлой турганчалык туура эмес маалыматтарга ээ болчу. (Мисалы, темир устачылык кылганы үчүн кол булчуңдары күчтүү болуп калган бир ата булчуңдары күчтүү балалуу болот деген караңгы бир ишенимде эле.) Дарвин теориясын ушундай илим өнүкпөгөн бир шартта иштеп чыкты. Эволюция теориясынын материалисттик жана атеисттик көз-карашка бир фундамент болушу, бул теория алсыз болсо да, илим дүйнөсүнүн бир бөлүгү тарабынан ошол замат кабыл алынышына себеп болду. Дарвин да, анын тараптары болгон башка бир эволюционист да эволюция теориясы үчүн палеонтология, биология же анатомия сыяктуу илим тармактарынын эч биринен бир далил да көрсөтүшкөн эмес. Ал тургай, кийинки жылдары жана өзгөчө 20-кылымдын экинчи жарымында жасалган байкоо жана эксперименттер, алынган жаңы табылгалар бул теориянын туура эмес экенин апачык көрсөттү.

Бирок эволюция теориясы, илимий бир таянычы болбосо да, идеологиялык мазмуну үчүн гана кээ бир чөйрөлөр тарабынан коомго да колдонулду. Геноциддер, массалык адам өлтүрүүлөр, бир тууган бир тууганын өлтүргөн граждандык согуштар, ондогон өлкөнү кыйраткан чоң дүйнөлүк согуштар менен өткөн 20-кылымдын символуна айланган балээлердин негизин түздү. Дин ахлагы адамдарга тартуулаган

мээрим, боорукердик, жардамдашуу, сүйүү, башкаларды ойлоо сыяктуу жакшы мүнөздөрдүн ордун күчтүүлөр гана жеңген, алсыздар эзилип жок кылынган жунгли мыйзамдары ээледи. Илимий жактан эч бир далили болбогон бир теория бир кылымды толук таасири астына алды.

Социал дарвинисттердин эң чоң жаңылыштыктарынын бири илимий далили жок бир теорияны коомго колдонууга аракет кылышында эле.

Социал дарвинисттердин экинчи чоң жаңылыштыгы болсо жаныбарларга тиешелүү болгон мыйзамдар адамдарга да тиешелүү деп ойлошу эле. Адамдар, жаныбарлардан айырмаланып, аң-сезим, акыл, абийир жана сын-пикир жөндөмүнө ээ. Ошондуктан, социал дарвинисттер айткандай, жунгли мыйзамдарына эч баш ийишпейт. Аллах адамды акылы, аң-сезими жана сын-пикир жөндөмү менен бирге жаратkan жана ар бир адам өмүр бою бул жөндөмдүүлүктөрүн эң жакшы колдонууга милдеттүү. Аллах ар бир адамга белгилүү бир өмүр берген. Раббибиз ага берген мөөнөт бүткөндө ар бир адам өлөт, анан бул дүйнөдө жасаган ар бир ишине жооп берүү үчүн кайрадан жаратылат.

Табиятта кээ бир жандыктар жашаган чөйрөсүнө ыңгайлаша албаганда өлүшү же тукум курут болушу мүмкүн. Мисалы, куйругу кара бир койон карга көмүлгөн бир токойдо оңой байкалып калгандыктан, бат эле башка бир жаныбарга жем болушу мүмкүн. Бирок бул дарвинисттер жактагандай жаңы бир түрдүн пайда болушун камсыз кылбайт. Б.а. өлгөн кара түстүү куйругу бар койондордун ордуна башка бир түрдөгү, мисалы куйругу ак кийиктер пайда болбойт. Мындан тышкары, адамдар жаныбарлардан такыр башкача. Адамдар жашоо үчүн табиятка ылайыкташууга мажбур эмес. Тескерисинче, жашаган чөйрөсүн өз каалоосу жана муктаждыгына жараша өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнө жана жөндөмүнө ээ. Мисалы, суук климатта үйлөрүн, жылыткычтарын, кийимдерин климатка ылайыкташтыра алышат. Адам коомдорунда табигый тандалуу болбойт, себеби адам акылы жана жөндөмдүүлүктөрү менен мындай эленүүгө тоскоол болот.

Мындай чоң жаңылыштыктар социал дарвинисттердин коомдорду адамдыкка жатпаган бир көз-караш менен баалашына себеп болгон. Алсыздарды, кароого муктаждарды, күчсүздөрдү, майыптарды жардамсыз таштап койуу менен коомдор алга жылат деп ойлошу – мындай акыл жана абийирге сыйбас көз-караштын маанилүү бир мисалы. Чынында болсо өзүмчүлдүк, алсыз жана муктаж адамдарга жардам бербей коюу алга эмес, артка жылдырат. Себеби социал дарвинизм кароосуз жана муктаж абалда таштоо керек деген адамдар – акыл жүгүртө алган, ойлоно алган аң-сезимдүү адамдар. Бул адамдар адилетсиздик, зулумдукка кабылганда, муктаждыкта калышканда –эгер дин ахлагы адамдарга берген сабыр, кечиримдүүлүк, түшүнүктүүлүк сыяктуу жакшы сапаттарга да ээ эмес болушса- аларга мындай мамиле кылгандарды жек көрүп, кекенишет. Ачуусун басуу үчүн, жакынкы тарыхта да көп мисалдары көрүлгөндөй, зомбулукка кайрылышы мүмкүн. Бул болсо чоң уруш-талаштарды жаратышы ыктымал. Мунун натыйжасында бардык материалдык жана руханий мүмкүнчүлүктөр мындай уруштарды басууга колдонулгандыктан, алга жылуу эмес, тескерисинче искусстводон технологияга, экономикадан илимге чейин бүт тармактарда артка кетүү болот.

Мындан тышкары, евгеника тараптарлары кылгандай, оорулуу же майып адамдарды өлтүрүү чоң бир жырткычтык жана мындай жырткычтык коомдун өнүгүшүнө эч салым кошпойт. Кылмыштын мынчалык ачык жасалышы жана кабыл алынышы коомго көп жоготууларды алып келет. Учурда дүйнө калкынын болжол менен 6%ы майыптар. Бул абдан чоң бир көрсөткүч – болжол менен жарым миллиард адам. Бул шарттарда ар бир адамдын үй-бүлөсүнөн же чөйрөсүнөн көп адамдан айрылып,

жакындарынын эң аз бир канча адамдын өлтүрүлүшүнө уруксат берген болот. Бул себеп болчу оор руханий жаракаттар адамдардын руханий ден-соолугун жана тең салмактуулугун бузуп, чоң бир ахлактык кыйроого себеп болот. Апа балдарына, балдар ата-энелерине, бир тууган бир тууганына ишене албаган, ар дайым бирөөсү башкасынын өлүмүнө уруксат бериши мүмкүн болгон бир коомдо абдан олуттуу бир бузулуу жана стресс болоору анык. Мындан тышкары, адамдар майып болгону үчүн гана өлтүрүлгөн бир коом чынында коркунучтуу бир ахлактык бузулууга кабылды дегенди билдирет. Мындай бир коом бүт руханий баалуулуктарын, адамгерчилигин толук жоготкон болот. Кылмыш жолу менен адамзатты өнүктүрөм деп ойлогон адамдын акылында жана руханий абалында маанилүү бир көйгөй бар экендигинде шек жок.

Албетте, эң чоң балээлердин бири – бул «эленүүгө» кабылган адамдар тарта турган азап. Бул азаптар башка адамдардын абийирине да чоң жаракат алып келет.

Төмөндө да айтылгандай, Чарльз Дарвин эч өнүкпөгөн илим түшүнүгү менен чыгарган эволюция теориясынын коомдорго колдонулушу менен келип чыккан социал дарвинизм толугу менен адам табиятына тескери; ишке ашырылганда адамзатты артка тарткан, басмырлаган, стресс жана хаоско түрткөн, кекенүү жана жек көрүүгө себеп болгон, согуштарга, кылмыштарга, уруштарга жол ачкан бир дүйнө көз-карашы. Социал дарвинизм 19-кылымдын экинчи жарымында жана 20-кылымда чыныгы мааниде өкүмдарлык кылган менен, учурда дагы эле көп тармакта терс таасирлери уланууда. Эволюциялык психология, генетикалык детерминизм сыяктуу аттар менен коомдорго дагы эле дарвинизмдин жаңылыштыктарына карап баа берилүүдө. 21-кылым жаңы балээлерден корголушу үчүн социал дарвинизм коркунучтары бүт тараптан адамдарга көрсөтүлүшү зарыл, ошондой эле бул философияга негиз түзгөн эволюция теориясынын бир дагы илимий далили жок экени дүйнөгө билдирилиши керек.

# Мальтустан Дарвинге таш боордуктун тарыхы

Мурда да айтылгандай, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китепти жазып жатканда, Дарвин көз-караштарынан эң көп таасирленген адамдардын башында англиялык экономист жана демограф Томас Роберт Мальтус турган эле.

Мальтус алгачкы басылмасы 1798-жылы жарык көргөн *Essay on the Principle of Population, as it Affects the Future* (Коомдун келечектеги өнүгүшүнө таасирлери жагынан калк принцибине бир эксперимент) аттуу китебинде калктын санынын ар 25 жылда геометриялык прогрессия менен (2, 4, 8, 16, 32, 64, 128, 256...), тамак-аш ресурстарынын болсо ушул эле убакытта арифметикалык прогрессия менен (1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9...) өсөөрүн айткан. Б.а. Мальтустун ою боюнча, калктын саны ар 25 жылда эки эселенсе, азык ресурстары бир топ жай өсүш көрсөткөн. Мальтус үч кылым ичинде калк санынын азык ресурстарына болгон катышынын 4096га 13 болоорун айткан. Б.а. Мальтустун бул илимий эмес догмасы боюнча, тамак-аш азыктары ылдам көбөйгөн калкка жетишсиз болуп калмак жана жашоону улантуу үчүн сөзсүз олуттуу бир күрөш ичинде болуш керек эле. Дарвиндин китебинин подтемасында айтылган догма да ушул болчу: *Түрлөрдүн келип чыгышы... Өзгөчө расалардын жашоо күрөшүндө корголушу...*

Мальтус *Экспериментинде* калктын мындай ылдам өсүшүн алдын алуу керек экенин айтып, өз оюнда кээ бир чечүү жолдорун сунуштады. Мальтустун ою боюнча, калктын көбөйүшүн көзөмөлдөөчү эки негизги фактор бар эле: азаптар жана жаман ахлак. Ачарчылык жана жугуштуу оорулар сыяктуу кубулуштар калкты жөнгө салган азаптар эле. Согуш, жаңы төрөлгөн наристелердин өлтүрүлүшү сыяктуу окуялар болсо калкты жөнгө салган башка факторлор эле. Мальтус согуш, ачарчылык, оору жана наристелерди өлтүрүү сыяктуу окуялар менен калкты оңой жөнгө салууга мүмкүн экенин жана ушундайча калк санынын азык ресурстары менен тең салмактуу бир абалга келээрин жазган. Акылы ордунда жана абийирдүү адамдардын баары ойлогондой, бул акыл жана логикага сыйбаган, абдан жапайы бир догма. Коомдордун бакубаттыгын ойлоп, киреше жана жашоо булактарынын туура пландалышы, албетте, коомдордун келечеги үчүн абдан маанилүү. Бирок бир коомдун келечегин согуштар, адам өлтүрүүлөр, кылмыштар менен пландоого аракеттенүү, албетте, туура эмес. Жана мунун коомдорго азап жана көз жашы алып келээри анык.

Мындан тышкары, Мальтустун башка дагы логикасыз сунуштары бар эле. Мисалы, жумушчу классынан же жакыр катмардан үй-бүлөлүү жуптар балалуу болбошу үчүн ар түрдүү чараларды көрүү керек деген. Мальтустун көз-караштары 1834-жылы Англияда жакырлар үчүн атайын «иштөө үйлөрүнүн» курулушун камсыздаган жаңы бир мыйзам менен туу чокуга жетти. Бул мыйзам менен иштөө үйлөрүндөгү калктын көбөйүшүн азайтуу үчүн үй-бүлөлүү жуптар катуу эрежелер менен бир-биринен ажыратылышкан.

Негизи мындай чаралардын түпкү себептеринин бири илгертен уланып келген «төмөнкү класстардын» тынымсыз көбөйүшү маданий адамдарды «жоготот» деген коркуу эле. Албетте, бул такыр туура эмес. Эң биринчиден, бир адам материалдык абалы, коомдогу орду же тили, расасы, жынысы себебинен башкасынан артыкча боло албайт. Аллах бүт адамдарды тең кылып жараткан. Адамдарды

барктуу, абройлуу кылган – алардын ар түрдүү мүмкүнчүлүк же дене өзгөчөлүктөрү эмес, сонун ахлагы, мүнөзү.

Бирок, Франция төңкөрүшүнөн соң мурдакы кадыр-барк жана күчүн сактай албай калабыз деп корккон Англия буржуазиясы жакырлардын санынын көбөйүшүнө тоскоол болуу үчүн Мальтусчулукту абдан колдогон жана бул багытта радикалдуу чараларды алуудан тартынган эмес. Бул дин ахлагынан алыстаган адамдар кабылган жаңылыштыктын натыйжаларынын бири. Ошол доордун алдыңкылары коомдун келечеги бай адамдардын санынын көп болушунда жана жакырлардын болсо азайышында деп ойлошкон. Албетте, бир коомдо бай-бардар адамдардын санынын өсүшү, бакубаттыктын жогорулашы жакшы көрүнүш. Бирок бакубаттыкты көтөрүү үчүн колдонулган ыкмалардын кандай экени абдан маанилүү. Социал дарвинизм жактагандай, жакырларды өлтүрүп, жардыларга зулумдук кылуу менен бай адамдардын санын көбөйтүүгө аракеттенүү эч кабыл алынгыс бир ыкма. Мындан тышкары, бай адамдардын санынын көбөйүшү менен эле коом өнүгүп кетпейт. Бай, бирок дин ахлагы талап кылган чынчылдык, башкаларды ойлоо, жөнөкөйлүк, ыкластуулук, сабыр, толеранттуулук, акылдуулук, эмгекчилдик сыяктуу жакшы сапаттарга ээ болбогон адамдардын көбөйүшүнүн коомго пайда эмес, зыян алып келээри анык. Ошондуктан, коомдорду алдыга жылдыруу үчүн жасалган пландардын ишке ашышы ал коом материалдык жактан өнүгүп жатканда, руханий баалуулуктарга болгон бекемдигинин да күчөтүлүшү менен мүмкүн болот.

Бирок Мальтус менен бир доордо жашаган көп адамдар бул ачык чындыкты байкашкан эмес жана коомдорун кийинки жылдары чоң бир ахлактык кыйроого түртө турган бул бузуку көз-караштарды колдошкон.

Мальтус жакыр класстын көбөйүшүнө тоскоол болуу үчүн сунуштаган таш боор сунуштарынын кээ бирлери төмөнкүдөй эле:

Жакыр катмарга тазалыкты сунуш кылуунун ордуна аларды тескери адаттарга кызыктырышыбыз керек. **Шаарларыбыздагы жолдорду тар кылып, үйлөрдү көп адам жашаган жерге айлантып, чума келиши үчүн аракет кылышыбыз зарыл. Айыл жерлеринде айылдарыбызды көлмө суу жээктерине куруп, саздак жерлерде жана ден-соолукка зыяндуу шарттарда да отурукташууга түрткү болуу керек.** Бирок эң негизгиси зыяндуу оорулар үчүн көрүлгөн атайын чараларды жана кээ бир ооруларды тамырынан жок кылуу үчүн долбоорлорду жасап, адамзатка кызмат кылып жатабыз деп ойлогон боорукерлерди сындашыбыз зарыл, себеби алар туура эмес кылышууда.[8]

Мальтус наристелерди өлтүрүүнү да стимулдаган:

Адилеттүүлүк жана маани берүү темалары жөнүндө эл көзүнө алектенгенибиздин себеби – жакырдын жардам суроо акысын жокко чыгаруу үчүн. Бул максатта эч бир жаңы төрөлгөн баланын жардам суроо акысына ээ эмес экенин айтып, керектүү чаралардын көрүлүшүн сунушташым керек. Салыштыруу үчүн (никесиз) төрөлгөн бала коомдо эч көп баркталбайт, башкалар болсо акырындап анын ордун ээлешет. **Элдин санын (кааланган) деңгээлде сактоо үчүн керектүүдөн ашыкча төрөлгөн бардык жаш балдар, жетилгендер өлүп аларга орун болмоюнча, өлүшү керек.**[9]

Мальтус коомдордун келечеги үчүн жаңы төрөлгөн наристелердин өлтүрүлүшүн кадимки көрүнүштөй кабыл ала турганчалык бузуку көз-караште эле. Бул саптарды окуган кээ бир адамдар Мальтустун көз-караштары өтмүштө калды жана учурда мындай бузуку көз-караштар кабыл алынбайт деп ойлошу мүмкүн. Бирок бул бир жаңылыштык. Учурда Кытайда калкты пландоонун жаңы төрөлгөн

наристелерди өлтүрүү аркылуу жасалганын эстесек, анда Мальтустун жана аны ээрчиген Дарвиндин бузуку көз-караштарынын коомдорго көпкө уланган жаман таасирлерин жакшыраак түшүнөбүз. Коммунисттик Кытайда дин ахлагын жашоого мамлекет тарабынан тоскоолдук кылынып, өкмөт элин дарвинисттик бир көз-караш менен кароодо. Ошондуктан, коомдук жана ахлактык чоң бузулуудан тышкары, Кытайда адамдар жумуш лагерьлеринде бардык адамга керектүү шарттарсыз мажбурдуу иштетилүүдө, мамлекет уруксат берген сандан ашыкча балалуу болгон бүлөлөрдүн балдары мажбурдуу чогултулуп өлтүрүлүүдө, көз-карашы үчүн да адамдарга өлүм жазасы берилип, өлүм жазасы коомдук церемонияга айлантылууда. Кытайда болуп жаткандар дарвинисттик көз-караштардын таасиринде калган бир коомдун абалын көрсөткөн бүгүнкү күндөн бир мисал.

Мальтустун гипотезалары Англияда жакырлардын абалын андан да жаман кыла турган кысымдык бир мыйзам менен эле чектелген жок, социалдык көйгөйлөрдү андан да татаал жана чечүүгө мүмкүн болбос абалга алып келди. Учурда дагы эле кээ бир чөйрөлөр тарабынан жакталган, дарвинизм деген 20-кылымга азап, согуш, расизм жана динсиздик сыяктуу балээлерди алып келген бир теорияга негиз болгон бул гипотеза эч бир илимий далилге таянбайт. Ал тургай, Мальтус гипотезасын айтып жатканда, эчкилер жана иттер жөнүндө айтылган, канчасы туура экени да белгисиз болгон бир аңгемеден таасирленген.

## Эчкилердин жана иттердин аңгемесинен дарвинизмге

*Эксперимент*ти жазганда Мальтуска таасир берген түпкү окуя Тынч океанындагы бир аралга испаниялык бир саякатчы Хуан Фернандес (Juan Fernandez) тарабынан ташталган деп айтылган эчкилер жөнүндөгү бир аңгеме болгон. Бул аңгеме боюнча, ал эчкилер акырындап аралда көбөйүшкөн жана аралга келген деңиз саякатчылары үчүн азык булагына айланышкан. Эчкилер бир тараптан бат көбөйүп, аралдагы азыктарды түгөтүп башташкан. Испандыктар болсо аларга кол салып соодасына тоскоол болгон англиялык аскерлердин бул аралдагы эчкилерден пайдаланышына тоскоол болуу үчүн аралга ургаачы жана эркек иттерди ташташкан. Эми иттер акырындап көбөйүп, эчкилердин көпчүлүгүн өлтүрүшкөн. Франциялык математик жана төңкөрүшчү Кондорсе Таунсенд (Condorcet Townsend) ушундайча табиятта тең салмактуулуктун түзүлөөрүн жазган жана мындай деген:

Эки түрдүн тең эң алсыздары табиятка карыз төлөгөндөрдүн алгачкылары болушту; эң кыймылдуу жана күчтүүлөрү өмүрлөрүн улантышты. Адам түрүнүн санын да тамак-аш көлөмү жөнгө салат.[10]

Мурда да айтып кеткендей, бир катар табигый шарттар жаныбарлардын санынын көбөйүшүнө, тукум курут болушуна же сакталышына таасир этиши мүмкүн. Бирок бул адам коомдоруна да тиешелүү деп ойлоо чоң бир жаңылыштык. Мындай жаңылыштыкты ишке ашыруунун болсо кандай коркунучтуу натыйжаларга жол ачаарын тажрыйба көрсөттү.

Таунсенд да бул пикирлерин иштеп жаткан Жакырлар мыйзамына киргизгиси келди. Англиядагы Жакырлар мыйзамы боюнча жакырлар ач калышчу эмес, бирок абдан көп иштетилишчү. Таунсенд болсо жакырларды иштөөгө мажбурлаган бул мыйзам көп кыйынчылык жана ызы-чууга себеп болуп жатат деп чыкты. Мунун ордуна жакырларды “ачарчылык менен жөнгө салуу” менимче туура болот деди. Таунсенддин ою боюнча, “ачкалык эң жапайы айбанды да жоошутат, аларга маданиятты жана баш

ийүүнү үйрөтөт жана аларды иштөөгө стимулдайт” эле.[11] Албетте, бул абдан таш боор жана абийирсиз бир ыкма. Мындай таш боордуктун түбүндө адамдарды материалдык мүмкүнчүлүгүнө жана тышкы көрүнүшүнө карап бөлүү жаңылыштыгы турат. Дин ахлагына эч туура келбеген мындай бөлүүчүлүк тарых бою коомдук жагдайды бузган, каргаша, анархия жана урушка жол ачуучу бир элемент болгон.

Эчкилер жана иттер жөнүндөгү аңгеме Таунсендден соң Мальтустун гипотезаларынын да негизин түздү. Мальтустан кийин Герберт Спенсер тарабынан айтылган “эң ылайыктуу жашоосун улантат” деген жалгандын жана андан соң Дарвин айткан “табигый тандалуу менен эволюция” жаңылыштыгынын илхам булагы да ушул аңгеме болгон.

Чынында болсо, мурда да басым жасалгандай, айбандарга тиешелүү болгон кээ бир мыйзамдарды адамдарга колдонуу Таунсенд менен башталган, Мальтус, Спенсер жана Дарвин менен уланган тизмедеги адамдардын эң чоң каталарынын бири болгон. Бул кишилер адамдарды радикалдуу жана зордук-зомбулукка таянган чаралар менен гана тизгиндөөгө, ачарчылык, согуш жана кырсыктар сыяктуу факторлор менен башкарууга мүмкүн болгон жапайы жандыктар сыяктуу көрүшкөн. Чынында болсо, адам – акылы, аң-сезими, логикасы бар бир жандык. Айбандар сыяктуу каалоолоруна карап эмес, акылы жана абийири менен кыймыл-аракет кылышат.

## Мальтустун догмалары илимий маалыматтарга таянган эмес

Мальтустун теориясы канчалык бузуку болсо да, ошол доордун шарттарында кээ бир чөйрөлөр тарабынан кабыл алынган. Жана кийинки кылымды таасирине алган кээ бир адашкан идеология жана агымдарга да негиз болгон. Бирок, эч бир илимий далилге таянган эмес жана карама-каршылыктарга толо. Булардын кээ бирлери төмөнкүлөр:

1. Мальтус китебин жазган кезде колунда калктын санынын көбөйүшү жөнүндө колдоно турган бир да маалыматы жок эле. Себеби Англиядагы алгачкы улуттук эл каттоо 1801-жылы, т.а. Мальтус *Экспериментин* жазгандан үч жылдан кийин жасалган. Ошондой эле, Мальтус 1801-жылы жасалган эл каттоону да колдоно алмак эмес, себеби калктын санынын өсүшүн эсептөө үчүн мурдакы жылдарга тиешелүү эл каттоолор да керек эле. Ошондуктан калктын санынын өсүшүн аныктай ала турган ишенимдүү статистикалык маалыматы жок эле. Догмаларын толугу менен гипотезаларга таяндырган.

2. Мальтустун тамак-аш ресурстарынын өсүү ылдамдыгын эсептей турган маалыматтары да жок эле. Канчалык эгин талаасы бар экенин, канчасынан канча көлөмдө түшүм алынганын эсептей ала турган бир ыкма ал доордо жок болчу. Мында да жалаң божомолдорго таянган.

3. Мальтус айткан эреже өз ичинде да карама-каршылыктарда эле. Мальтус элдер геометриялык прогрессия менен өсөт деген. Анда жаныбар жана өсүмдүктөр да геометриялык прогрессия менен өсүп жаткан, себеби белгилүү болгондой экөө тең адамзат жашоосунун негизи. Жашоодо адамдар да, жаныбарлар да, өсүмдүктөр да геометриялык прогрессия менен көбөйүшпөйт. Алардын көбөйүшү табигый шарттарга жараша өзгөрүп турат. Адам да кошо бүт экосистема абдан тең салмактуу бир гармонияда. Табияттагы тең салмактуулук Мальтус менен Дарвин айткандай, «же, болбосо жем бол» деген, калп «жашоо күрөшү» догмасынан абдан алыс.

Кыскача айтканда, Мальтус айткан догмалар эч бир илимий далилге таянбайт, тескерисинче, каталары жана логикасыздыктары далилденген. Дарвин болсо эволюция теориясын Мальтустун гипотезаларга гана таянган, ойдон чыгарылган догмаларынын негизинде чыгарган.

## Мальтусчу Дарвин

Дарвин Мальтустун *Эксперимент*ин 1838-жылы окуган жана күндөлүгүнө мындай деп жазган:

1838-жылы октябрьда, б.а. изилдөөлөрүмдү систематикалык баштагандан 15 айдан соң, кызыккан үчүн гана Мальтустун калк жөнүндөгү эмгегин окуп баштадым. Жана жаныбарлар менен өсүмдүктөрдө мен дайыма байкаган жашоону улантуу күрөшүн ойлогонумда, бир заматта, мындай шарттарда ылайыктуу түрлөрдүн сакталып, ылайыксыздардын жок болоорун түшүндүм. Мунун натыйжасында болсо жаңы түрлөр пайда болмок. Ошондо, кийин үстүндө иштей турган бир теорияга акыры жеткен элем.[12]

Дарвиндин күндөлүгүнөн көрүнүп тургандай, табигый тандалуу менен эволюция жана жашоо күрөшү түшүнүктөрү Дарвиндин оюнда Мальтусту окуган соң калыптанган. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы*нда Мальтустун догмаларын толугу менен кабыл алганын болсо төмөнкү сөздөрүндө мойнуна алган:

Табигый түрдө, бат көбөйгөн ар кандай органикалык жандык, эгер жок кылынбаса, дүйнө кыска убакыт ичинде жалгыз бир жуптун урпагына толмок. Бул анык бир эреже. Жай көбөйгөн адам калкы да акыркы жыйырма беш жыл ичинде эки эселенди жана бул эске алынганда, келечекте бир канча миң жыл ичинде адам урпагы үчүн чындап эле бут койорго жер калбай калат...[13]

Дарвин Мальтустун теориясы менен табигый тандалуу гипотезасы арасындагы байланышты болсо мындайча түшүндүргөн:

Жашоосун уланта алган индивид санынан көбүрөөгү дүйнөгө келген сайын, ар бир индивиддин ошол эле түрдүн башка индивиддерине каршы, же башка түрлөрдүн индивиддери арасында же физикалык шарттарга каршы, кандайдыр бир жашоо күрөшү болушу керек. Бул Мальтустун көз-карашынын ар кандай даражаларда бүт жаныбар менен өсүмдүк ааламына колдонулушу...[14]

Дарвиндин Мальтустун адашкан көз-караштарынан колдоо алган бул ойлору чоң бир жаңылыштык жана илимий эч бир мааниси жок. Ал тургай, элдин санын пландоону алсыздар менен жакырларды жок кылуу менен камсыздоону айткан, жетиштүү деңгээлде күчтүү болбогондор жок болушу керек деген бул көз-караш – чоң бир заалымдык. Чындап эле, жашоону бейпилдикти, коопсуздукту жана түшүнүүчүлүктү негиз алган бир жер катары эмес, бир гана жашоону улантууну, бул үчүн болсо өлөөрчө күрөшүүнү талап кылган бир жер катары көргөн бул көз-караш коомдорго чоң балээлерди алып келди.

## Мальтустан таш боор дүйнө көз-карашына

Мальтус менен Дарвиндин көз-караштары илимий далилдерге таянбаса да, чоң колдоо тапты. Мунун себебин алар жашаган доордон издөө керек. Мальтус менен Дарвин Өнөр-жай төңкөрүшүнөн кийинки доордогу Англияда жашап жатышкан. Англия аристократиясы Өнөр-жай төңкөрүшү менен бирге ордун жана күчүн жумушчу классына алдырып койуудан коркуп жаткан. Бир тараптан болсо

арзан жумушчу күчүнө көп муктаждыктары бар эле. Мындай парадокс натыйжасында башкаруучу класс өзүнүн туура эмес түшүнүгү менен мындай жыйынтыкка келди: Англияда “төмөнкү классты” башкарууга алуу, эзүү, күчтөндүрбөө жана иштетүү зарыл. Мальтус болсо ылдам өсүп жаткан элге тамак-аш ресурстары жетпей калат деген гипотезасын айтканда, чечүү жолун “төмөнкү класстын” көбөйүшүн токтотууда көрсөтүү менен, бир тараптан жакырларды коркутуп, экинчи тараптан аларга карата катуу чараларды алууга себеп болуп жаткан. Дарвин Мальтустун гипотезасын табигый илимге жана биологияга киргизүү менен бул догмага калп “илимий” бир көрүнүш берген.

Ричард Хофштадтер (Richard Hofstadter) *Social Darwinism in American Thought* (Америка көз-карашында социал дарвинизм) аттуу китебинде Дарвиндин Мальтустун гипотезасына берген колдоосу жөнүндө мындай деген:

Мальтусчулук Англияда абдан популярдуу болуп калды... Бул агым ошол эле учурда байларды жакырлар тарткан азаптарга карата аткарышы керек болгон милдеттерден куткарган. Окуялардын агымында Мальтустун туура эмес экени далилденди жана теория саясий экономикадан акырын акырын жоголуп бараткан эле, ага Дарвиндин биологиялык подходунан жаңы колдоо келди.[15]

Изилдөөчө жазуучу Иан Тейлор (Ian Taylor) болсо Мальтус жөнүндөгү бир макаласында Мальтустун гипотезасындагы бузуку пикирлер жөнүндө мындай дейт:

Бүт булардан алына турган сабак – бул Аллахты, Анын улуулугун жана кийлигишүүсүн жокко чыгарган Дарвин жана башкалардын Мальтустун принцибинде оозго алынбас жана калп илимий сунуштарга багыттаган, коркунучтуу бир балээ жана чарасыздыкты табышы. Мальтустун аргументиндеги апачык көрүнүп турган алсыздык жана жетишсиздиктерге карабастан, бул ушундай.[16]

Мальтустун “таш боор, үмүтсүздүк берүүчү, логикасыз” догмасы илим тарабынан жокко чыгарылса да, бүгүнкү күнгө чейин таасирин улантууда. Иан Тейлор *In The Minds of Men* (Адамдардын оюнда) аттуу китебинде Мальтус менен башталган жана Гитлер менен аяктаган бул таш боордук тизмесине мындайча токтолгон:

Мальтус көз-карашын кийинчерээк “эң ылайыктуу жашоосун улантат” деген абалга келген эрежеге таяды. Бул түшүнүк Кондорседен Мальтуска, Спенсерге, Уоллеске жана Дарвинге чейин созулат. Эң аягында Адольф Гитлер сыяктуу кишилерге таасир берүү максатында ылдам өнүктү. Бирок унутпаш керек, баарынын башында эчкилер менен иттер жөнүндөгү аңгеме турат.[17]

Көрүнүп тургандай, Мальтустун заалым көз-караштарынын колдоо көрүшүнүн негизинде буларды өзүнүн таш боордуктарына, кызыкчылыктарына, бузукулуктарына бир тон катары колдонууну каалаган кээ бир башкаруучу жана лидерлердин, идеологиялык максатты көздөгөн бир катар башчылардын маанилүү салымы болгон. Бул чөйрөлөр өз кызыкчылыктарын көздөп колдогон бул таш боор дүйнө көз-карашы себеп болгон балээлер болсо тарыхта эч теңдешсиз масштабга жетти. Алдыда, Мальтус менен башталган бул таш боор жана мээримсиз дүйнө көз-карашынын социал дарвинизм деген ат менен кантип күчөтүлгөнүн жана адамзатка эмнелерди алып келгенин анализдейбиз.

# Дарвинди ээрчиген «ууру барондор»

Он тогузунчу кылымдын аягында башталган жана бүгүнкү күнгө чейин уланган көптөгөн коркунучтуу көз-караш агымынын, идеология жана иш-аракеттердин артында дарвинизмдин турушу абдан кызык. Дарвинизм бир-бирине карама-каршы уюлдарда турган идеологиялардын да таянычы болууда. Нацизмдин, фашизмдин жана коммунизмдин пайда болушунда жана жайылышында, расисттик жана коммунисттик кыргындардын "кадыресе" көрсөтүлүшүндө маанилүү рол ойногон дарвинизм "жапайы капитализмдин" да "илимий" негизин түзгөн. Өзгөчө Виктория доорундагы Англияда жана "ууру барондор" деп аталган таш боор кээ бир капиталисттердин Америкасында дарвинизм капитализмдин таш боор тарабына колдоо көрсөткөндүктөн, күчтүү талап менен кабыл алынып, күчөтүлгөн.

Жапайы капитализмдин эң маанилүү өзгөчөлүгү – бул алсызыраак фирмаларды жана алсызыраак адамдарды эч нерсеге карабастан эзүүгө, басып алууга жана жок кылууга болот деген жаңылыштыгы. Албетте, бул чоң бир заалымдык жана таш боордук, жана эч кабыл алууга болбойт. Учурда бул жаңылыштык "чоң балык кичинекей балыкты жутат" деген сүйлөм менен айтылат. Б.а. кичи фирмалар дайыма ири фирмалар тарабынан жок кылынат. Бул дарвинизмдин ишкердиктеги ишке ашырылышы.

Муну сындаганда, кээ бир түшүнүктөрдү ачып көрсөтүү туура болот. 20-кылымда дүйнөдө өзгөчө эки түрдүү экономикалык модель эксперимент кылынды: жеке менчик жана эркин ишкердүүлүккө таянган либералдуу экономика менен пландуу экономикага таянган социалисттик экономика. Дүйнөнүн бүт тарабында социалисттик экономикалар ийгиликсиз болуп, коомдорго жакырдык менен кыйынчылык алып келди. Либералдуу экономика болсо талашсыз ийгиликке жетип, коомдорго жана адамдарга көбүрөөк бакубаттык алып келди.

Бирок либералдуу экономика жалпы коомго бакубаттык алып келүү үчүн өзү жалгыз жетиштүү эмес. Либералдуу экономика урматында көбүнчө коомдун жалпы экономикалык деңгээли көтөрүлөт, бирок коомдун баары бул өсүштөн үлүшүн ала албайт. Коомдун бир бөлүгү жакыр бойдон калат жана социалдык адилетсиздик коркунучу пайда болот. Мына ушул коркунучтун алдын алуу жана социалдык адилетсиздикти жоюу үчүн эки нерсе керек:

1) Мамлекеттин "социалдык мамлекет" аң-сезими талап кылгандай, жакырларды, алсыздарды, жумушсуздарды коргошу. Алардын пайдасына жөнгө салууларды жасоо.

2) Жалпы коомдо дин ахлагынын талабы болгон "жардамдашуу жана көмөктөшүү" сезимдеринин жайылышы.

Бул эки нерсенин өзгөчө экинчиси абдан керектүү, себеби биринчи пунктту –б.а. мамлекеттин аң-сезимин- да баары бир коомдордун тенденциясы аныктайт. Эгер бир коом күчтүү диний жана ахлактык баалуулуктар себебинен социалдык адилеттүүлүккө маани берсе, ал коомдо ишке ашырыла турган либералдуу экономика экономикалык өнүгүүнү да, социалдык адилеттүүлүктү да камсыздайт. Байлар алган байлыгынын бир бөлүгүн жакырларга жардам берүүгө, алсыздарды колдоого багытталган социалдык программаларды ишке ашыруу үчүн колдонушат. (Аллах Куранда билдирген экономика модели да ушундай. Ислам growth динринде жеке менчик бар, бирок мүлк ээлери жакырларга жардам берүүгө, мал-мүлктөрүн "зекет" жана "садака" кылып, муктаждарга жардам үчүн колдонууга милдеттүү.)

Эгер бир коомдун ахлактык баалуулуктары бузулса, мына ошондо либералдык экономика жакырлар менен муктаждар эч жардам көрбөгөн, тескерисинче эзилген, кандайдыр бир социалдык жардам программасы болбогон, социалдык адилетсиздик бир көйгөй эмес, "табигый көрүнүш" катары кабыл алынган "жапайы капитализмге" айланат.

Бул жерде биз сындаган экономика модели – бул либералдык экономика б.а. жеке менчик менен атаандаштыкка таянган эркин экономикалык модел эмес, жапайы капитализм.

Жапайы капитализмдин илхам булагы болсо – алдыда каралгандай, социал дарвинизм.

Дарвинисттик практиканы ишкердикке алгач алып келгендер – бул Американын "ууру барондору" катары эскерилген бөлүгү эле. "Ууру барондор" дарвинизмге ишенишчү жана дарвинизмдин "эң ылайыктуулар жашоосун улантат" догмасы биздин таш боор иш-аракеттерибизди "кадыресе (табигый)" кылат деп ойлошкон.[18] Натыйжада болсо ишкердикте кылмыштарга чейин барган таш боор бир атаандаштык башталды. "Ууру барондордун" жалгыз максаты – көбүрөөк акчага жана күчкө жетүү эле. Коомдун бакубаттыгын эч ойлошкон эмес, ал тургай, өз жумушчуларына да эч маани беришкен эмес. Дарвинизмдин экономикага кириши менен миллиондогон адамдын жашоосу азапка айланды. Абдан төмөн эмгек акылар, абдан оор жумуш шарттары, абдан узун иштөө сааттары жана эч бир коопсуздук чара көрүлбөшү жумушчулардын оорушуна, жаракат алышына жана ал тургай өлүмүнө себеп болуп жатты.

## Дарвинист жумуш берүүчүлөрдүн заалымдыктары

19-кылымда Англияда башталып, бүт дүйнөгө жайылган Өнөр-жай төңкөрүшү менен бирге жаңы заводдор курулган жана бул заводдордо машиналар колдонулуп баштаган. Бирок адам өмүрүнө, өзгөчө жумушчулардын өмүрүнө эч маани бербеген кээ бир фирма ээлери керектүү коопсуздук чараларын көрбөгөндүктөн, көп жаракат алуулар болуп турган. Бул жаракат алуулардын көпчүлүгү өлүм менен же кол-манжалардан же колдордон айрылуу сыяктуу олуттуу майыптыктар менен жыйынтыкталган. 1900-жылдары жылына бир миллион жумушчунун өлгөнү, жаракат алганы же ооруга чалдыкканы аныкталган.[19]

Өмүр бою заводдо иштеген бир жумушчу үчүн бир органынан айрылуу дээрлик сөзсүз болчу бир натыйжа эле. Жумушчулар арасында жүргүзүлгөн изилдөөлөр жарымынан көбүнүн өмүр бою колунан же бутунан айрылуудан баштап көрүү же угуудан айрылууга чейин абдан олуттуу жаракаттар алганын же ооруга чалдыкканын аныктаган. Мисалы, катуу чатырчасы бар баш кийим тиккен жумушчулар сымаптан ууланышчу. Радийи бар бойок колдонгон жумушчулардын дээрлик баары аягында ракка чалдыгышчу.[20]

Кээ бир жумуш берүүчүлөр болсо жумуш шарттарын жана кырсыктарды толук билип турса да, шарттарды жакшыртуу үчүн эч чара көрүшкөн эмес. Болот жасаган ээритүүчү жайларда иштеген көп жумушчулар 12 сааттык жумуш мөөнөтүндө, 40-50 даража ысыкта жана абдан төмөн эмгек акыларга иштешчү.[21] 1892-жылы АКШ президенти Бенжамин Харрисон орточо бир америкалык жумушчунун күн сайын согуштагы бир аскердей коркунучта экенин айтып, жумушчуларга болгон адамгерчиликсиз мамилени сүрөттөгөн.[22]

Кээ бир капиталист ишкерлер адам өмүрүнө көп маани беришчү эмес. Бир эле темир жол куруу учурунда жаман шарттар себебинен жүздөгөн адам өмүрүнөн ажыраган.[23] Адам өмүрүнө эч маани

берилбегенин көрсөткөн анык далилдердин бири – бул америкалык ишкер Ж.П. Моргандын таш боордугу.  Ж.П. Морган бирөөсү 3,5 доллардан 5000 даана бузук мылтык алып, алардын ар бирин 22 доллардан АКШ аскердик күчүнө саткан. Б.а. өз өлкөсүнүн аскердик күчүн алдай турганчалык, өз аскерлеринин өмүрүн коркунучка таштай турганчалык ахлактык баалуулугун жоготкон эле. Мылтыктардын бузуктугунан улам аларды колдонгон аскерлердин баш бармактары үзүлгөн.[24] Бул мылтыктардан жаракат алган аскерлер Ж.П. Морганды сотко беришип, бирок утулуп калышкан. Себеби ал доордо соттор көбүнчө «ууру барондордун» пайдасына чечим чыгарышчу.[25]

Ошол доордун капиталист жумуш берүүчүлөрүнүн бири ага жумушчулары үчүн коргоочу бир чатыр кур деп айткандарга “жумушчулар черепицалардан арзан” деген жоопту бериши ал доордун таш боордугунун дагы бир мисалы.[26]

Бул заалымдыктардын баарынын түбү изилденгенде, дарвинизмдин таасири апачык көрүнөт. Адамды өз ойунда бир айбан түрү деп кабыл алган, кээ бир адамдар азыраак өнүккөн, жашоо күрөш мекени жана күчтүү гана жеңет деген калпты кабыл алган бир дүйнө көз-карашынын натыйжалары, албетте, таш боордук, мээримсиздик жана азап болот.

## Дарвинизмдин ишкердик чөйрөсүндөгү зыяндары

Жапайы капитализмдин жактоочулары болгон ишкерлердин көпчүлүгү негизи Аллахка ишенген адамдар болуп тарбияланышкан эле. Бирок кийин дарвинизмдин калптарынын таасиринде калып, ыйманын жоготуп, адашышты. Мисалы, 19-кылымда болот индустриясынын алдыңкы ысымдарынан атактуу америкалык ишкер Эндрю Карнеги (Andrew Carnegie) башында Христиандыкка моюн сунчу, бирок кийин дарвинизмдин калптарына алданган. Карнеги өмүр баянында өзүнүн жана көп досторунун кантип дарвинизмдин таасиринде калганын ачык айтчу.

Бирок Карнеги чындык деп кабыл алган эволюция теориясы баштан аяк чоң бир жалган жана көз бойомочулук болчу. Кийинки жылдары илим дүйнөсүндөгү өнүгүүлөр бул көз бойомолуктун чыныгы жүзүн көрсөттү. Бирок ал доордо көп адамдар сыяктуу, кээ бир ишкерлер да али бул чындыкты түшүнүшкөн эмес эле. Карнеги менен бир катага түшкөн башка ишкерлер да дарвинисттик көз-караштар натыйжасында жапайы капитализмди кабыл алышкан эле. Бул алардын көбүрөөк акча табуу үчүн таш боордук менен атаандашууну, адамдардын өмүрүнө маани бербөөнү, башкалардын жакшылыгын ойлоодон качынууну кадыресе кабыл алышына себеп болду.

Дарвинизм калпына алданган Карнеги атаандаштыкты жашоонун сөзсүз болчу бир мыйзамы деп ойлогон жана бүт жашоо философиясын бул калптын негизинде курган. “Атаандаштык мыйзамы кээ бир адамдар үчүн оор болсо да, раса үчүн эң жакшы жана мунун урматында ылайыктуулар гана өмүрүн улантат” деп айтчу.[27]

Карнегини эң алгач дарвинизм менен тааныштыргандар болсо ага Нью-Йорк университетинин бир профессорунун үйүндө жолуккан “жаңы бир “адамзат динин” издеген (калп эле) эркин жана сабаттуу ойчулдар” эле.[28] Карнегинин жакын чөйрөсүндөгү адамдардын бири болсо – Дарвинди ээрчигендердин жана социал дарвинизмдин эң алдыңкы ысымдарынын бири Герберт Спенсер эле. Спенсер көптөгөн америкалык ишкерлерге таасир берген. Ал ишкерлер ошол учурдагы шарттардын таасири менен Спенсер менен Дарвиндин бузуку көз-караштарын кабыл алышып, мунун аларды жана алар жашаган коомду кандай туңгуюкка салаарын түшүнө алышкан эмес эле.

Америка табият тарыхы музейинен антрополог жана *The Encyclopedia of Evolution* (Эволюция энциклопедиясы)нын автору Ричард Милнер (Richard Milner) ошол доордун ишкерлеринин дарвинизмдин таасиринде калышын айтып берип жатып, Карнегинин дарвинизм менен байланышына төмөнкүчө токтолгон:

... Карнеги соода жашоосунда адамды жана дүйнөнү эзген, атаандаштыкта эзип өткөн жана кылгандарын социал дарвинизм философиясы менен “кадыресе” кылып көрсөткөн, күчтүү жана таш боор бир ишкер жолунда көтөрүлдү. Ишкер атаандаштыктын алсыздарды жок кылып, коомго кызмат кылаарына ишенчү. Ишкердик жашоосунда өмүрүн уланта алгандар “ылайыктуулар эле” жана ушул себептен статуска жана сыйлыкка татыктуу болушкан. Карнеги капиталисттик этиканы бир табият мыйзамына айлантты.[29]

Карнеги жана ал сыяктуу ойлонгон ишкерлердин күчтүү жана таш боор болууну сооданын бир бөлүгү катары көрүшү абдан чоң жаңылыштык. Адамдардын күн өткөрүү, бейпил жана комфорттуу жашоо үчүн соода менен алектениши толук кадыресе (табигый) нерсе. Бирок соода кылууда башка адамдардын зыян тартышына себеп болуу, өз кызыкчылыгы үчүн башка адамдардын оор шартта калышына көз жумуу, өз күчүн арттыруу үчүн алсызыраактарды болушунча эзүүгө аракеттенүү такыр туура эмес. Аллах адамдарга бүт чөйрөдө сыяктуу соодада да чынчыл жана туура болушун, муктаждардын укуктарын коргоп, аларды колдоону буйруган. Алсыздарды эзүү менен жана ал тургай аларды толук жок кылууну максат кылуу менен коомдун кызыкчылыгын көздөдүм деп айтуу болсо чоң бир калп гана.

Карнеги кийинки жылдары да маектеринде, интервьюларында, китеп, макалаларында жана жеке каттарында дайыма дарвинист пикирлерди айткан. Тарыхчы Йозеф Ф. Уолл (Joseph F. Wall) *Andrew Carnegie* аттуу китебинде бул жөнүндө мындай дейт:

Карнеги жарыкка чыккан макала, китептеринде гана эмес, ошол учурдун ишкерлерине жазган жеке каттарында да социал дарвинисттик ишеним системасына көп жолу кайрылуу жасаган. “Эң ылайыктуунун өмүрүн улантышы”, “расанын өнүгүшү” жана “жашоо күрөшү” сыяктуу сүйлөмдөр калеминен оңой гана төгүлчү. Соодага чоң бир атаандаштык күрөшү катары баа берчү.[30]

Социал дарвинизмдин пикирлерине сугарылган адамдардын дагы бири – бул атактуу америкалык өнөр-жайчы Жон Д. Рокфеллер (John D. Rockefeller) эле. Рокфеллердин “Сооданын өсүшү – бир гана ылайыктуунун өмүрүн улантышы... бир табият мыйзамынын иштеши...”[31] деген сөзү да мунун далилдеринин бири.

Дарвинизмдин ишкердик дүйнөсүнө таасиринин эң даана мисалдарынын бирин Спенсердин Америка саякатынан көрүүгө болот. Ричард Хофштадтер (Richard Hofstadter) *Social Darwinism in American Thought* (Америка көз-карашында социал дарвинизм) аттуу китебинде муну мындайча баяндайт:

Коноктору Спенсердин ойлорундагы детальдарды толук түшүнө алышпаса да, расмий тамактар анын Кошмо Штаттарда канчалык популярдуу экенин көрсөткөн. Спенсер Англияга кайтуу үчүн кеме бортунда турганда, Карнеги менен Юманстын (Youmans) колдорун кармап, журналисттерге мындай деди: “Мына америкалык эң жакшы эки досум.” Спенсердин оюу боюнча, бул кыймыл – көңүлүндөгү жеке жакындыктын көп кайталанбаган бир көрсөткүчү эле. Бирок андан дагы, соода маданиятынын көз-карашы менен жаңы билимдин (социал дарвинизмдин) дал келүүчүлүгүн көрсөтүп жаткан.[32]

Кээ бир капиталисттердин социал дарвинизмди кабыл алышынын себептеринин бири – бул агымдын бузуку пикирлеринин бардар адамдардын мойнунан жакырлардын алдындагы жоопкерчиликти алышы эле. Ахлактык баалуулуктар сакталган коомдордо байлардын жакыр жана коргоого муктаждарды карашы, аларга жардам бериши күтүлсө, социал дарвинизмдин таш боор тажрыйбалары менен бул жакшы сапаттар жок кылууга аракет кылынган. Илимпоз Айзек Азимов (Isaac Asimov) *The Golden Door: The United States from 1876 to 1918* (Алтын эшик: 1876-жылдан 1918-жылга чейин Кошмо Штаттар) аттуу китебинде социал дарвинизмдин бул таш боор тарабы жөнүндө мындай деген:

Спенсер "эң ылайыктуу өмүрүн улантат" деген сөздү айтты, жана мисалы, 1884-жылы иштей албай турганчалык жарамсыз же болбосо коомго жүк болгон адамдарды жардам берүү объекти кылуунун ордуна, аларды өлтүрүүгө уруксат берүү керек деп жактады. Муну кылуу үчүн болсо ылайыктуу эмес индивиддерди тазалоо жана расаны күчтөндүрүү керек эле. Бул – адамзаттын эң жаман каалоолорун кадыресе көрсөтүү үчүн колдонууга мүмкүн болгон коркунучтуу бир философия эле.[33]

Жапайы капитализмди ишке ашырган ысымдар дарвинизмди колдошсо, дарвинисттер да ал адамдарды колдошкон. Мисалы, социал дарвинизмдин алдыңкы сөзмөрлөрүнөн Уильям Грэм Самнер (William Graham Sumner) миллионерлер коомдогу "эң ылайыктуу адамдар" деген догмасын айткан. Жана ушул себептен алар өзгөчө укуктарга ээ, атаандаштык жарышында табигый тандалышты деген сыяктуу логикасыз жыйынтыктарды чыгарган.[34] Философия профессору Стивен Асма (Stephen Asma) социал дарвинизм жөнүндө *The Humanist* журналындагы макаласында Спенсердин капиталисттерди колдогону жөнүндө мындай деген:

Спенсер "эң ылайыктуу өмүрүн улантат" деген сөзүн айтты, Дарвин болсо бул сөздү кабыл алып, *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинин кийинки басмаларында колдонду... Спенсердин америкалык тараптарлары болгон ишкерлер Жон Д. Рокфеллер менен Эндрю Карнегинин ою боюнча, социалдык иерархия табияттын чайпалбас жана ааламдык мыйзамдарын чагылтат эле. Табият күчтүү өмүрүн уланткан, алсыз болсо жок болгон абалда өнүгөт эле. Бул көз-караш боюнча, жашай алган экономикалык жана социалдык түзүлүштөр башкаларына салыштырмалуу "күчтүүрөөк" жана жакшыраак. Бул түзүлүштөрдүн анчалык күчтүү эместери болсо апачык жок болуп кетишти.[35]

Чынында болсо, мурда да айтып кеткендей, коомдордун алга жылышын камсыздаган негизги элемент – бул руханий баалуулуктар жана бул баалуулуктардын сакталышы. Жардамдашуу жана көмөктөшүү руху күчтүү болгон, адамдар бир-бирине сүйүү, мээрим жана урмат менен мамиле кылган коомдордо экономикалык шарттардагы кыйынчылыктар биримдик маанайы менен оңой гана ашып өтүлөт. Бирок адамдык мамилелер жоголгон, бүт адамдар башкаларды атаандашы катары гана көргөн, мээрим жана түшүнүү болбогон бир коомдо экономикалык бир өнүгүү болсо да, кыйратуучу чоң маселелер пайда болот. Ошондуктан, коомдогу бардык адамдардын бакубаттыгын жана жашоо сапатын көтөрүүчү чараларды көрүү, адамдар бир гана экономикалык эмес, руханий да коопсуздук ичинде боло турган бир чөйрөнү түзүү зарыл. Мунун болсо чыныгы дин ахлагынын жашалышы менен гана мүмкүн экени анык. Дин ахлагына туура келбеген эч бир агым менен идеология, өтмүштө жана учурда көптөгөн мисалдары менен далилденгендей, адамдар эңсеген бакубаттык, бейпилдик жана коопсуздукту эч камсыз кыла алышпайт.

## Социал дарвинизм менен динсиздиктин орток жемиши: жапайы капиталисттик түзүлүш

Бул жерге чейин айтылгандардан көрүнүп тургандай, 19-кылымда пайда болгон таш боор капиталисттер иш-аракеттерин дарвинизмге таяшкан. Күчтүү менен байлардын гана жашоого акысы бар деген, жакырлар, алсыздар, майыптар, оорулуулар "ишке жараксыз жүктөр" жана ошондуктан мүмкүн болушунча эзилиши керек деп жактаган дарвинист капиталисттер 19-кылымдан баштап көп өлкөлөрдө заалым система курушкан. Мындай таш боор атаандаштык чөйрөсүндө адамдарды эзүү, сиңирүү, коркутуу, жаралоо, ал тургай өлтүрүү да "кадыресе" кабыл алынып, ар түрдүү ахлаксыз жана мыйзамсыз иш-аракет "табияттын мыйзамдарына ылайык" деп саналгандыктан, андан кайтаруу жана аны сындоо болгон эмес.

Бул система учурда да дин ахлагы жашалбаган көп өлкөлөрдө уланууда. Бай менен кедейдин арасындагы айырма барган сайын чоң ылдамдык менен өсүп бараткан бул өлкөлөрдө муктаж адамдардын шарттары көрмөксөндүк кылынууда. Социал дарвинизмдин жалган пикирлери боюнча, жакырларды коргоо жана кароо табият мыйзамдарына терс кабыл алынгандыктан жана бул адамдар коомго жүк катары көрүлгөндүктөн, кыйналгандар менен кедейлерге жардам колу сунулбоодо.

Бир өлкө ичиндеги адамдардын бакубаттык деңгээлдеринде эле эмес, өлкөлөр арасы бакубаттык деңгээлинде да чоң айырмачылыктар бар. Өзгөчө Батыш өлкөлөрүндө бакубаттык деңгээли барган сайын өсүп баратса, көптөгөн Үчүнчү дүйнө өлкөлөрүндө ачарчылык, оору, кырсыктар менен жакырлык уланып, адамдар кароосуздуктан жана ачтыктан өлүшүүдө. Чынында болсо, акыл жана абийир менен колдонулса, дүйнөнүн ресурстары бүт адамдарга бакубаттык берүүгө жетишээрлик даражада көп.

Дүйнө ресурстарынын адилеттүү колдонулушу, кедей жана кароого муктаждардын, ачарчылык жана кедейчиликте ташталгандардын адамдык шарттарда жашашынын камсыздалышы үчүн дарвинизмдин бүт дүйнөдөгү пикирдик таасири жок кылынышы шарт. Дарвинисттик көз-караш менен түшүнүктүн ордун Куран ахлагын сиңирген бир түшүнүк ээлегенде, мындай маселелер өзүнөн-өзү чечилет. Себеби социал дарвинизм алсыздардын эзилишин, "чоңдордун кичинелерди жутушун", айоосуз атаандашууну адамдарга сиңирсе, дин ахлагында болсо мээрим, коргоо, жардамдашуу, көмөктөшүү, бөлүшүү бар. Мисалы, Пайгамбар Мырзабыз (сав) бир хадисинде "Жанындагы кошунасы ач жатканда, ток абалда түнөгөн адам (толук) момун (ыймандуу) эмес" деп айткан.[36] Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын бул хикматтуу сөздөрү – Мусулмандардын боорукердик жана мээриминин көрсөткүчтөрүнүн бири.

Аллах көп аяттарында адамдарга сүйүү, мээрим, боорукердик жана башкаларга жакшылык кылууну буйруп, Мусулмандардын сонун мүнөздөрүнөн өрнөктөр көрсөткөн. Социал дарвинизмде бай, бардарлардын кедейлерди жана муктаждарды эзиши, аларды тебелеп көтөрүлүү сыяктуу бир зулумдук турса, Ислам ахлагында байлардын муктаждарды коргошу буйрук кылынган. Раббибиз бул жөнүндө билдирген аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Силердин араңардагы пазилет (илим) ээлери жана бай-бардар жашагандар туугандарына, мискиндерге (жакырларга) жана Аллах жолунда хижрат кылган (көчкөн) кишилерге (садака) бербейм деп ант ичпесин. Тескерисинче, (аларды) кечирсин жана айыбынан өтсүн... (Нур Сүрөсү, 22)**

**Сенден эмнени садака кылууну сурашат. Айткын: "Жакшылык катары садака кыла турганыңар ата-энеге, жакындарга, жетимдерге, жакырларга жана жолдо калгандарга... (Бакара Сүрөсү, 215)**

**... Эми булардан жегиле жана кыйынчылык тарткан жакырларды да тойгузгула. (Хаж Сүрөсү, 28)**

**Алар намаздарында бекем. Жана алардын мал-мүлкүндө белгилүү бир акы бар: жакыр жана кедей(лер) үчүн. (Меариж Сүрөсү, 23-25)**

**Өздөрү аны жактырышса да, тамакты кедейге, жетимге жана туткунга жедиришет. "Биз силерди Аллахтын Жүзү (ыраазычылыгы) үчүн тамактандыруудабыз. Биз силерден (эч кандай) акы жана алкыш сурабайбыз. Биз Раббибизден (жана жүрөктү) сыга турган оор күндөн (кыяматтан) коркобуз.» (Инсан Сүрөсү, 8-10)**

Аллах Куранда жакырга жана алсызга жардам бербегендердин тозокко түшөөрүн да билдирүүдө:

**Кылмышкер-күнөөкөрлөрдү; "Силерди ушул тозокко айдап-түрткөн эмне?"**
**Алар: "Биз намаз кылгандардан эмес элек" дешти.**
**"Кедейди тамактандырчу эмеспиз." (Мүдессир Сүрөсү, 41-44)**

**Андан кийин аны узундугу жетимиш арш болгон бир чынжырга байлап ал жакка киргизгиле. Себеби, ал улуу Аллахка ыйман келтирген эмес. Кедейге тамак берүүгө чакырбайт эле. Ошондуктан, бүгүн ага эч кандай жакын дос жок. (Хакка Сүрөсү, 32-35)**

Мобул маанилүү чындыкты да унутпаш керек: бүт адамдарга байлык жана ийгилик берген – бул бүт мүлктүн жана бүт ааламдын ээси болгон Улуу Аллах. Бир адам "жашоо күрөшүндө" өлөөрчө атаандашып, алсыздарды эзип күчтөнгөнү үчүн бай болбойт. Ар бир адамга бардык мал-мүлктү Аллах берген. Аллах байлыкты адамдар арасында аларды сыноо үчүн бөлүштүрүүдө. Бай бир адам чынында бул мал-мүлкү менен сыналууда. Аллах бир аятында бул чындыкты мындайча билдирет:

**Албетте, Биз жер бетиндегилерди ага бир кооздук кылдык; алардын кайсысынын жакшыраак иш-аракет кылаарын сыноо үчүн. (Кехф Сүрөсү, 7)**

Демек, адамдын милдети – бул Аллах ага бир немат катары берген бардык мүмкүнчүлүктөрдү Аллах андан ыраазы боло тургандай кылып пайдалануу. Чын ыкластан ыйман келтирген бир адам колундагы бардык мүмкүнчүлүгүнүн Аллахтын бир берешендиги экенин, Раббибиз кааласа колундагы бүт нерсени андан алышы, же кааласа андан да бир топ көбүн бериши мүмкүн экенин билиши зарыл.

# Социалдык дарвинизм жана корголгон расалар калпы

Дүйнө тарыхынын көп доорлорунда расист (улутчул) коомдорду, башкаруучуларды жана тажрыйбаларды көрүүгө болот. Бирок расизмге алгачкы жолу илимий бир негиз түзгөн киши Дарвин болгон. Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинин подтемасы *The Preservation of Favored Races in the Struggle for Life* (Жашоо күрөшүндө өзгөчө расалардын корголушу) эле. Дарвиндин "өзгөчө расалардын корголушу" жөнүндө жазгандары жана өзгөчө *Адамдын келип чыгышы* китебиндеги илимге сыйбас догмалары немецтердин арий расасы, англиялыктардын болсо англо-саксондор жогорку раса деген жаңылыштыгына негиз болгон. Мындан тышкары, Дарвиндин табигый тандалуу теориясы катуу бир жашоо күрөшүнөн сөз кылган. Бул "жунгли мыйзамы" адамзат коомуна колдонулганда, расалар жана улуттар аралык карама-каршылык жана согуштардын чыгышы сөзсүз эле. Чындап эле ошондой болду. Расист жана согушчаак башкаруучулардан философторго, саясатчылардан илимпоздорго чейин доордун алдыңкыларынын көпчүлүгү Дарвиндин теориясын жактады. Түндүк Каролина (North Carolina) университетинин Тарых бөлүмүнөн Проф. Карл А. Шлейнес (Karl A. Schleunes) *The Twisted Road to Auschwitz* (Аушвицке баруучу кыйыр жол) аттуу китебинде расисттердин Дарвиндин теориясын заматта кабыл алышканын мындайча айтып берет:

Дарвиндин жашоону улантуу күрөшү деген көз-карашы расисттер тарабынан заматта кабыл алынды... Эң акыркы (калп бир) илимий көз-караштар кадыресе кылган мындай бир күрөш расисттер жактаган жогорку жана төмөнкү адам түшүнүгүнүн туура экенин далилдеди... жана алардын арасындагы күрөштү жарамдуу кылды.[37]

Шлейнес китебинде сөз кылган "Дарвиндин теориясынын расисттердин адам класстары жөнүндөгү көз-караштарын тастыкташы" албетте расисттердин көз-карашын чагылдырат. Расисттик көз-караштарды жактагандар Дарвин айткан догмалар менен бузуку көз-караштарына өз ойлорунда илимий бир таяныч таптык деп ойлошкон. Чынында болсо, Дарвиндин догмалары эч илимий негизге таянбаган сыяктуу, кыска убакыт ичинде теориянын жараксыздыгынын түздөн-түз илим тарабынан ортого коюлушу расисттердин жана Дарвиндин караңгы көз-караштарын негиз туткан дагы көптөгөн агымдын адашып жүргөнүн көрсөткөн.

20-кылымда Дарвинизмден алган колдоо менен расизмди эң күчтүү ишке ашырган күч, албетте, фашисттик Германия болду. Бирок "илимий" расизм бир гана Германияда өнүккөн жок. Эң башта Англия жана Америка болуп көптөгөн өлкөлөрдө расисттик көз-караштагы башкаруучу жана интеллектуалдардын саны барган сайын өсүп баратканда, бир жактан расисттик мыйзам жана жөнгө салуулар көбөйдү.

19-кылымда жана 20-кылымдын баштарында эволюционисттердин дээрлик баары расисттик көз-карашта эле. Көптөгөн илимпоздор расисттик көз-караштарын апачык жактоодон тартынышчу эмес. Ал доордо жазылган китептер менен макалалар мунун эң ачык мисалдары. Түштүк Иллинойс (Southern Illinois) университетинин тарых профессору Жон С. Халлер (John S. Haller) *Outcasts from Evolution: Scientific Attitudes of Racial Inferiority* (Эволюциядан калып калгандар: расисттик басмырлоого илимий көз-караш) аттуу китебинде 19-кылымда эволюционисттердин баарынын ак раса (европеид) жогору

жана башка расалар болсо төмөн раса деген калпка ишенишкенин айтат. *Scientific American* журналында бул китеп жөнүндө жазылган бир макалада мындай деп айтылат:

Бул көп убакыттан бери ал жөнүндө күмөндөр бар бир теманы далилдендирген абдан маанилүү бир китеп: Түндүк Америкалык илимпоздор 19-кылым бою (жана 20-кылымда да) тереңден жана катуу, дээрлик бир ооздон кабыл алган расизм... Али башынан эле, Африка тамырлуу америкалыктарга бул интеллектуалдар тарабынан кээ бир тараптардан оңдоого, өзгөртүүгө мүмкүн эмес жана сөзсүз төмөн адамдар катары баа берилген.[38]

*Science* журналында жарык көргөн бир макалада болсо дал китептегидей кээ бир догмалар жөнүндө мындай жоромол жасалган:

Виктория доорунда жаңы нерсе Дарвинизм эле... 1859-жылдан мурда көптөгөн илимпоздор каралар менен актар бир түрдөнбү деп ой жүгүртүшчү. 1859-жылдан кийин эволюциялык план -өзгөчө Африкалык Америкалыктардын актар менен болгон жакын мамилелериндеги күрөштөрүндө жашоосун улантып уланта албашы сыяктуу- жаңы суроолордун пайда болушуна себеп болду. Абдан маанилүү бир жооп бүт тараптан келген бир “жок” эле... Африкалык төмөн эле, себеби маймылдар менен тевтондор арасындагы “ортоңку звенону” түзгөн.[39]

Албетте, бул толугу менен жалган бир догма. Адамдардын терилеринин ар түрдүү түстө болушу, ар түрдүү раса же этникалык тамырга тиешелүү болушу бирөөнү башкадан жогору же алсыз кылган бир жагдай эмес. 19-кылымда бул жаңылыштыктын таркашынын негизги себептеринин бири – ал доордун өнүкпөгөн илимий шарттары себебинен көпчүлүктүн караңгы болушу эле.

19- жана 20-кылымдын расисттик көз-караштары менен таанылган илимпоздоруна бериле турган дагы бир мисал – бул Принстон университетинен америкалык биолог Эдвин Г. Конклин (Edwin G. Conklin). Конклин башка расист дарвинисттер сыяктуу бузуку пикирлерин апачык айтуудан тартынган эмес:

Кандайдыр бир заманбап расаны неандерталец же гейдельберг менен салыштыруу муну көрсөтөт... Африкалык расалар ак жана сары расалардан абдан оригиналдуу расага (маймыл сымал аталарга) окшошууда. Ар бир фактор ак расанын жогорулугуна ишенгендерди расанын тазалыгын коргоо, башкалардан айырмасын күчөтүү жана улантуу үчүн аракет кылууга багытташы зарыл.[40]

Оксфорд университетинин палеонтология жана геология профессору Уильям Соллас (William Sollas) болсо 1911-жылы жарыкка чыккан *Ancient Hunters* (Байыркы аңчылар) аттуу китебинде расисттик көз-караштарын мындайча билдирген:

Адилеттүүлүк күчтүүнүн колунда жана ар бир расага күчүнө жараша бөлүштүрүлгөн. Бир жерди басып алуу үчүн алдыңкылык маанисине келбесе да, ал жерде укук талап кылууну күч колдонуу камсыздайт. Ошондуктан, колдогу бардык жолду колдонуп, күчтү көбөйтүүгө аракет кылуу – ар бир расанын сыяктуу эле адамзат урпагынын да өзүнө болгон милдети. Илимде, тарбияда, коргонуу тармактарында болсун органикалык дүйнөнүн күчтүү, бирок берешен өкүмдары болгон табигый тандалуунун муну ылдам жана аягына чейин ишке ашырбашы бир жаза, түздөн-түз бул милдеттин аткарылбаганы болот.[41]

Муну айта кетүү керек: адилеттүүлүк күчтүүгө тиешелүү деп айтуу – коомдук жана коомдор арасы чоң хаосторго жол ача турган олуттуу бир ката. Адилеттүүлүк, шарттар кандай гана болбосун, түсүнө, тилине жана жынысына карабастан бүт адамдар тең пайдалана турган бир түшүнүк. Чыныгы

адилеттүүлүк да ушул. Дарвинист расисттер айткан “адилеттүүлүк бир гана күчтүүлөргө тиешелүү” деген догма эч чындыкка коошпогон бир адилетсиздик. Ошондой эле муну да унутпаш керек: ар бир адам өзү жана жашаган коому үчүн бүт нерсенин жакшыраагына, коозураагына, сапаттуураагына жетүүнү каалашы мүмкүн. Бул үчүн аракет да кылышы мүмкүн. Бирок муну кылып жатканда, башкаларга зыян тийгизүү такыр туура эмес. Мунун тескерисин жактоо акылга да, абийирге да карама-каршы келет.

Кийинки жылдары да расист эмеспиз деп айткан эволюционисттердин да жазууларында – эволюцияга болгон ишенимдеринин табигый бир натыйжасы катары- расисттик көз-караштар кездешет. Булардын бири эволюционист палеонтолог Жорж Гейлорд Симпсон (George Gaylord Simpson), канчалык аны расист дегендерге каршы чыкса да, *Science* журналында жарык көргөн бир макаласында эволюция натыйжасында расалык айырмалар пайда болгонун жана кээ бир расалардын башкаларга караганда өнүккөн же примитивдик (өнүкпөгөн) экенин жактаган:

Эволюция ар кайсы коомдордо ар башка ылдамдыкта жүрөт. Ушул себептен көптөгөн айбан тобунда кээ бир түрлөр жайыраак эволюциялашат. Ошондуктан бул түрлөр учурда кээ бир өзгөчөлүктөрү жана ал тургай жалпы түзүлүштөрү жагынан примитивдүүрөөк. Көптөр сурагандай, адам расалары арасында, ошол сыяктуу, бир тараптан же жалпысынан, примитивдүүлөр барбы деген суроону узатуу табигый нерсе. Негизи бир расада бир өзгөчөлүктүн башкасына салыштырмалуу өнүккөн же примитивдүүрөөк экенин көрүүгө болот.[42]

Симпсон тарабынан айтылган бул негизсиз көз-караш эч илимий таянычы болбосо да, ар кайсы чөйрөлөр тарабынан идеологиялык максаттарда кабыл алынды. Ал доордун башка илимпоздору да жазууларында, сөздөрүндө жана китептеринде эволюция теориясынын илимге сыйбас догмаларын жактап жатканда, бир тараптан да расизмди колдошкон. 20-кылымдын биринчи жарымынын алдыңкы расист жана эволюционист антропологдорунан жана ошол учурдун Америка табигый тарых музейинин башчысы Генри Фейрфилд Осборн (Henry Fairfield Osborn) болсо "The Evolution of Human Races" (Адам расаларынын эволюциясы) темалуу макаласында расаларды салыштырып, эч бир илимий далилге таянбаган бир катар жыйынтыктарын айткан:

Орточо жетилген бир африкалыктын мээ стандарты хомо сапиенс (адам) түрүнө тиешелүү он бир жаштагы бир жаш балага окшош.[43]

Бул илимпоздордун сөздөрүнөн да көрүнгөндөй, 19- жана 20-кылымда эволюционист илимпоздор көбүнчө расист эле жана бул бузуку көз-караштардын коркунучу көрмөксөндүк менен кабыл алынчу. Америкалык илимпоз Жеймс Фергюсон (James Ferguson) 19-кылымда башталган калп илимий эволюциялык расизмдин дүйнөдөгү кыйратуучу таасири жөнүндө мындай дейт:

19-кылым Европасында раса түшүнүгү өнүккөн гуманитардык илимдер үчүн кооптонуу жараткан... Алгачкы физикалык антропологдор 1930-жылдары Германияда жана учурда Түштүк Африкада салттык расизмди тутанткан –арий жогорулугу- түшүнүгүнүн өнүгүшүнө көмөкчү болушту.[44]

Эволюционист Стивен Жей Гоулд (Stephen Jay Gould) болсо бир макаласында эволюционист антропологдордун расисттик пикирлери жөнүндө мындай дейт:

Расаларга аныктама жана баа берүү жөнүндөгү амбициясына баа бермейинче... 19-кылымдын аягы жана 20-кылымдын башындагы антропология тарыхын толук түшүнө албайбыз.[45]

Эволюция теориясы “илимий жарактуу” болушу менен, 19- жана 20-кылымдын илимпоздору эч тартынбастан жана кооптонбостон, “төмөн” расалар, адамдардан көбүрөөк маймылдарга жакын расалар деген сыяктуу ойдон чыгарылган түшүнүктөр жөнүндө сөз кыла алышкан. Гитлер сыяктуу заалым расист диктаторлор болсо мындай шартты мүмкүнчүлүк деп ойлоп, миллиондогон адамдарды өз оюнда “төмөн”, “жетишсиз”, “кемчиликтүү”, “оорулуу” болгону үчүн өлтүрүштү.

## Дарвин да расист эле

20-кылым расизмдин таш боордугуна жана мээримсиздигине көп жолу күбө болгондуктан, учурда эволюционисттердин көпчүлүгү 19-кылымдын эволюционисттеринин тескерисинче расизмге каршыбыз дешет. Дарвиндин атын да расизм догмаларынан өз ойлорунда тазалоого аракеттенишет. Дарвин жөнүндөгү макалалардын көпчүлүгүндө Дарвинди калп эле кулчулукка каршы чыккан, жумшак, жакшы ниеттүү, мээримдүү бир адам болгон деп көрсөтүү үчүн атайын аракет кылынганы байкалат. Чынында болсо Дарвин чыныгы мааниде расист, жана табигый тандалуу теориясы адамдар арасында расалык бөлүнүүгө жана расалар арасындагы карама-каршылыкка илимий бир негиз деген жалганга ишенет. Дарвиндин китептеринде, кээ бир каттарында жана жеке күндөлүктөрүндө расист экенин көрсөткөн ачык сөздөрү бар. 19-кылымдын эволюционисттеринин дээрлик баарынын расист болушунун эң негизги себептеринин бири – бул алардын пикирдик башчысы болгон Дарвиндин да расисттик көз-караштарда болгондугу. Мисалы, Дарвин *Адамдын келип чыгышы* аттуу китебинде африкалыктар менен аборигендер сыяктуу кээ бир расалар “төмөн расалар” жана жашоо күрөшүндө келечекте эленип, жок болот деген:

Балким кылымдарга созулбаган жакынкы бир келечекте маданий адам расалары жапайы расаларды толугу менен жер бетинен жок кылат жана алардын ордун ээлешет. Башка тараптан, адам сымал маймылдар да, албетте, жок кылынышат. Натыйжада адам менен эң жакын туугандары арасындагы боштук андан да чоңойот. Мунун урматында азыркы Европалык расалардан да маданий расалар менен азыркы африкалыктардан, австралиялык жергиликтүүлөрдөн жана гориллалардан да артта калган бабуин сыяктуу маймылдар калат.[46]

Дарвин бул сөздөрүндө кээ бир расаларды гориллаларга теңеп, “маданий адам расалары” “жапайы расаларды” жок кылып, аларды жер бетинен толугу менен өчүрөт деген. Т.а. Дарвин жакынкы келечекте боло турган геноцид, расалар кыргыны жөнүндө сөз кылууда. Чындап эле Дарвиндин мындай балакеттүү “божомолдору” ишке ашып, эволюция теориясын “илимий” бир колдоо катары көргөн расисттер 20-кылымда чоң кыргындарды жасашты. Фашисттердин Экинчи дүйнөлүк согушта болжол менен 40 миллион адамды өлтүрүшү, Түштүк Африкадагы апартеид системасы (Түштүк Африка өкмөтү тарабынан жасалган Европалык расалардын башкаларга караганда өзгөчө болуу системасы), Европада Түрктөргө жана башка чет элдиктерге болгон расисттик кол салуулар, АКШда африкалыктарга, Австралияда болсо аборигендерге карата расисттик дискриминация (бөлүүчүлүк), Европанын көп өлкөсүндө бат бат жогорулап турган нео-фашисттик кыймылдар, булардын баары дарвинизмдин расизмге берген калп “илимий” колдоосун колдонуп күчтөнүшкөн. (Фашизм, расизм жана дарвинизмдин байланышы жөнүндө тереңирээк маалымат үчүн караңыз. Harun Yahya, *Darwinizm'in Kanlı İdeolojisi: Faşizm (Дарвинизмдин кандуу идеологиясы: фашизм)*, Vural Yayıncılık, Mayıs 2001)

Дарвиндин расисттик сөздөрү булар менен эле чектелбейт. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы*нан мурда чыккан *The Voyage of the Beagle* (Beagle'дын сапары) аттуу китебинде Beagle аттуу кеме менен сапарда жүргөндө, кез келген Tierra del Fuego жергиликтүүлөрү жөнүндө аз өнүккөн, артта калган бир адам расасы катары сөз кылып, мындай деген:

Бул шексиз, өмүрүмдөгү мен көргөн эң кызыктай жана эң кызыктуу көрүнүш эле (Tierre del Feugo жергиликтүүлөрүн биринчи жолу көрүү). Бир жапайы менен маданий адам арасындагы айырманын мынчалык чоң болооруна ишенмек эмесмин. Айырма – жапайы бир айбан менен үйдө багылган бир айбан арасындагы айырмадан бир топ чоң. Бүт дүйнө тинтилсе, мындан төмөн бир адам табылбайт деп ишенем.[47]

Дарвин өз оюнда “варвар” деп атаган Патагония жергиликтүүлөрүн болсо мындайча сүрөттөйт:

... Балким эч нерсе адамды бир варварды өз ийининде көрүүчөлүк таң калтыра албайт – бул адамдын эң төмөнкү жана эң жапайы абалы. Адамдын акылы өтмүш кылымдарды көздөй барат жана анан сурайт, аталарыбыз ушулар сыяктуу адамдар болушу мүмкүнбү? Кыймылдары жана сөздөрү колго үйрөтүлгөн айбандардан азыраак түшүнүктүү эле... Жапайы менен маданий адам арасындагы айырманы сүрөттөп, түшүндүрүү мүмкүн эмес деп ойлойм.[48]

Дарвин бир катында болсо жаңы Tierre del Feugo жергиликтүүлөрү жөнүндө мындай деген:

Tierra del Feugo'до жылаңач, бойолгон, тир-тир титиреген жана көрүнүшү адамды шок кылган жапайы адамды алгач көргөнүмдө, аталарым аздыр-көптүр ушуларга окшош жандыктар болсо керек деп ойлодум. Ошондо бул мага абдан жийиркеничтүү сезилген. Ал тургай, бул мага азыркы ишенимим болгон салыштырууга мүмкүн болбогондой алыс аталарымдын түктүү жапайы айбандар болгону жөнүндөгү пикиримден да жийиркеничтүү сезилген. Маймылдар таза жүрөктүү айбандар. (Дарвиндин Чарльз Кингслиге каты)[49]

Бул сөздөрдүн баары Дарвиндин расисттигинин маанилүү көрсөткүчтөрү. Дарвин кээ бир адам расаларын болушунча басмырлап, маймылдарды “таза жүрөктүү айбандар” деген сөзү менен адамдаштырып, мактаган. Дарвиндин расисттигин көрсөткөн булар эле эмес; ал “төмөн” расалар жок кылынышы зарыл, бул табигый тандалуунун бир натыйжасы жана маданияттын өнүгүшүнө чоң салым кошот деп ачык жактаган. Дарвин мындай акылсыз жана абийирсиз ойлорун 1881-жылы июльда У. Грэхем аттуу бир илимпозго жазган катында мындайча билдирген:

Табигый тандалууга таянган уруштун маданияттын алга жылышына сиз ойлогондон көп пайда берээрин жана берип жатканын далилдей алам. Ойлоп көрүңүз, бир канча кылым мурда Европа Түрктөр тарабынан басып алынганда, Европа расалары кандай чоң риск астында калышкан эле, бирок учурда Европанын Түрктөр тарабынан басып алынышы бизге канчалык күлкүмүштүү сезилүүдө. Европа расалары катары белгилүү болгон маданий расалар жашоо күрөшүндө Түрк варвардыгын жеңген. Дүйнөнүн жакынкы бир келечегин караганымда, мындай төмөн расалардын көпчүлүгүнүн маданиятташкан жогорку расалар тарабынан жок кылынаарын көрүп жатам.”[50]

Көрүнүп тургандай, Дарвиндин расисттик келесоолуктары жогорку ахлактуу жана даңктуу бир тарыхы бар Түрк калкына чейин жеткен. (Дарвиндин Түрк калкы жөнүндөгү негизсиз жана душмандык сөздөрүнүн тарыхый жана илимий жактан кандайча кыйратылганын Харун Яхьянын *Evrim Teorisinin Irkçı Yüzü: Darwin'in Türk Düşmanlığı (Эволюция теориясынын расисттик жүзү: Дарвиндин Түрк душмандыгы)* аттуу китебинен окуй аласыз. Kültür Yayıncılık, İstanbul, Ekim 2001)

Дарвин өзүнүн бузуку ойлорунда “төмөн раса” катары көргөн калктардын жок кылынышын божомолдоо менен, бир тараптан, эволюция теориясынын расизмге болгон колдоосун көрсөтсө, экинчи тараптан, 20-кылымда ишке ашчу расалык согуштардын, кыргындардын, геноциддердин калп “илимий” негизин түзгөн эле.

Эволюционисттер Дарвиндин атынын расизм менен бирге эскерилишине тоскоол болуу үчүн болгон аракетин кылышса да, Гарвард университетинен Стивен Жей Гоулд *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебине шилтеме жасоо менен Дарвиндин расизмди колдогонун кабыл алууда:

1859-жылдан мурун расизм жөнүндө биологиялык талаштар кездешиши мүмкүн, бирок эволюция теориясынын кабыл алынышы менен мындай талаштар абдан маанилүү болуп көбөйдү.[51]

Бир эле Дарвин эмес, Томас Гексли (Thomas Huxley) сыяктуу эволюция теориясынын эң алдыңкы жактоочулары да расист эле. Гексли Америка жарандык согушунан кыска убакыттан соң, африкалык кулдар эгемендикке жеткен соң мындай деп жазган:

Айланабыздагы окуяларды байкаган логикасы бар эч бир адам орточо бир африкалыктын ак адамга тең же андан бир аз төмөн экенине ишенбейт. Бул жетишсиздиктердин баары чыгарылганда, ээги узун туугандарыбыз -өзгөчө мамиле жана заалымдык болбогон теңдеш бир чөйрөдө, тиштөөлөр эмес ойлор колдонулган бир жарыштабыз деп элестетсек- чоң мээлүү жана кичине ээктүү атаандашына каршы ийгиликтүү күрөшө алат деп ойлоо чынында акылга сыйбас бир пикир.[52]

Гексли өз оюнда африкалыктар расасы жөнүндө адамдар эмес, айбандардан сөз кылгандай сөз кылып, африкалыктар акыл жарышында сөзсүз артта калат деген негизсиз жана көп жолу тескериси далилденген бир догманы айтууда. Бул дагы эволюция теориясынын чыныгы жүзүн көрсөтүшү жагынан абдан маанилүү.

1800-жылдардын ортолорунда эволюция теориясы менен бирге ортого коюлган расизм уруктары 1900-жылдардын ортолоруна жакын чыныгы натыйжаларын берип баштады. Эң күчтүүсү Германияда национал-социализм менен бирге пайда болду. Дарвиндин замандашы жана эволюция теориясынын күчтүү бир жактоочусу Фридрих Ницше (Friedrich Nietzsche) Германияда “супер адам” жана “мырза раса” сыяктуу негизсиз түшүнүктөрдү популярдуу кылды. Фашизм болсо сөзсүз болчу бир натыйжа эле. Гитлер менен фашисттер Дарвиндин жунгли мыйзамын улуттук саясатка айлантышты жана 40 миллион адамдын өлүмүнө себеп болушту. (Бул “Дарвин-фашизм коалициясынын натыйжасы: 40 миллион өлүк” аттуу бөлүмдө терең каралат.)

## Генетикалык жактан адамдар арасында расалык айырма жок

Өзгөчө акыркы 10 жылда генетика илиминде алынган ачылыштар биологиялык жактан адамдар арасында расалык айырмачылыктар жок экенин ортого койду. Илимпоздордун көпчүлүгү болсо бул боюнча бир пикирде. Мисалы, Атлантада уюштурулган Илимдин өнүгүшү конгрессинде (Advancement of Science Convention) илимпоздор мындай билдирүү жасашты:

Раса – тарыхта калган окуялар менен шарттандырылган сезимдерибиздин натыйжасы болгон социалдык бир жомок. Эч кандай биологиялык чындыгы жок.[53]

Генетикалык изилдөөлөрдө расалар арасындагы генетикалык айырмачылыктардын абдан аз экени, гендерди кароо менен расаларды айырмалоо мүмкүн эмес экени аныкталды. Бул жөнүндө изилдөө

жасаган илимпоздор бир топтогу адамдар арасында да генетикалык жактан 0,2% айырма бар дешет. Расалык айырмачылыктарды аныктаган теринин өңү, көздүн формасы сыяктуу өзгөчөлүктөр болсо бул 0,2%дын 6%ын гана түзөт. Бул болсо генетикалык жактан расалар арасында болгону 0,012%дык бир айырма бар дегенди билдирет.[54] Башкача айтканда, расалык айырмачылыктар эч маанисиз деп айтууга мүмкүн болгончолук аз.

*New York Times* гезитинин 2000-ж. 22-августундагы санында Натали Ангир (Natalie Angier) колу менен жарык көргөн "Do Races Differ? Not Really, DNA Shows" (Расалар айырмалуубу? ДНК көрсөткөндөй көп эмес) темалуу макалада бул акыркы ачылыштар кыскача мындай баяндалган:

Илимпоздор көп жылдар бою коом тарабынан кабыл алынган расалык категориялардын генетикалык деңгээлде байкалбаганынан шектеништи.

Бирок, изилдөөчүлөр –адам денесинин- дээрлик ар бир клеткасынын жүрөгүндө сакталган жана генетикалык материалдын толуктоочусу болгон адам геномун тереңирээк изилдеген сайын, адамдарды “раса” аркылуу бир-биринен айырмалоо үчүн колдонулган стандарттык этикеткалардын абдан аз же эч кандай биологиялык мааниси жок экенине ынанышты.

Биринчи караганда бир адамдын Кавказдык, Африкалык же Азиялык экенин айтуу оңой, бирок анын түпкүрүндөгү өзгөчөлүктөргө түшкөндө жана геном “расанын” ДНК өзгөчөлүктөрү үчүн изилденгенде, мындай жеңилдик жоголот дешүүдө.[55]

Адам геному долбоорун ишке ашырып жаткан Celera Genomics фирмасынын башчысы Ж. Крейг Вентер (J. Craig Venter) да раса илимий эмес, социалдык бир түшүнүк деп айтууда.[56] Др. Вентер жана National Institutes of Health'де иштеген илимпоздор адам геномунун бүт тизмегинин долбоорун чогултканын жана бир гана адам расасы бар деген жыйынтыкка барышканын айтышууда.

Manhattan North General Hospital'дын башчысы Др. Гарольд П. Фриман (Dr. Harold P. Freeman) болсо биология жана раса жөнүндөгү изилдөөлөрүнүн жыйынтыгын кыскача минтип айткан:

Раса жөнүндө сөз кылганыбызда, гендерибиздин канча пайызы сырткы көрүнүшүбүзгө чагылат деп сурасаңыз, мунун жообу 0,01% тегерегинде болот. Бул генетикалык түзүлүшүңүздүн абдан төмөн деңгээлдеги бир чагылуусу.[57]

Ушундай эле жыйынтыкка барган илимпоздордун дагы бири – бул Вашингтон университетинен биология профессору Алан Р. Темплтон (Alan R. Templeton). Темплтон ар түрдүү элдерден адамдардын ДНКларын анализ кылган. Анализдер натыйжасында адам түрүндө көптөгөн генетикалык вариация бар экенин, бирок бул вариациялардын көпчүлүгүнүн жекече экенин байкаган. Элдер арасында кээ бир вариациялар болгону менен, бул вариациялардык абдан төмөн экенин аныктаган. Темплтон алган жыйынтыктарын –эволюцияга болгон стереотиптүү ишенимин коргоо менен- мындайча айткан:

**Раса** – коомдо маданий, саясий жана экономикалык бир түшүнүк, **бирок биологиялык бир түшүнүк эмес**. Бирок көп адамдар –генетикалык айырмачылыктар- адам расасынын маңызы деген сыяктуу туура эмес бир ойдо... Мен темага бир аз объективдүүлүк кошкум келди. Бул болушунча тарапсыз анализ жыйынтыгы боюнча, адамзаттын бир-биринен чындап ар түрдүү астыңкы топторго бөлүнүшү деген нерсе мүмкүн эмес.[58]

Темплтондун жыйынтыктары боюнча, Европалыктар менен Төмөн сахаралык африкалыктар арасында жана Европалыктар менен Меланезиялыктар (Түндүк чыгыш Австралия аралдарынын жээктери) арасындагы генетикалык окшоштук Африкалыктар менен Меланезиялыктар арасындагылан

көбүрөөк. Бирок Төмөн сахаралык африкалыктар менен Меланезиялыктар кара түстүү болушу, чачтарынын түрү, башы жана бетинин формасы жагынан бир-бирине көбүрөөк окшошот. Булар бир расаны айырмалоодогу өзгөчөлүктөр, бирок генетикалык жактан бул адамдар бир-бирине аз окшошушат. Темплтон, бул ачылыш көрсөткөндөй, "расалык өзгөчөлүктөр" гендерде көрүнбөйт дейт.[59]

Популяция генетиктери Luca Cavalli-Sforza, Paolo Menozzi жана Alberto Piazza тарабынан жазылган *Адам гендеринин тарыхы жана географиясы* аттуу китепте болсо төмөнкүдөй жыйынтыкка барылган:

Бой же теринин түсү сыяктуу тышкы өзгөчөлүктөрдөн жооптуу болгон гендер эске алынбаса, адам "расалары" терилеринин астында абдан окшош. Жеке адамдар арасындагы айырмачылыктар топтор арасындагы айырмачылыктардан бир топ чоң.[60]

Китеп жөнүндө бир анализ орун алган *Time* журналында болсо бул жөнүндө төмөнкүлөр айтылган:

Негизи жеке адамдар арасындагы айырмачылыктар ушунчалык чоң болгондуктан, раса түшүнүгүнүн баары генетикалык деңгээлде маанисиз болуп калууда. Авторитеттүү окумуштуулар кандайдыр бир популяциянын башкасынан генетикалык жогорулугунун тузагын курган теориялардын "эч кандай илимий негизи" жок экенин айтышууда. Кыйынчылыктарга карабастан, илимпоздор жомок кыйратуучу бир катар ачылыштарды жасашты. Булардын бири китептин сыртында орун алган: дүйнөнүн генетикалык ар түрдүүлүгүнүн түстүү картасында, тизменин бир учунда Африка бар, берки учунда болсо Австралия. Австралиялык аборигендер менен орто-сахаралык африкалыктардын терисинин өңү жана дене түзүлүшү сыяктуу тышкы өзгөчөлүктөрү окшош болгондуктан, алар бир-бирине жакын деп көпчүлүк тарабынан кабыл алынган. Бирок гендери башкача көрсөтүүдө. Австралиялыктар бүт адамдар арасында африкалыктардан эң узак жана кошуналары болгон түштүк чыгыш азиялыктарга абдан окшошушат.[61]

## Жаңы империализм жана социал дарвинизм

Басып алуучулук (колониалдаштыруу) Дарвинден бир топ мурда 16-кылымда Европа өлкөлөрүндө өнүгүп баштаган. Бирок расизм сыяктуу, басып алуучулук да Дарвиндин теориясынан күч тапты жана башкача бир максатка ээ болду. 16-кылым жана кийинки кылымдарда, өзгөчө Өнөр-жай төңкөрүшүнөн соң Европа өлкөлөрүнүн башка материктерге жана өлкөлөргө жайылышындагы максат – көбүрөөк соодалык эле. Европалыктар өндүргөн товарларына базар издеп башташкан жана муну чечүү үчүн башка материктердеги өлкөлөрдү ээлөөнү туура көрүшкөн. 19-кылымдагы империалисттик аракеттер болсо башка себептерде болгон. Ошондуктан бул доордогу империалисттик аракеттер "Жаңы империализм" деп аталууда.

Социал дарвинисттик көз-караш жаңы империализмдин дүйнө көз-карашын түзгөн. Жаңы империализмге жол ачкан дарвинисттик себептердин бири – жогорулук жарышы эле. Бир-бири менен атаандашкан англиялыктар, француздар, немецтер жана башкалар "жашоо күрөшүндө" үстөмдүк кылуу жана "эң күчтүү" улут боло алуу үчүн көбүрөөк жерди ээлешибиз керек деген жаңылыштыкка алдырышкан эле.

Экинчи себеп болсо, башка расалардан жогору экенин далилдөө жаңылыштыгы эле. "Жогору расабыз" деген англо-саксондор менен арийлер "төмөн раса" деп санаган африкалыктарды,

азиялыктарды же Австралия жергиликтүүлөрүн басып алууну, алардын күчтөрүн, байлыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн талап-тоноону өз ойлорунда "биздин табигый укугубуз" деп ойлошкон. Ошентип экономикалык максаттан көбүрөөк дарвинисттик максаттар менен 19-кылымдын империализми өнүктү.[62]

*Britannica Энциклопедиясы*'нын 1946-жылкы басылмасында жаңы империализмдин социал дарвинисттик тамырлары жөнүндө мындай деп айтылган:

19-кылымдын аягындагы бул жаңы империализм доору руханий колдоосун бүт Европаны чыркыраткан Бисмаркчылык, социал дарвинизм жана күч менен ийгиликти даңктаган ушуга окшош бүт теориялардан алган. Расисттик теориялар салттык ахлактык баалуулуктарга (Христиандык сыяктуу) каршы доордун дээрлик эң басымдуу ишенимине айланып бараткан бул жаңы көз-карашка "илим" жана "табият" аркылуу негиз түзгөн сыяктуу көрүнүүдө.[63]

Социал дарвинизмдин 19-кылымдын жаңы империализминин чыныгы тамыры экени көптөгөн изилдөөчү жана жазуучу тарабынан кабыл алынууда. Мисалы тарых профессору Гертруда Химмельфарб (Gertrude Himmelfarb) *Darwin and the Darwinian Revolution* (Дарвин жана дарвиндик төңкөрүш) аттуу китебинде социал дарвинизмдин расизм жана империализм менен болгон жакын байланышы жөнүндө мындай дейт:

Социал дарвинизм көбүнчө мындай кабыл алынган: атаандаштыкты, күчтү жана зомбулукту үрп-адат жана дин ахлагынан жогору кылган бир философия. Ушундайча радикалдуу улутчулдуктун, империализмдин, милитаризмдин, диктаторлуктун, баатырдык культтарынын, жогору адам жана "мырза раса" ишениминин бир баштыгы абалына келген.[64]

Атактуу немец тарыхчы Вехлер (Wehler) болсо социал дарвинизмдин бул тарабына мындайча токтолгон:

Социал дарвинизм жумушчу же басып алынган элдердин эркиндик каалоолорунун "жашоо күрөшү" ичиндеги экинчи класс адамдардын керексиз протести катары кабылданып, маани берилбешине мүмкүндүк берди. Социал дарвинизмге башкаруучулардын кызыкчылыктары менен болгон байланышындагы бул күчтү берген нерсе – "жокко чыгарууга мүмкүн эмес" бир илимий маанайда сунулган иш-аракет ар түрдүүлүгү эле. Бир идеология катары империализмди колдогондуктан, индустриалдашкан калктар арасындагы тараптарлары тарабынан колдоо көргөн.[65]

Немец генерал Бернгарди (Bernhardi) 1912-жылы *Britain as Germany's Vassal* (Германияга баш ийүүчү катары Англия) аттуу китепте немец империализми жөнүндө жазган саптарында социал дарвинисттик көз-караштарды көрүүгө болот:

Дүйнө маданияты үчүн Германиянын басып алуу императорлугун кеңейтүү биздин милдетибиз. Ушундайча гана дүйнөлүк масштабда немец маданиятын саясий же жок дегенде улуттук бириктире алабыз. Ушундайча гана немец маданиятынын адамзаттын өнүгүшүндө эң керектүү фактор экени кабыл алынат. Дүйнөлүк масштабда жаңы аймактарды ээлөө үчүн болгон күчүбүз менен аракет кылышыбыз зарыл, себеби Германияны келечекте төрөлө турган миллиондогон немец үчүн сактап, аларга тамак-аш жана жумуш камсыздашыбыз керек. Алар немец асманынын астында, немец жашоосун жашашы зарыл.[66]

Дарвинисттик көз-караштардын таасири менен күчтөнгөн империализм себеп болгон көбүрөөк жер ээлөө каалоосу империалисттик өлкөлөр арасындагы согуштарга себеп болду. Дарвинизмдин

жаңылыштыктарына таянып, басып алынган жерлердеги жергиликтүү калктарга “төмөн расадан” адамдар катары карашы себебинен чоң зулумдуктар жасалды. Ал жерлерге “маданият алпаруу” үчүн жолго чыкканын айткан империалисттер дарвинизмге таянган бузуку көз-караштары себебинен көптөгөн азап жана көз жашына себеп болушту.

## Социал дарвинизм жана расалар арасы согуш

Аллах жер жүзүндө ар түрдүү расалар, уруулар, элдер жаратышынын терең сырларынын бири – булар арасында маданий алмашуу жана ошондуктан дүйнөлүк бир маданий байлык болушу. Аллах ар түрдүү адам коомдорун **“бир-бири менен таанышышы үчүн”** жаратканын Куранда кабар берген (Хужурат Сүрөсү, 13).

Социал дарвинизмдин негизсиз (жалган) дүйнө көз-карашы боюнча болсо адамдар таанышуу үчүн эмес, күрөшүү (карама-каршылык) үчүн бар. Бул көз-караш боюнча, адамзаттын өнүгүшүнүн эң негизги жолу – бул расалар менен элдер арасындагы күрөш. Социал дарвинисттердин логикасыз божомолдору боюнча, расалар арасындагы күрөштө үстөм болуу үчүн жаңы ачылыштар жасалат, натыйжада болсо “маданияттуураак” жана “жогору” болгондор жеңет жана ушундайча адамзат өнүгөт. Адамдар согушуу менен, кылмыш кылуу менен, киши өлтүрүү менен, башкаларды эзүү менен жана аларга зулумдук кылуу менен алга жылат деп айтуу жырткычтыкты жактоо дегенди билдирет. Адамдар же коомдор арасында кээ-кээде ар түрдүү түшүнбөстүк же маселелер жаралышы мүмкүн. Бирок бүт маселелерди тынчтык жолу менен оңой гана чечүүгө болот. Зомбулукка баруу менен маселе чечилет деп ойлоо маселенин эч чечилбес абалга келишинен башка ишке жарабайт. Же болбосо –мурда да айтылгандай- элдердин өз кызыкчылыгын жана келечегин коргой турган чараларды көрүшү туура нерсе. Бирок башка элдердин акыларын көзгө илбей же башкаларды жок кылуу менен өз кызыкчылыгымды көтөрөм деп ишенүү менен саясат жүргүзүү логикага да, абийирге да сыйбайт.

Учурдагы эволюционисттер “адамгерчиликтүү” жана расизмге каршы адам катары тааныткууга аракет кылган Дарвин да расалар арасы күрөштү жактаган жана бул күрөштө “маданийлер” жеңет деген жалганын айтып чыккан. Дарвин жана башка эволюционисттер айткан маданийлер болсо – албетте, “ак раса” эле. Дарвиндин *Адамдын келип чыгышы* китебиндеги кээ бир сөздөрү төмөнкүдөй:

Маданий расалар варварлар менен согушканда, өлүмчүл климат жергиликтүү расага жардам берген жерлерден тышкары учурларда, күрөш көпкө созулбайт... Бир-бирлери менен атаандашкан улуттардын ийгиликке жетишиндеги эң негизги фактор алардын маданий деңгээли сыяктуу көрүнүүдө.[67]

Дарвин китебинин башка жерлеринде айткандай, бул сөздөрүндө да “варварлар” менен “маданийлердин” күрөшү жөнүндө сөз кылууда жана үстөмдүк маданийлерге тиешелүү деп айтууда. Мындай ойдон чыгарылган гипотезалары себебинен дээрлик бир кылым бою уланчу хаос жана азаптарга негиз түзгөн.

Дарвинден кийин да көп дарвинисттер расалар арасы күрөштү илимий бир чындык сыяктуу айтып келишкен. Мисалы, 19-кылымдын эволюционист теоретиктеринен жана Францис Гальтондун окуучусу катары кабыл алынган Карл Пирсондун (Karl Pearson) *National Life from the Standpoint of Science* (Илимий жактан улуттук жашоо) аттуу китебинен алынган төмөндөгү сөздөрү 19-кылым

дарвинисттеринин расалар аралык күрөштөргө көз-карашын жана жаңы империализмдин артындагы себептерди көрүү жагынан маанилүү. Пирсон, башка социал дарвинисттер сыяктуу, расалар аралык күрөш керектүү, бир раса ичиндеги күрөш эволюция үчүн жетиштүү эмес деп ойлоодо. Пирсондун эч бир илимий негизи жок бул догмаларынын кээ бирлери төмөнкүдөй:

Жаман раса жөнүндө айткандарым менимче төмөн адам расаларына тиешелүү. Канча кылымдардан, канча миң жылдардан бери негр африкалыктар Африкада ак адамдар тийишпестен чоң жерлерге ээ болуп келишти? Ошого карабастан, өз ара уруулук согуштары арий расасына бир аз болсо да салыштырууга мүмкүн болгончолук бир маданият пайда кылган жок. Каалашыңызча аларды тарбиялап өстүрбөңүз, баары бир расаны өзгөртө алышыңызга ишенбейм. Тарых мага жогорку деңгээлде маданият куруу үчүн жападан жалгыз бир жолду көрсөтүүдө, расанын раса менен күрөшүшү жана физикалык жана акыл жагынан ылайыктуу расанын өмүрүн улантышы...[68]

Пирсон жана ага окшогондордун мындай бузуку сөздөрү империалисттерге калп “илимий” бир колдоо болгон. Африка материгин, Азиянын маанилүү бир бөлүгүн басып алган, Австралия жергиликтүүлөрүнө ар түрдүү зулумдуктарды жасаган кээ бир Европа өлкөлөрү басып алуу табияттын бир мыйзамы жана адамзаттын өнүгүшүнүн жалгыз жолу дешкен. (Мындай догманын илимий эч бир таянычынын жок экенин болсо илим дүйнөсүндөгү өнүгүүлөр менен түздөн-түз илим тарабынан далилденди.) Пирсондун ою боюнча, тарых бою аңдабастан жасалган согуштар эми аң-сезимдүү жана алдын-ала пландалып жасалышы керек эле:

... Расанын расага жана улуттун улутка каршы бир күрөшү бар. Алгачкы доорлордо бул күрөш варвар уруулардын сокур жана аңкоо бир күрөшү эле. Учурда, маданий ак адамдын учурунда, бир топ аң-сезимдүү жана улутту тынымсыз өзгөргөн чөйрөгө ылайыктуураак абалга алып келе турган багытта жакшылап жөнгө салынган бир күрөш бар. Улут күрөштүн кандайча жана каякты көздөй жасалаарын алдын ала көрө алышы зарыл...

Сизден улутка, башка улуттар менен аскердик күчтү да, соода жана экономикалык процесстерди да колдонуу менен тынымсыз бир күрөш ичинде болгон уюшкан бир бүтүн катары карашыңызды каалаган элем. Жана сизден ар кандай күрөшкө толугу менен жаман бир нерсе катары карабашыңызды каалагам. Себеби күрөш дүйнө тарыхы бою адамдын алга жылышынын булагы болгон.[69]

Расалар жана улуттар аралык күрөштөрдүн, согуштардын жана уруштардын алга жылуунун бир жолу экенине ишенген, өз расасы жана улутунан башка раса жана улуттарды “төмөн” көргөн мындай бузуку логика 19-кылымда дүйнөнүн төрт тарабында чоң жерлерди ээлеп алды. Кээ бир империалисттик Европа өлкөлөрү басып алган жерлериндеги адамдарга абдан таш боор мамиле кылышкан. Алардын иш-аракеттеринде аларды адам катары көрбөгөнү, басмырлаганы, төмөн жана алсыз көргөнү, өздөрү менен тең укукта болушун кабыл албаганы апачык көрүнүп турган. 19-кылымда өнүккөн жаңы империализм социал дарвинизмдин дүйнөлүк масштабдагы бир ишке ашырылышы болду.

Дарвинизмдин пикирлерине мынчалык колдоо көрсөтүлүшүнүн себептеринин бири болсо – ошол доордун Европа өлкөлөрүндө адамдардын дин ахлагынан алысташы эле. Дин ахлагы адамдардын тынчтыкта жашашын талап кылат. Аллах адамдарга бир-бирине карата кечиримдүү жана толеранттуу болушун буйруган. Жер бетинде тынчтыкты бузуу, согушту жана күрөштөрдү тутантуу болсо – Аллах Кабатында чоң жоопкерчилиги болгон жамандыктар. Аллах Куранда жер бетинде бузукулукту, адамдарга зыян тийгизилишин сүйбөгөнүн кабар берген:

**Ал иш башына келээри менен (же тескери бурулуп кетээри менен) жер бетинде бузукулук чыгарууга, эгинди жана урпактарды кыйратууга аракет кылат. Аллах болсо бузукулукту сүйбөйт. (Бакара Сүрөсү, 205)**

## Басып алуудагы таш боор иш-аракеттер

Басып алуучу мамлекеттердин алдыңкыларына жайылган социал дарвинисттик көз-караштар алардын кол астындагы элдерге болгон саясаттарда да көрүнүп турган. Бул элдерди адам катары санабаган, өз ойлорунда примитивдик бир ортоңку өткөөл форма деп ойлогон бул башкаруучулар басып алган өлкөлөргө көбүнчө азап, кыйроо, бактысыздык алып келишкен. Бул өлкөлөрдүн таш боор саясаттарында социал дарвинизм эң маанилүү факторлордун бири. Мурда да айтылгандай, кээ бир калктардын жогорку раса догмалары жана бой көтөрүүлөрү менен келген зомбулукчу, таш боор, башка улуттарды төмөн көргөн иш-аракеттери социал дарвинизм менен жалган бир “кадыреселикке” жеткен. Ал өлкөлөр мындай саясаттарында өз ойлорунда кылгандарын туура көрүшкөн, бул болсо өжөрлүк жана зомбулуктарын күчөткөн.

Апийим согушу мунун кызыктуу бир мисалы эле. Англия 19-кылымдын баштарында эле Кытайга апийим сатып баштаган. Чынында болсо Англияда апийим өндүрүүгө, сатууга жана колдонууга тыюу салынган эле. Императордун уулу да ашыкча апийимден өлгөн соң Император англиялыктардын өлкөгө апийим алып келишин токтотууну чечкен. Өкмөт кызматкери Лин Зексу (Lin Tse-Hsü) Чыгыш Индия фирмасынын эң чоң соода порту болгон Кантонго апийим импортун токтотуу үчүн сүйлөшүүгө жиберилген. Англиялык соодагерлер кызматташууну каалабагандыктан, Зексу апийим кампаларын жаптырган. Бул аскердик бир кийлигишүүнү алып келген. Кытайлыктар толук жеңилишкен жана абдан басмырлоочу бир келишимди кабыл алууга мажбур болушкан: бул келишим боюнча Кытайда апийим соодасы мыйзамдуу деп саналмак. Лин Зексу болсо өкмөттөгү кызматынан алынган жана сүргүнгө айдалган.

Португалиялыктар болсо “жогорулуктарын” Ангола элин кул кылуу менен көрсөтүшкөн. Бул аймакта жашаган калктын көп бөлүгүн кеме менен уурдашкан жана беш жылдыгына “келишим түзүлгөн” жумушчулар катары океандан ары тараптарга жөнөтүшкөн. Бирок “жумушчулардын” аз бөлүгү гана келишимдин аягына чейин жашай алышкан.[70] Басып алынган жерлердин дээрлик баарында басып алуучу мамлекеттер өздөрүнө жаккан жерлерди жана ресурстарды тартып алышып, өз өлкөлөрүнөн келген жайгашуучуларга же фирмаларга ал жерлерди беришкен. Жерлеринен айрылган жергиликтүү калкка болсо эч көңүл бурулган эмес. Ал элдердин акчалары, жумуштары, мал-мүлктөрү жана кен байлыктары толугу менен колдонулган.

Англиялыктар басып алгандарынан алган пахта, чай, баалуу таштар сыяктуу чийки заттарды Англияга алып кетишчү. Андан соң бул чийки заттар менен өндүрүлгөн товарлар кайра басып алынган жерлерге алып келинип, абдан кымбат бааларга сатылчу. Индиядан алынган пахта Англияда иштетилип, кайра Индияга сатылчу. Эң кызыктуусу Индияда Индия пахтасына тыюу салынган эле, б.а. англиялыктар саткан пахтаны гана колдонууга мүмкүн эле. Ошондой эле, индиялыктар англиялыктар өндүргөн тузду гана сатып ала алышчу.

Жаңы империализмдин дагы бир адилетсиз иш-аракети – бул каратылып алынган өлкөлөрдүн башкаруучуларына урмат-сыйсыз мамиле кылынышы, ал адамдарга маани берилбеши эле. Бирок мурдакы доорлордо Ханыша Елизаветадан Наполеонго чейин бардык башкаруучулар чет элдик лидерлерге тең мамиле кылышкан. Бирок 19-кылымда Европалыктарда барган сайын күчөгөн «өзүн жогору көрүү адашуучулугу» аларды урматсыз жана катуу кол кылды.

Эң кызыгы болсо, дарвинист империалисттер башка элдерди эзип жатканда, муну өз ойлорунда «төмөн расалардын» жана «артта калгандардын» жүгүн көтөрүү деп көрсөтүшкөн. Алардын ою боюнча, дүйнө өнүгүшү үчүн жогору раса системасы бүт дүйнөгө жайылышы, төмөндөр өнүктүрүлүшү керек эле. Башкача айтканда, басып алуучу күчтөр басып алган жерлерге «маданият» алып бардык дешчү. Бирок кылгандары жана саясаты алардын бул калп «жакшы ниеттүү» сөздөрүнүн чындыкка жатпаганын көрсөткөн. Социал дарвинисттик көз-караштагы 19- жана 20-кылымдын басып алуучу өлкөлөрү барган өлкөлөрүнө бакубаттык, бакыт, маданият эмес, каргаша, уруш, коркуу жана басмырлоону алып барышкан. Басып алуу басып алынган өлкөлөргө кээ бир пайдаларды алып келгени кабыл алынса да, зыяндары абдан көп эле.

Карл Пирсондун төмөндө орун алган таш боор, адамдыктан, мээримден алыс сөздөрү социал дарвинизмге таянган расисттик жана империалисттик көз-караштардын кыска бир баяны боло алат:

Күрөш – бул азап тартуу, олуттуу азап тартуу. Бирок күрөш менен азап ак расанын азыр жеткен өнүгүүсүнүн баскычтары болгон. Эми үңкүрлөрдө жашабай, тамырлар жана кабыктуу жемиштер менен азыктанбай калышы муну түшүндүрөт. Өнүгүүнүн эң ылайыктуу болгон расанын өмүрүн улантышынан көз-каранды болушу –бул кээ бирлерге ашыкча пессимисттик сезилиши мүмкүн- жашоо күрөшүнө аны кечиримдүү кылган өзгөчөлүктөрдү берүүдө. Жакшы металл кызыган металлдан чыгат. Кылыч сокого айлана турган, америкалык, немец жана англиялык соодагерлер дүйнө базарларында чийки зат жана тамак-аш үчүн атаандашпай калган, ак адам менен кара адам өз ара жерди бөлүшө турган жана баары жерди каалагандай иштете алган бир заманды үмүт кылышыңыз мүмкүн. Бирок, мага ишениңиз, ал күн келгенде адамзат өнүкпөй калат. Төмөн расанын көбөйүшүн башкара турган эч нерсе болбойт; таш боор ген мыйзамы табигый тандалуу тарабынан башкарылып, багыттала албай калат. Адамзат токтоп калат... Өнүгүү жолу элдердин калдыктарына толду; кемчиликсиздикке баруучу тар жолду таба албаган төмөн расалардын жана байкуштардын издери бүт тарапта. Ошондо деле бул өлүк адамдар, чынында, адамзаттын учурдагы жогорураак интеллектуалдык деңгээлине жана тереңирээк сезимдик жашоого жогорулашында ишке жараган аттоо таштары.[71]

Дүйнөдөгү элдердин көпчүлүгүн төмөн көргөн, алардын азаптарын, өлүмүн калп бир эволюция жолунда бир баскыч деп кабыл алган бул “дүйнө көз-карашынын” бүт адамзат үчүн канчалык чоң коркунуч экени көрүнүп турат. Бул китеп бою көңүл бурулган коркунуч да ушул. Эгер бир пикирди, канчалык коркунучтуу болсо да же канчалык илимге, логикага туура келбесе да, бирөөлөр бир оздон илимий бир чындыктай айтып чыгып, күчтүү пропагандасын жасаса, анда бул пикир жана анын “мөмөлөрү” белгилүү мөөнөттөн соң илими, маалыматы жетишсиз адамдар тарабынан кабыл алынып баштайт. Дарвинизмдин коркунучу мына ушунда. 19- жана 20-кылымда “жашоо күрөшү”, “жогору жана төмөн расалар арасы күрөштөр” сыяктуу түшүнүктөрдүн тууралыгына ишенген адамдар бул догмаларды өздөрүнө калканыч кылышып, ар кандай таш боордуктарды жасашкан же жасагандарга унчугушкан эмес. Мунун натыйжасында болсо Гитлер, Муссолини, Франко сыяктуу руханий оорулуу,

расист, зомбулукчу, кыжырдуу, таш боор диктаторлор пайда болуп, миллиондогон адамдар алардын сөздөрүн алкыштап, он миллиондогондор болсо бул заалымдардын идеологиялары себебинен азап, кедейлик жана коркуу ичинде жашап, көз жумушкан.

## Социал дарвинизм жана согуш

Социал дарвинизмдин расалар арасы күрөш улуттардын алга жылышын камсыздайт деген калпы согуштарга да негиз түзгөн. Социал дарвинизм жайылган Биринчи дүйнөлүк согуштун алдында согуш алсыздардын элениши, күчтүүлөрдүн жашоосун улантышы, адам расасынын өнүгүшү, оордук жана жүк катары көрүлгөн адамдардын жок кылынышы үчүн "эң ылайыктуу жол" катары көрүлгөн.

Тарых бою адамзат көп согуштарды көргөн. Бирок бул согуштар көбүнчө чек араларда, карапайым калк максат кылынбастан, согушкан өлкөлөрдүн аскердик күчтөрү арасында жүргөн. Социал дарвинисттик максаттарда жасалган согуштарда болсо негизги максат карапайым калк эле. Себеби максат – "ылайыктуу" эмес, алардын оюнда "төмөн" болгон элди жок кылуу жана "керексиз ашыкча адамдарды" азайтуу эле.

Биринчи дүйнөлүк согуштун алдында согуштун дарвинисттик таяныччтары айтылган жазуулар жана сөздөр көп кездешчү. Нью-Йорк Америка Табигый тарых музейи журналы *Natural History*'нин башкы редактору Ричард Милнер (Richard Milner) Биринчи дүйнөлүк согушта немец интеллектуалдардын дарвиндик жана согушчу көз-караштары жөнүндө мындай дейт:

Биринчи дүйнөлүк согуш учурунда немец сабаттуулары табигый тандалуунун токтоосуз бир күч, аларды өкүмдарлык үчүн кандуу күрөшкө мажбурлаган бир табият мыйзамы экенине ишеништи. Саясий жана аскердик окуу китептери Дарвиндин теорияларын дүйнө өкүмдарлыгы үчүн жасалган изилдөөнүн "илимий" бир негизи катары өнүктүрүштү. Немец илимпоздор жана биология профессорлору болсо муну толук колдошту.[72]

Генерал Ф. Бернарди (F. von Bernhardi) да ушул жылдары *The Next War* (Эмки согуш) аттуу китебинде социал дарвинизм пропагандасын жасап, согушту мактаган. Согуш биологиялык бир мажбурдук деген Бернарди дүйнөнү ылайыксыздардан тазалоонун эң жакшы жолу согуш деп жактаган. Бернарди "согуш абдан маанилүү биологиялык бир мажбурдук, адамзаттын жашоосунда мажбурдуу бир жөнгө салуучу элемент. Согуш күчтү көбөйтөт жана адамдын өнүгүшүн стимулдайт" деген.[73]

Согушту "жөнгө салуучу бир элемент" деп айтууну акыл менен да, логика менен да, илимий маалыматтар менен да түшүндүрүүгө болбойт. Согуш – көп адамдардын өлүмүнө жана мал-мүлктүн жок болушуна себеп болуучу, коомдордун келечегинде кайра калыбына келтирүү кыйын болгон оор кыйроолорго себеп болуучу, кыйратуучу бир күч.

Ошого карабастан, тынымсыз согушууну, адамдарды өлтүрүүнү маданияттын бир зарылчылыгы катары көргөндөр согушту тутантуу аракеттерин улантышкан. Мисалы, Бернарди китебинин башка бир жеринде мындай деп жазган:

Согуш улуттардын жашоосу үчүн керектүү бир элемент эле эмес, ошол эле учурда чындап маданийлешкен бир улут эң чоң күч жана жандуулук тапкан маданияттын мажбурдуу бир бөлүгү... Согуш биологиялык жактан туура чечимдерди алат, себеби чечимдери нерселердин табиятына таянууда... Бул – биологиялык бир мыйзам эле эмес, ахлактык бир милдет жана цивилизациянын мажбурдуу бир бөлүгү![74]

Албетте, бул сөздөргө алдангандардын эң чоң жаңылыштыктарынын бири – алардын адамдын табияты согушууга ылайыктуу жана согушуу адамдар үчүн мажбурдуу деп ойлошу эле. Алардын ою боюнча, адамдар согушкан сайын энергия жана жанданууу алып турушмак. Чынында болсо бул чоң бир жалган. Аллах адамдарды тынчтыктан ырахат ала турган табиятта жаратkan. Хаос жана уруш адамдын рухунда бейпилсиздик жана тынчсыздануууларга себеп болот. Адамдын социалдык, экономикалык жана маданий жактан эң ылдам алга жылышы бейпилдик менен коопсуздук өкүм сүргөн чөйрөлөрдө мүмкүн болот. Согуш менен күрөш болсо кыйроо жана жоготууга гана себеп болот. Гертруд Химмерфальб (Gertrude Himmelfarb) *Darwin and the Darwinian Revolution* (Дарвин жана дарвиндик төңкөрүш) аттуу китебинде социал дарвинизмдин согушка болгон көз-карашы жөнүндө мындай дейт:

Генералдар үчүн эң маанилүүсү согуш муктаждыктары эле, империалисттик окуялар менен улуттук эксперименттер андан кийинки орунда эле. Башкалар үчүн болсо абал тескерисинче эле: империалисттик жана улутчул амбициялар согушту жана милитаризмди алып келди. Ал тургай, ушундайлар да бар эле, согуштун артыкчылыктарын, милитаризм жана улутчулдук сыяктуу милдеттер болбостон да, сүйүшчү; бул эң таза жана эң стереотипсиз социал дарвинизм эле.[75]

Эволюционист антрополог жана Дарвиндин өмүр баянынын автору Сэр Артур Кейт (Sir Arthur Keith) да согуш тараптары экенин апачык билдирип, жеке оюнда тынчтыкты сүйсө да, мындай тажрыйбанын, б.а. тынчтыктын жыйынтыктарынан коркоорун айтып, такыр туура эмес бир көз-караш көрсөткөн. Беш жүз жыл уланган тынчтык доорунан соң дүйнө «бир канча жаз бою буталбаган жана көп жылдар бою көзөмөлдөнбөгөн ашыкча көбөйүү менен баш көтөргөн бир мөмө бакчасына» айланат деген логикасыз бир божомолду жасаган.[76]

Кейттин сөздөрү дарвинисттик пикирлердин адамдарды канчалык таш боорлоштурушу мүмкүн экендигинин бир көрсөткүчү. Кейт дүйнө бат бат "буталышы" керек экенине, б.а. дүйнөнүн күчтөнүшүнө тоскоол болгон "элементтер" кесилип ташталышы керек экенине ишенген. Жырткычтыкты апачык жактаган. Кейт айткан "бутоо" – согуштар эле. Согуштарда өлгөндөр, б.а. Кейт "ташталышы керек" дегендер болсо – байкуш аялдар жана эркектер менен күнөөсүз жаш балдар эле. Дарвинизмдин калптарына ишенгендердин бул күнөөсүздөргө боор ооруп, сүйүү, боорукердик сезиши мүмкүн эмес. Себеби алар ишенген теория аларга ак расаны өнүктүрүп күчтөндүрүү үчүн керек болсо алсыз көрүнгөндөрдү жок кылууга болот деген абийирсиздикти сиңирүүдө. Бул болсо тарых бою көп кездешпеген чоң заалымдыктарга себеп болду.

Социал дарвинизмдин согуш жөнүндөгү ушундай бузуку жоромолдору 19-кылымдан баштап тынымсыз уланган согуштардын, жарандык карама-каршылыктардын, уруштардын жана кыргындардын негизги себептеринен. Социал дарвинизм жөнүндө эч нерсе билбеген кээ бир адамдар да түбү ушул теорияга таянган согуш чакырыктары натыйжасында социал дарвинизмдин таасиринде калышкан.

20-кылымдын баштарында болсо бир канча маржинал идеологдор эмес, журналисттерден илимпоздорго жана саясатчылардан бюрократтарга чейин көп адамдар согуштун керек экенине ишенүү жаңылыштыгына кабылышкан.[77] Б.а. аялдардын, балдардын, улгайгандардын, муктаж абалдагы адамдардын жок кылынышы, жаштардын фронтко айдалышы "адамзаттын пайдасы үчүн" жакталган.

Мындай көз-караштарды эң жогорку кызматтагылар да жакташкан. Мисалы, Германия канцлери Бетман-Гольвег (Bethmann-Hollweg) Биринчи дүйнөлүк согуш башталганда ортоңку класс арасында көп кездешкен славдар менен немецтер арасында бир күрөш сөзсүз болот деген көз-караште эле.[78]

Кайзердин да ушундай көз-караште экени белгилүү эле. Көп тарыхчылар да кабыл алгандай, согуш сөзсүз болот, ал төмөн расалар тазаланышы үчүн табигый жана пайдалуу нерсе деген абийирсиз догма Биринчи дүйнөлүк согуштун эң негизги себептеринин бири эле.

Фашизмдин башчысы деп саналган немец философ Ницше – Германияда социал дарвинизмдин эң алдыңкы жактоочуларынын бири эле. Ницшенин сөздөрүндө да Бернарди ойлогон себептерден улам согуш тараптары экени апачык көрүнүп турчу. Ницшенин ою боюнча, идеалдуу коомдук система согушту негиз тутуш керек эле: "Эркектер согуш үчүн даярдалышат жана аялдар болсо согушчулар кайра дүйнөгө келиши үчүн аракеттенишет; мындан башканын баары акмактык."[79] Ницшенин бузуку көз-карашы боюнча, жашоо согуштан гана турат жана бүт баары согуш үчүн эле.

Дарвиндин да, Ницшенин да чоң фанаты болгон Гитлер болсо алардын согушчу пикирлерин ишке ашырган фанат бир социал дарвинист эле. Гитлер милитаристтик пикирлерин эволюция теориясы менен бириктирип, мындай деген:

Табияттын баары – күч менен алсыздык арасындагы тынымсыз күрөш жана күчтүүнүн алсыздын үстүнөн түбөлүк уланчу жеңиши.[80]

Гитлер менен ага окшогондор жактаган мындай пикирлер чынында чоң бир караңгылыктын жыйынтыгы эле. Милитаристтик жана зомбулук пикирлерин өз ойлорунда эволюция теориясы менен илимий негизге таядык деп ойлогондор өздөрүн гана алдашкан эле. Бирок мындай алдануу аркылуу артынан ээрчиткен он миңдеген адамдар менен дүйнө тарыхында теңдешсиз кыйроонун куруучусу болушту.

Жазуучу –жана сионисттик кыймылдын башчыларынан- Макс Нордау (Max Nordau) "*The Philosophy and Morals of War*" (Согуштун философиясы жана ахлагы) аттуу макаласында Дарвинди согуш тараптарларынын эң алдыңкы ысмы дейт:

Бардык согуш тараптарлары арасындагы эң чоң авторитет – бул Дарвин. Эволюция теориясы жарыяланган соң табигый варварлыктарын Дарвиндин аты менен жашыра алышкан жана жүрөктөрүнүн түпкүрүндөгү заалым каалоолорун илимдин бекем сөзү катары көрсөтө алышкан.[81]

Колумбия университетинде тарых сабактарына кирген Жак Барзун (Jacques Barzun) болсо *Darwin, Marx, Wagner* аттуу китебинде дарвинизм ар жеткен жеринде милитаризмди жана согушчулдукту тутантканын жана согушту бир символго айлантканын баса белгилеген:

Согуш дүйнөдөгү адамдык иш-аракеттердин символу, имиджи, стимулу, себеби жана тилине айланды. 1870-1914-жылдар адабиятынын көп бөлүгүн анализ кылбаган бир адам кан төгүү үчүн жасалган аракеттин канчалык чоң экенин байкай албайт. Кылымдын экинчи жарымында пайда болгон согушкерлер согушту ырга айлантышып, согуш күтүүсүнөн абдан ырахат алышкан. Адамзаттын жашоо максаты жашоо күрөшү гана, жана бул күрөштө утулгандардын өлүмүн да кадыресе кабыл алуу керек деп жакташкан...[82]

Барзун ушул эле китебинде социал дарвинизмдин расист, согушчу жана күрөшчү тарабынан 19-кылымдын аягынан баштап өзгөчө Европаны кандайча таасири астына алганын мындайча баяндаган:

1870-1914-жылдар арасында ар бир Европа өлкөсүндө куралданууну каалаган бир согуш партиясы, таш боор бир атаандаштыкты каалаган индивидуалисттик бир партия, артта калган адамдарды каалагандай башкарууну каалаган империалисттик бир партия, жаттарга каршы ичтен тазаланууну камсыздай турган социалисттик бир партия бар эле... Бул партиялардын баары жеңишти

куттукташканда же жеңилгенде, ал тургай, мурдатан эле илимдин кайрадан жанданышы маанисине келген Спенсер (социал дарвинизмдин куруучусу) менен Дарвинди колдошкон. Раса биологиялык эле, социологиялык эле; дарвинист эле.[83]

Көптөгөн илимпоз менен жазуучулар эмгектеринде аныктап, сөз кылган бул дарвинисттик калптар 20-кылымдын эмнеге согуштардын, кыргындардын, геноциддердин кылымы болгонун түшүндүргөн сөздөр.

## Аллах Кабатында жогорулук расага карап эмес, такыбалыкка жараша болот

Расизмдин заалымдыгы немецтик фашисттер менен эле чектелген эмес. Дүйнөнүн көп аймактарында расизм себебинен көп балээлер болуп, жүз миңдеген адамдар расизм себебинен өлтүрүлүп, басмырланып, үйлөрүнөн, үй-бүлөлөрүнөн зордук менен алынып, кул кылынган жана айбанга кылгандай мамиле кылынып, өлүмгө түртүлгөн, дары эксперименттеринде тажрыйба катары колдонулуп, алардын өмүрүнө эч маани берилген эмес. Бул китепте берилген мисалдар расизмге таянган жырткычтыктын жана таш боордуктун далилдери сакталып калган мисалдарынын бир канчасы гана.

Материалисттик бир теория болгон дарвинизм сунуштаган коом түзүлүшүнүн кандай экенин жакшылап көрсөтүү зарыл. Социал дарвинизм, башка бардык материалисттик коомдук теориялар сыяктуу, адам өзүнүн алдында гана милдеттүү жана өз кызыкчылыгы үчүн жашаган өзүмчүл бир жандык деп жактагандыктан, эч качан адамдарга жана коомго сонун адеп-ахлак жана бакыт тартуулай албайт. Адам сонун ахлактуу жана бактылуу болушу үчүн өзүмчүл каалоолорунан баш тартышы зарыл. Мунун кандайча болоорун адамга Раббибиздин буйругу болгон дин ахлагы үйрөтөт. Куранда адамга Аллахтын алдындагы милдеттери жана Анын ыраазылыгы үчүн баш ийиши керек болгон ахлактык баалуулуктар билдирилген.

Эгер бир адам Аллахтын буйруктарына, Аллах түшүргөн Китепке ыйман келтирсе жана баш ийсе, анда адамдарга карата сүйүү, мээрим, боорукердик сезимдерине толо болот.

Аллахтан корккон, Аллахты сүйгөн жана Анын буйруктарына баш ийген адамдар башка адамдарды Аллах жараткан жандыктар катары сүйөт, аларды расасына, улутуна, тибине, түсүнө, тилине карап бөлбөйт. Ар биринде Аллах жараткан бир кооздукту көрүп, бул кооздуктан ырахат алышат. Ишенимдери себебинен сылык, мээримдүү, коргоочу адамдар болушат. Ал эми дарвинизмдин жалгандары менен мээси жуулган бир адам болсо башка расаларды, улуттарды жек көрөт, аларды эзүүдөн, ал тургай, жок кылуудан ырахат алат, чөйрөсүнө дайыма конфликт, бактысыздык жана коркуу алып келет. 19- жана 20-кылымдагы расизм менен империализм – ошол дарвинисттик дүйнө көз-карашынын бир натыйжасы.

Аллах Куранда расаларга карап адамдарды бөлүүгө тыюу салып, адамдардын ахлактары жана ыймандары менен Аллах Кабатында жогорулукка жетээрин билдирген:

**Эй адамдар, чындап, Биз силерди бир эркек менен бир аялдан жараттык жана бир-бириңер менен таанышышыңар үчүн силерди элдер менен уруулар (абалында) кылдык. Шексиз, Аллах Кабатында эң жогоркуңар – бул (улут же ата-баба жагынан эмес) такыбалык жагынан эң алдыңкыңар. Шексиз, Аллах билүүчү, кабар алуучу. (Хужурат Сүрөсү, 13)**

# Дарвин-Гитлер коалициясынын натыйжасы: 40 миллион өлүк

Социал дарвинизм жөнүндө бул жерге чейин айтылгандардан соң, дүйнө тарыхынын эң ири геноциддеринин биринин куруучусу болгон жана тарыхка эң таш боор жана заалым өкмөттөрдүн бири катары келген немецтик фашисттердин да социал дарвинизм менен тыгыз байланышта болушканын айтуу таң калыштуу болбойт.

Гитлердин жана фашисттик идеологдордун жазгандары, сүйлөгөн сөздөрү менен башка документтер изилденгенде, расист, зомбулукчу жана согушчу саясаттарын дарвинизмге таяшканы ачык көрүнүп турат.

Гитлердин малчылардай болуп адам урпагын тазалайм деп ойлошу; Арий расасын «кирдетип жатат» деп ойлогон расаларды, генетикалык оорулууларды жана алсыздарды жок кылуу керек деши; миллиондогон адамдарды өлтүрүүнү таш боордук менен буйрушу – анын адамдарды айбандай көргөндүгүнүн жана дарвинизмге болгон жакындыгынын кээ бир далилдери. Фашисттик геноцидден аман калгандардын бири Александр Кимел (Alexander Kimel) «Фашисттик террор» аттуу макаласында социал дарвинизм менен фашизмдин байланышына басым жасап, социал дарвинизмге ишенген фашисттердин адамдарга кандайча болуп боор оорубастан айбандай мамиле кылганын түшүндүргөн:

Фашизм социал дарвинизмди кабыл алып адамдарды айбандарга теңеди, колдорундагы жеке тандоо эркиндигин, өзү үчүн ойлонуу жөндөмүн алды. Таш боордук, террор, жалган жана адамдын адам тарабынан таш боордук менен эзилиши кадыресе көрүнүшкө айланды. Эгер адамдарды айбандар сыяктуу табигый тандалуу мыйзамдары башкарса, адамдын аң-сезиминдеги кудайдык жалын алынганда, адамдарга айбандар сыяктуу мамиле кылынышы мүмкүн: жасалма көбөйтүлүшү жана бодо малдардай мамиле көрүшү мүмкүн. Мисалы, согуш менен согуштун каалагандай башкарылышы абдан чоң жоготууларды алып келди. Гитлер болсо абалды жоготууларга тоскоол болуу аркылуу эмес, көбөйүү ыкмаларын өнүктүрүү менен оңдоого аракет кылган. Аушвицте (Ausschwitz) (фашист доктор) Менгеле эгиздерге аларды өлтүрүү, операциялар аркылуу көбөйүү ыкмаларын кантип өнүктүрүү, немец аялдардын төрөө өндүрүмдүүлүгүн кантип эки эселентүү мүмкүн деп “илимий” эксперименттерди жасады. Немецтер көбөйүүчү айбандардай кабыл алынды, S.S. алардын чабаны жана фюрерлери болсо тарбиялоочу мыйзамдары эле. Немецтер сыйлык алган бодо малдар, башка улуттар катардагы бодо малдар, ал эми еврейлер болсо зыяндуу курт-кумурскалар катары кабыл алынып, ошого жараша мамиле кылынган...[84]

Фашисттер кылымдар бою эч кездешпеген бир геноцид жасап жатышканда, негиз туткан бузуку көз-карашы ушундай эле. Гитлер жактаган “жогорку раса” жалганы бир биологиялык “түр” ичиндеги топтор тең эмес деген калпка таянган. Б.а. Гитлер менен тараптарларынын ою боюнча, кээ бир түрлөр эволюцияда алга жылган, бирок бул түрлөр арасындагы кээ бир индивиддер же топтор артта калган эле. Расизмдин негизин түзгөн мындай бузуку догма Дарвиндин теориясынын эң негизги тараптарынын бири эле. Проф. Карл А. Шлеунес (Karl A. Schleunes) Аушвиц жөнүндөгү китебинде Дарвиндин теориясынын расизмге калп “илимий” бир колдоо көрсөткөнүн мындайча кабыл алат:

Дарвиндин жашоо күрөшү пикири расисттердин жогору жана төмөн адам жана улут түшүнүктөрүн негиздүү көрсөттү жана булардын арасындагы күрөштү тастыктады.[85]

Эволюционист илимпоздор дал фашисттер каалагандай теориялык негиз түзүшкөн. Мисалы, айбан психологиясынын негиздөөчүсү саналган эволюционист Конрад Лоренц (Konrad Lorenz) расалардын тазаланышын биологиялык түзүлүштөргө салыштырып, мындай деген:

Рактагы сыяктуу, эң жакшы дарылоо – бул паразиттерди кыска убакта тукум курут кылуу. Дайыма коом үчүн көйгөй болгон төмөн адамдардын социалдык таасирлерине каршы евгеникалык коргонуу ыкмаларын колдонуу керек... Бул төмөн элементтер (таза) бир коомдун ичинен натыйжалуу тазаланбаганда –жаман мүнөздүү бир шишик клеткаларынын бүт адам денесинде ыкчам көбөйүшүнө уруксат берилген сыяктуу- өздөрүн да, аларды тамактандырган денени да жок кылышат.[86]

Кээ бир расаларды же коом ичиндеги алсыз жана муктаж адамдарды бир “рак” сыяктуу көрүү жана аларды таш боордук менен тазалоону каалоо – эч түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон бир жапайылык жана жырткычтык. Фашисттик идеологдор мындай жырткычтыкты дарвинизмдин калптарын айтуу менен калп “илимдин” маскасына жашырууга аракет кылышкан. *Race and Reich* (Раса жана хан) аттуу китептин автору Ж. Тененбаум (J. Tenenbaum) фашисттик саясаттардын дарвинизм менен кантип калыптанганын мындайча баяндаган:

Күрөш, тандалуу жана эң ылайыктуунун өмүрүн улантышы... бул түшүнүктөрдүн баары жана байкоолор Дарвин тарабынан айтылган. Бирок андан мурда да, он тогузунчу кылымдын немец социал философиясында бул түшүнүктөр кабыл алынып баштаган эле... Мунун бир натыйжасы катары, немецтер жогору раса деген ишенимге таянган бүт дүйнөнү башкаруу доктринасы өнүктү. Бул доктрина ошол эле учурда немец мамлекети менен алсыз улуттар арасындагы “балка менен баталга” мамилесине таянган эле.[87]

Тененбаум фашисттердин саясий системаларын толугу менен дарвинизмге карап аныкташканын айтып берген соң мындайча улантат:

Саясий сөздүктөрү жер, күрөш, тандалуу жана урпактын түгөнүшү сыяктуу сөздөргө толо эле. Логикаларынын салыштырмасы апачык мындайча айтылган эле: дүйнө – ар түрдүү улуттар жер үчүн күрөшкөн балта кирбеген бир токой. Күчтүү жеңет, алсыз өлөт же өлтүрүлөт...[88]

Гитлер 1933-жылы Нюрнберг митингинде “жогору расалар төмөн расаларды башкарат... бул табиятта кездешкен бир акы жана жалгыз логикалуу акы” деп айтканда, муну бир табият мыйзамы катары көргөнүн айткан.[89] Бирок албетте мындай догмасы менен тарыхтын эң чоң жалгандарынын бирин жактаган.

Гитлердин “Улуттун тагдыры жөнүндө” аттуу докладындагы сөздөрү да дарвинисттик көз-караштарынын кыскача мазмуну:

Жашоонун эң негизги мотивация факторлору арасында өзүн-өзү коргоо жана келечек урпактарды коргоо орун алат. Саясат – бул адамдардын жашоосун улантуу үчүн күрөшүүсү гана. Мындай күчтүү жашоо каалоосу баарына тиешелүү жана бүт улутту багыттайт. Жашоо каалоосу күрөшкө түртүшү керек, себеби бул каалоону канааттандыруу мүмкүн эмес, бирок ал жашоонун негизи. Жашай турган жер чектүү. Ошондуктан адамгерчиликке караганда жашоодо таш боордук негизги нерсе! Адам конфликттер жана көпкө уланган күрөштөр натыйжасында дүйнөнү ээлеген. Бул адамгерчиликтин эмес, күч жана өкүмдарлыкка жеткен күчтүн жогорулугу. Расалар арасында айырмалар бар. Дүйнө

маданиятын тандалган класстан (элиталардан) алган. Бүгүн көзгө көрүнгөндүн баары арийлердин эмгектеринин жана ийгиликтеринин бир натыйжасы. Бирок ар бир расанын ичинде натыйжага алып баруучу негизги фактор – ал тарбиялап чоңойткон өзгөчө инсандар. Адамзаттын калыбын демократиялык көпчүлүк эмес, өзгөчө инсандар аныктаган.[90]

Гитлердин тантыган сөздөрүнөн апачык көрүнгөн мындай бузуку пикирлер ошол доордо көп адамдарга таасир берген. Караңгылыктын да таасири менен он миңдеген адамдар Гитлердин ойдон чыгарган бул гипотезаларын ээрчишкен. Жогоруда да айтылгандай, коомдорду алга күрөш каалоосу же жашоо үчүн айоосуз күрөш жылдырбайт. Ар бир коом бай болуу жана жакшы жашоо үчүн аракет кылат, бирок мындай аракеттин ийгиликке жетиши ал коомдун руханий жана ахлактык баалуулуктарга берген мааниси менен түз байланыштуу. Башкаларды жок кылууга аракеттенүү, эч токтобогон зордук-зомбулук бүт тараптарга кыйроо алып келет. Расалар арасындагы тышкы же маданий айырмалар болсо булардын бирин башкасынан жогору кылуучу өзгөчөлүктөр эмес. Тескерисинче мындай айырмалар тынчтык жана бейпилдик орун алган чөйрөлөрдө маданий байлыкты камсыз кылган баалуу элементтер.

Дин ахлагы да мындай айырмаларды маданий бир байлыкка айлантууну талап кылат. Аллах адамдарга, шарттар кандай гана болбосун, кечиримдүү болууну, адилеттүүлүктөн эч тайбоону, башка адамдарга боорукердик жана мээрим менен мамиле кылууну буйруган. Ыйман келтиргендер Аллахтын ар түрдүү раса жана улуттарды жаратышынын көп терең сырлары бар экенин билет, бир туугандык жана көмөктөшүү маанайында болушат. Адамдарды расаларына карап бөлүү, өзүнүн расасына карап –эч себеби жок туруп- мактанып, бой көтөрүү болсо ыймансыздардын жана Аллахка шерик кошкондордун өзгөчөлүктөрү. Бир аятта каапырлардын өз урпактарын кекенүү менен коргоо амбициялары мындайча кабар берилет:

**Ал чындыктан баш тарткандар (каапырлар) өз жүрөктөрүндө «кыжырдуу улут коруучулугун», караңгылыктын «кыжырдуу улут коруучулугун» жасап-күчөтүшкөндө, ошол замат Аллах элчисине жана момундарга «ишеним жана бейпилдик сезимин» түшүрдү... (Фетих Сүрөсү, 26)**

Гитлер болсо руханий оорусунун да таасиринен бул бузуку көз-караштарын жактоону улантып, Дарвиндин теориясынын өз көз-караштарына мынчалык окшоштугун негизсиз пикирлерин жайуу үчүн жакшы бир материал катары көргөн. Гитлердин дарвинизмге болгон жакындыгы али 1925-жылы жарыкка чыккан *Урушум* аттуу китебинде эле көрүнүп турган. Мисалы китебинин 4-бөлүмүндө дарвинизм ийгиликтүү бир Германия үчүн жалгыз негиз деп айткан. *Darwin: Before and After* (Дарвин: мурда жана кийин) китебинин автору Кларк Гитлердин дарвинизмге болгон жакындыгы жөнүндө мындай жоромол жасаган:

Эволюциялык пикирлер –болушунча ачык негизде- *Mein Kampf*'тын (Урушум) эң жаман бөлүмдөрүнүн жана (Гитлер) элге жасаган докладдарынын булагы. Гитлер жогору раса дайыма төмөн расаны жеңет деген жыйынтыкка келген.[91]

*The Day Nazi Germany Died* (Фашисттик Германия өлгөн күн) аттуу китептин автору Беату Уайлдер-Смит (Beate Wilder-Smith) болсо фашисттик доктринанын негизинин эмне экенин мындайча айткан:

Фашисттик теориянын жана доктринанын эң негизги принциптеринин бири – бул... эволюция теориясынын (жана) ...бүт биологиянын жогору көздөй эволюциялашы жана начарыраак өнүккөн түрлөрдүн активдүү тукум курут кылынышы керек экендиги (жана) ...табигый тандалууга көмөкчү болууга мүмкүн экени жана көмөкчү болуу керек экендиги... ушул себептен (фашисттер) «начар өнүккөн деп санаган еврейлерди жана... караларды жок кылуу үчүн саясий мыйзамдарды кабыл алышты...[92]

Проф. Жорж Ж. Штейн (Prof. George J. Stein) болсо *American Scientist* журналындагы "Biological Science and the Roots of Nazism" (Биологиялык илимдер жана фашизмдин тамырлары) темалуу макаласында Гитлердин социал дарвинисттик көз-караштары жөнүндө мындай деп жазган:

... Немец социал дарвинизми Германиянын бүт тарабында билинчү жана кабыл алынчу, ал тургай, илимпоздор да кошо көп немецтер илимий жактан туура деп билишчү. Жакынкы убактарда национал социализм менен Гитлер жөнүндө жасалган илимий изилдөөлөр бул чындыкты байкай баштады... (Дарвин теориясынын практикасы) Фашизмдин эң ачык өзгөчөлүгү эле. Национал социалисттик “био-саясат”... Радикалдуу теңсиздик жөнүндөгү мистикалык-биологиялык бир саясат; жашоо үчүн түбөлүк бир күрөшкө таянат жана эң ылайыктуунун жашашын табияттын мыйзамы катары кабыл алат жана табигый тандалууну бир коомдук саясатка айлантуу үчүн мамлекеттин күчүн колдонот...[93]

Проф. Штейн макаласында немец социал дарвинизминин негизинде “адам айбандан айырмасыз бир жандык” догмасынын турганын айтат жана мындай дейт:

Немец социал дарвинизминин кыскача мазмуну мындайча эле... адам жогору же адамдык өзгөчөлүктөргө ээ эмес эле жана табияттын бир бөлүгү гана эле. Башка тараптан, немецтер биологиялык жактан жогорураак бир коомдун мүчөлөрү эле... Саясат – биология мыйзамдарынын жөнөкөй бир ишке ашырылыш эле. Негизи Гегель менен анын курдаштары болгон социал дарвинисттер национал социализмдин негизги гипотезаларына айлана турган пикирлерди иштеп чыгышты... Мамлекеттин орган катары кызматы – евгеника жана жасалма тандалуу (тандоо) эле...[94]

Штейн макаласында апачык айткандай, национал социалисттердин бул жаңылыштыктары ондогон өлкө катышууга мажбур болгон бир дүйнөлүк согушка негиз түздү. Дарвиндин оюнан чыгарган теорияларына таянып күчтөнгөн фашизм дүйнө тарыхында аз кездешчү бир балээни курууучусу болду. Бул ушунчалык чоң балээ болуп, миллиондогон адамдар көз жумушту жана шаарлар картадан өчүрүлдү. Эң чоң зыянга болсо фашисттик идеологдор пропагандаларында көп күчкө ээ болуп, алга жылат деген немец коому кабылды. Күрөштүн, согуштун, таш боордуктун, башка улуттарды жок кылууга аракеттенүүнүн бир улутту эч алга жылдырбашына адамзат дагы бир жолу күбө болду.

Гитлер болсо өмүр бою фашисттердин өздөрүн жана башка адамдарга болгон көз-карашын кыскача баяндаган “биз фашисттер... варварбыз. Варвар болгубуз келет. Бул урматтуу бир наам жана муну менен дүйнөнү жашартабыз.”[95] сөздөрү менен жаңылыштыктарынан эч артка кайтпады.

Сэр Артур Кейт айткандай, эволюционист Гитлер Германиянын тажрыйбасын эволюция теориясына ыңгайлаштыруу үчүн пландуу аракет кылган эле.[96] Кейт, мындан тышкары, эволюция теориясы, Гитлер жана согуш үч бурчтугу жөнүндө мындай дейт:

Эгер согуш эволюциянын баласы болсо –жана мен ушундай экенине ишенем- анда эволюция “акылынан адашкан”, жана уруулардын, улуттардын жана ар түрдүү расалардын атаандаштыгында ушунчалык таш боор болгондуктан, өнүгүүгө тоскоол болуучу бир ролду аткарган. Эволюциялык

мыйзамдар адам табиятына зордук менен кабыл алдырган жазалардан аны куткаруудан башка, согуштан кутулуунун эч бир жолу жок.[97]

Питер Хоффман (Peter Hoffman) болсо *Hitler's Personal Security* (Гитлердин жеке коопсуздугу) аттуу китебинде Гитлердин дарвинисттик көз-караштары жөнүндө мындай дейт:

Гитлер күрөшкө ар бир адамды башкаларынан өйдө болуу үчүн аракеттенүүгө мажбурлаган дарвиндик бир принцип катары ишенди; күрөш болбосо чирип, жок болушмак... 1945-жылы апрельде жеңилгенде да Гитлер "күчтүү жашайт" деген ишенимин айтты жана славяндардын өздөрүнүн күчтүүрөөк экенин далилдегенин жарыялады.[98]

Кыскасын айтканда, көптөгөн тарыхчы жана изилдөөчүнүн көз-караштарынан, ошондой эле Гитлердин жазгандарынан жана сөздөрүнөн да апачык көрүнүп тургандай, фашизм дарвинизмден кубат жана таяныч алган эле. Гитлер менен башка фашист лидерлер бир канча "илимий" аргументтерди колдонуу менен, бүт жеке психопатия, таш боордук жана заалымдыктарын дарвинизмге таяп, өз ойлорунда кадыресе көрсөтүшкөн. Негизи мындай бир идеология жана психологияны иштеп чыгышына себеп болгон маданий чөйрө да жогору деңгээлде социал дарвинизмдин издерине ээ эле. Алдыда карала тургандай, Эрнст Гегель сыяктуу күчтүү дарвинисттердин колу менен Германияга кирген социал дарвинизм 20-кылымдын алгачкы жарымында бүт немец коомуна терең таасир берип, бузган жана фашизмге кабылышына себеп болгон эң маанилүү аң-сезимдик негизди түзгөн эле.

## Фашисттик Германияда эволюция жана согуш

Социал дарвинизмдин бузуку пикирлери боюнча, согуш – коомдорду алга жылдыруучу жана эң ылайыктуунун тандалышын, алсыздардын болсо эленишин камсыздоочу бир жол. Бул бузуку агым согушту алсыз расаларды жок кылганы үчүн гана эмес, ошол эле учурда "жогорку раса" арасындагы алсыз мүчөлөрдү жок кылганы үчүн да позитивдүү бир күч катары кабыл алат. Ушул себептен социал дарвинизм согушту кабыл алат жана стимулдайт. Фашисттер да социал дарвинисттик логика менен согушчулдукту кабылдашкан. Роберт Кларк *Darwin: Before and After* (Дарвин: мурда жана кийин) аттуу китебинде Гитлердин согушка болгон көз-карашы жөнүндө *Урушум* китебин булак көрсөтүү менен төмөнкү маалыматтарды берген:

Гитлердин Бириккен улуттар уюмуна, согушка жана тынчтыкка болгон көз-карашы бир эле принциптерге таянат. "Бир дүйнө соту... бир тамаша болмок... Табият толугу менен күчтүн жана алсыздын күчтүү бир күрөшү, күчтүүнүн алсызды дайыма жеңиши. Эгер мындай болбогондо, табиятта чирүүдөн (бузулуудан) башка нерсе болмок эмес. Бул эң негизги мыйзамды тебелеген мамлекеттер бузулат. Жашай турган согушушу керек. Дайыма уланчу күрөш жашоонун бир мыйзамы болгон бул дүйнөдө согушкусу келбегендин жашоого укугу жок." Башкача ойлонгон табиятты "басмырлаган" болот. "Кайгы, бактысыздык жана оору болсо – ал алган катуу жооп".[99]

Күрөшчү идеология жана согуш истериясы социал дарвинизм менен күчтөнүп, дарвинисттик пикирлер мындай тенденцияларды түрткөн жана бүт коом тарабынан кабыл алынышына себеп болгон абдан күчтүү жана таасирдүү бир катализатор болгон. Расизм, күрөш жана согуш каалоосу ушундайча алгачкы жолу калп "илимий" таяныч тапкан жана илимдин баркына таянып, коомго жокко чыгарууга мүмкүн эмес бир чындыктай сунулган. Фашисттик доордун эволюционист теоретиктеринен Др. Альберт

Эдуард Уиггамдын (Dr. Albert Edward Wiggam) 1922-жылы жарык көргөн китебинде жазгандары ошол кездерде Германиянын көз-караш дүйнөсүндө абдан көп кездешкен “жалгандардын” бирин көрсөтүшү жагынан кызыктуу:

Бир кездерде адамдардын мээлери жээндери болгон адам сымал жандыктардан бир аз чоңураак эле. Бирок тебинүү менен, тиштөө менен, согушуу менен... жана душмандарын куулук менен жеңүү аркылуу жана буларды кылуу мүмкүнчүлүгү жокторду өлтүрүү менен адамдардын мээлери чоңойду жана көлөм жагынан болбосо да шамдагайлык жана акыл жагынан өнүктү.[100]

Толугу менен оорулуу бир мээнин түшүмү болгон мындай ойдон чыгарылган “эволюциялык тарыхтан” чыгарылган жыйынтык болсо ачык эле: фашисттердин негизсиз көз-карашы боюнча, согуш узун мөөнөттө оң нерсе эле, себеби эволюционисттер адамзат өлөрчө уруштар менен гана өнүгөт деп жакташкан. Ошол доордун кээ бир “илимпоздору” болсо бул бузуку көз-караштарды жакташкан. Мисалы, дарвинизмдин Германиядагы белгилүү жактоочуларынан, Берлин университетинин профессору Гегель өзгөчө Байыркы Грециянын согушчу шаар мамлекети болгон Спартаны мактап, Спарталыктар тандалган бир раса эле жана ошондуктан ийгиликтүү жана жогору болушкан деген. “Ашыкча даражада ден-соолугу чың жана күчтүү балдардан башкасын өлтүрүү Спарталыктарга үзгүлтүксүз бир күч жана сергектик берген” деген.[101] Спарталыктардын мындай таш боор дана жырткыч иш-аракеттерин да кадыресе көргөн Гегельдин ою боюнча, Германия да “Спарта салтын колдонушу керек эле, себеби денесинде кемчилиги бар жана оорулуу наристелердин өлтүрүлүшү өлтүрүлгөн наристелердин да, коомдун да пайдасына бир иш-аракет” эле. Гегельдин абийирсиз жана абдан заалым мындай сунуштары – дарвинизмдин илимге сыйбас догмаларынын канчалык бузуку бир логикага негиз болоорун көрсөтүшү жагынан маанилүү бир мисал. Гегель менен дарвинизм боюнча, бүт өмүрлөр бирдей маанилүү жана корголушу керек экени болгону “көнүмүш бир догма” эле жана калп “илимий” чындыктарга карама-каршы эле.[102] Акылы жана логикасы бар эч ким кабыл ала албаган мындай догмалар бир кездерде Германиянын алдыңкылары тарабынан болушунча колдоо көргөн.

Социал дарвинизм бир гана Германияда эмес эле, дүйнөнүн көп жерлеринде, Кудайдык диндер үйрөткөн сонун ахлакты, бул ахлактагы мээрим, коргоо, жардамдашуу, боор ооруу, сабыр көрсөтүү сыяктуу жакшы мүнөздөрдү жокко чыгарган. Бул мүнөздөрдүн ордуна болсо кызыкчылыгына туура келбегенди өлтүрүү, жок кылуу, таш боор жана мээримсиз болуу сыяктуу –чынында адамдын эң чоң адаштыруучусу болгон шайтанга тиешелүү- мүнөздөрдү жогору деп жактаган. Фашисттердин еврей душмандыгынын тамырында да Кудайдан келген диндерге болгон жек көрүү бар эле.

Нео-фашизмдин дүйнөдө уланып жатышы бизге бул оорулуу идеологиянын дагы эле чоң бир коркунуч болуп жатканын көрсөтүүдө. Бир нерсени унутпаш керек: кандай гана атка жамынбасын, социал дарвинизм адамзат үчүн ылайык көргөн жашоо формасында уруш, күрөш, карама-каршылык, кан төгүү, согуш, азап жана коркуу гана бар. Аушвиц сыяктуу өлүм лагерьлери социал дарвинизмдин практикалык чөйрөлөрү; дарвинизм сөзсүз социал дарвинизмди алып келет. Социал дарвинизм кайрадан эгемен болгон бир дүйнөдө болсо жаңы аушвицтер сөзсүз пайда болот.

## Гитлер социал дарвинист болгону үчүн заалым эле

Терең бир дарвинист болгон Гитлер жана башка фашист башчылар жасаган кыргындарынан, адамдарга көп жыл бою азап бергенден улам өздөрүн күнөөлүү сезишкен эмес, ал тургай, өздөрүн бир баатырдай көрүшкөн. Себеби адамзаттын эволюциясын камсыздаган, келечекте “эволюциялашып өнүккөн урпактар” ыраазычылык билдире турган бир куткаруучубуз деп ойлошкон. Бирок бул калп жана алдамчылык эле.

Гитлердин бузуку идеологиясы боюнча топтоо лагерьлери – күнөөсүз адамдар өлтүрүлгөн, азап тарткан жер эмес, жогорку расанын сакталышы үчүн оорулуу, алсыз, жаман элементтер изоляция кылынган карантин жерлери эле. Гитлер руханий оорулуу жана көз-карашы бузук эле. Мындай оорулуу мээнин түшүмү болгон кооптуу пикирлерин социал дарвинизмдин пикирлери менен кеңейтип ишке ашырган эле. Ушундайча дарвинизм тарыхтын эң чоң кыйроосун алып келген, адамдарга эң чоң азаптарды жана коркууларды жашаткан бир геноциддин жана көп жылдар бою уланган бир согуштун негизги философиясын түзгөн жалган бир илим катары тарыхта калды. Гитлер болсо бул жалган илимдин ишке ашыруучусу катары.

# Социалдык дарвинисттердин тукумсуздаштыруу жана өлтүрүү мыйзамдары

Социал дарвинизмдин эң кеңири масштабдуу жана эң таш боор иш-аракеттеринин экинчиси – бул евгеника. (Адам расасын тукум куучулук аркылуу тазалоого аракеттенген калп бир “илим тармагы”.) Биринчи жолу Чарльз Дарвиндин жээни Фрэнсис Гальтон тарабынан 1883-жылы колдонулган евгеника (eugenics) термини грекче эки сөздүн биригишинен турат; eu (жакшы) ve genet (төрөлүү). Эки сөз кошулганда, “төрөлгөндөн жакшы болуу”, “тукум куучу тектүүлүк” маанилеринде колдонулууда. Бирок бул түшүнүк маанисиндеги сыяктуу жакшылык эмес, тескерисинче чоң бир жырткычтык жана заалымдыкты камтыйт.

Евгеника тараптарлары өз расаларын же өз класстарын гана коргоп, өнүктүрүү керек дешкен жана башка расадан же класстан адамдарды “жасалма тандалуу” жасаш керек деп ойлошкон. Мисалы, евгеника теориясынын курууучусу деп саналган англиялык Фрэнсис Гальтондун оюу боюнча, Англиянын жогорку классы гана корголушу керек. Бул үчүн болсо Гальтон кедей, оорулуу, алсыз, жөндөмсүз адамдардын көбөйүшүнө тоскоол болуу керек деген.

Фашисттер болсо арий расасына тиешелүү ден-соолугу чың адамдардан башка адамдар мамлекетке жана коомго жүк, жана тукумсуздаштыруу же өлтүрүү аркылуу жок кылуу керек дешкен, жана бул пикирлерин ишке ашырышкан. Фашисттер евгеника саясаты менен жүз миңдеген адамды тукумсуздаштырып, оорулуу, майып, акылы кем, улгайган, жөндөмсүз, багар-көрөрү жок болгон үчүн жүз миңдеген адамды газ бөлмөлөрүнө айдап, ач калтырып же дары берип өлтүрүшкөн.

Евгеника жактоочуларынын эң чоң жаңылыштыктарынын бири – бул алардын адам мүнөзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрдүн көпчүлүгү тукум куучу деп ойлошу же атайылап ошентип айтышы. Мисалы, Гальтон да кошо евгеника тараптарлары боюнча, жалкоолук, кедейлик сыяктуу каалaнбаган өзгөчөлүктөр тукум куучу. Жалкоо адамдардын балдары жалкоо болот деп ойлошкондуктан, андай адамдардын үйлөнүшүнө жана балалуу болушуна тоскоол болууга аракеттенишкен. Эволюционисттердин мынчалык логикага сыйбас жана тантык бир догманы да калп “илим” атынан жакташы абдан кызык.

Дарвинисттер калп “илим” атына жактаган евгеника көп адамдардын көп азаптарга кабылышына себеп болгон. Бул заалымдыктын тарыхый өнүгүшүн изилдөө бул жырткычтыкты жактагандардын негизги таянычтарын жакшыраак түшүнүүгө шарт түзөт. Дарвиндин евгениканы кандайча өз оюнда илим атынан жактап, колдогонун өз сөздөрү менен көрсөтүү бул жагынан абдан маанилүү. Негизи евгеника бузукулугунун түбү Платондун *Мамлекет* аттуу чыгармасына чейин созулса да, дарвинизм менен бирге калп “илимий” бир көрүнүшкө ээ болуп, ал тургай, дээрлик бир илим тармагына айланган. Гальтондон абдан таасирленген жана мурдакы беттерде расисттик көз-караштарына орун берилген Карл Пирсон евгениканын булагынын эволюция теориясы экенин мындайча билдирет:

... Заманбап евгеника көз-карашы 19-кылымда гана ойгонду. Бул кылымда евгеникага кызыгуунун өсүшүнүн бир канча себеби бар. Эң негизги себеп болсо – эволюция теориясы. Евгеника терминин да ойлоп тапкан Фрэнсис Гальтон пикирлерин жээни Чарльз Дарвиндин доктринасына таяган эле.[103]

## Дарвинден жээни Гальтонго калган мурас: евгеника

Евгеника бузукулугунун фундаменти негизи Мальтус менен Дарвин тарабынан коюлган. Дарвинге да шык берген Мальтустун *Эксперимент*инде евгеникага негиз боло турган негизсиз пикирлер бар эле. Мисалы, Мальтус адамдарды тандалган (селекциялык) айбандарга колдонгон ыкмалар менен көбөйтүүгө болот деген:

Көбөйүүгө көңүл буруу менен, айбандардагы сыяктуу, адамдар арасында да белгилүү бир даражага чейин алга жылуу мүмкүндөй көрүнүүдө. Мээнин берилип берилбеши шектүү, бирок бой, күч, сулуулук, дене өңү жана балким узун өмүр да белгилүү бир деңгээлге чейин өткөрүлүшү мүмкүн.[104]

Башка көп сөздөрүндөгү сыяктуу, бул сөздөрүндө да Мальтустун адамдарды бир айбан түрү катары баалаганы апачык көрүнүп турат. Мальтустун мындай бузуку көз-карашы Дарвинге да таасир берген жана Дарвин болсо евгеника жөнүндө балээге толгон кээ бир божомолдорун айткан. *Адамдын келип чыгышы* китебинде кээ бир социалдык иш-аракеттер себебинен алсыздар эленбей жатат жана бул болсо биологиялык артка кетүүгө себеп болушу мүмкүн деген тынчсызданууларын айткан. Дарвиндин бузуку ойлору боюнча, “жапайы адамдар” менен айбандар арасында кемчиликтүүлөр ылдам эленип жатканда, маданий коомдордо мындай адамдардын медицина жана боорукерлер тарабынан корголушу чоң ката эле. Дарвин боюнча, малчылар жасалма тандалуу аркылуу тукумду тазалап жакшыраак өзгөчөлүктөргө ээ жаныбарларды өстүрүп, алсыз жана күчсүздөрдү элеген сыяктуу, адам коомдорунда да бул ыкма колдонулушу керек эле:

Ушундайча маданий бир коомдун алсыз мүчөлөрү өз түрлөрүн көбөйтүшөт. Үй жаныбарларын баккандардын баары мунун адам расасы үчүн абдан зыяндуу экенинен күмөн санашпайт. Кароо талабынын же туура эмес багытталган кароонун канчалык кыска мөөнөттө колго үйрөнгөн бир расаны бузулууга түртөөрү таң калыштуу. Бирок эч ким, адамдардан тышкары, эң жаман айбандардын көбөйүшүнө мүмкүндүк бере турганчалык сабатсыз мамиле кылбайт.[105]

Жапайы айбандардын дене жана башы жагынан алсыздары эленет жана аман калгандары – көбүнчө чындап ден-соолугу чың индивиддер. Ал эми, биз маданий адамдар эленүү процессине тоскоол болуу үчүн колубуздан келгенин жасайбыз; акылы кемдер, майыптар жана оорулуулар үчүн атайын үйлөрдү курабыз; жакырларды коргоо мыйзамдарын чыгарабыз; медицина адистерибиз ар бир оорулуунун өмүрүн сактоо үчүн болгон мүмкүнчүлүгүн пайдаланышат... Ушундайча маданий коомдордун алсыздары өз урпактарын улантышууда. Мал баккан эч бир адам мунун адам расасына чоң зыян алып келишинен күмөн санабайт.[106]

Оорулуу бир мээден чыккан мындай тантык пикирлер расисттердин, евгеника жактоочуларынын, согушту тутанткандардын жана адамзатты чоң балээлерге түрткөн көптөгөн идеологдун негизги девизи болгон. Дарвин *Адамдын келип чыгышы*нын аягында “жашоо күрөшү” адамзат үчүн пайдалуу, антпесе, адамдар жалкоолошот жана жашоо күрөшүндө жөндөмдүүрөөк адамдар жөндөмсүзүрөөк адамдардан өйдөрөөк абалга келе албайт деген сыяктуу дагы көптөгөн илимге сыйбас сөздөрдү айткан.[107]

Дарвин бардык мындай бузуку теориялары менен евгеника иш-аракеттерине негиз түзгөн. Эволюция теориясынын “илимий” бир чындык сыяктуу көрүлүшү болсо евгеника жана расисттик саясаттардын кабыл алынып, ишке ашырылышына себеп болгон.

## Англияда евгеника

Англияда евгеника жырткычтыгынын алдыңкысы – Дарвиндин мурда да айтылган жээни Фрэнсис Гальтон эле. Дарвиндин уулу Леонард Дарвин да евгеника бузукулугунун Англиядагы жактоочуларынан жана ишке ашыруучуларынан эле. Ошондой эле, Уинстон Черчилль да евгеника кыймылына колдоо көрсөткөндөр арасында эле.[108]

Гальтон "күчтүү жашоосун улантат" принцибине баш ийүү керек жана эң күчтүү адамдардын гана дүйнөгө келишине уруксат берилиши керек деп жактаган. Гальтондун мындай илимге жана логикага сыйбас гипотезасы боюнча, адамзат адамдын "эволюциясын" башкара алмак жана ал тургай, андан да жогору бир раса пайда кыла алмак эле. Гальтон "жогорку класстын" жана "жогорку расанын" жогоругу сыяктуу адашкан пикирлерге ишенээрин апачык айтуудан да тартынган эмес. Ал эми африкалык (негр) расасын болсо мээ деңгээли төмөн деп, мындай деген:

... Африкалыктар арасында жарым акылдуу деп атоо керек болгондордун саны абдан көп. Америкада негр кулдар жөнүндө сөз кылган ар бир китеп мунун мисалдарына толо. Мен дагы Африкага болгон саякаттарымда бул чындыктан абдан таасирленгенмин. Африкалыктардын өздөрү жөнүндө жасаган каталары ушунчалык жаш балача, акмакча жана жөнөкөй болгондуктан, өз түрүмдөн уялышыма себеп болду.[109]

Кээ бир ит түрлөрү кээ бир адам расаларына салыштырмалуу мээ деңгээли жогорураак[110] деген жалганды жактаганчалык алдыга кеткен Гальтон негрлерди жана кулдарды баалап жатканда, айдан ачык бир чындыкты байкамаксан болгон; кулдар жөнүндөгү китептердин көпчүлүгү кул ээлери тарабынан жазылган эле. Мындан тышкары, кулдар өздөрүнө такыр жат бир коомдо, эч билбеген бир маданиятта жашап баштагандыктан, көптөгөн кыймыл-аракет, иштерди жат кабыл алышы абдан кадыресе көрүнүш эле. Африканын бир айылына жашоо үчүн барган кандайдыр бир европалыктын да алардын жашоо калыптарына жана маданиятына ыңгайлашууга аракет кылып жатканда, ошол сыяктуу жөндөмсүздүктөрдү жасашы анык.

Эң негизгиси, Гальтондун негрлер же башка өлкөлөргө көчкөн өз мекендештери жөнүндө айткан догмаларынын эч бир илимий таянычы жок. Булар ошол доордун примитивдик шарттарында, материалисттик дүйнө көз-карашы менен мээлери жуулган кээ бир "илимпоздордун" жана "ойчулдардын" оюнан чыгарган гипотезаларынын негизинде айтылган.

Гальтондун стереотиптүү жана акылсыз гипотезалары булар менен эле чектелген эмес. Мисалы, социалдык өнүгүү болушу үчүн мээси жана интеллектуалдык деңгээли төмөн адамдардын көбөйөшүн токтотуу жана беркилердин көбөйүшүн стимулдоо керек деген. Антпесе социалдык бир кыйроо болот деген. Чынында болсо чыныгы социалдык кыйроонун Гальтон жана ага окшогондор ортого койгон кыргындарга, күрөштөргө жана зомбулукка таянган жашоо моделинин ишке ашырылышы менен болоору анык. Гальтон 1907-жылы Гексли (Huxley) университетинде берилген бир конференция учурунда "улутубуздун мээлери жогорку деңгээлдеги класстарыбыздагы адамдардын арасында" деген.[111] Гальтон, мындан тышкары, жогорку класска тиешелүү балдарды төрөт учурунда аныктоону жана үй-бүлөлөрүнө бул балдар үчүн 1000 фунт төлөөнү сунуштаган. Жогорку класстын аялдарына алардын эркине карабастан, дагы бир эркек жана бир кыз төрөөнү сунуш кылган.[112]

Гальтондун өз оюнда жогорку класс катары көргөн адамдардын сан жагынан көбөйүшүнүн коомду алга жылдыраарына ишениши акыл жана логикага сыйбас бир пикир. Болгондо да илимий эмес. Бир коомду алга жылдырган көп элементтер бар. Бирок булардын эң негизгиси коомдогу адамдардын ахлагы жана кулк-мүнөздөрү. Сонун ахлактуу жана күчтүү мүнөздүү адамдардан турган бир коомдун алга жылышы ылдам жана туруктуу болот. Бул өзгөчөлүктөрдүн тукум куучулук менен бирөөдөн бирөөгө берилиши болсо мүмкүн эмес. Жашаган коомунун чындап алга жылышын каалаган адам маани бериши керек болгон негизги нерсе – ар кандай маданий жана таалим-тарбия программалары менен жарандардын руханий күчтөнүшүн камсыз кылуу болушу керек. Гальтон жана ага окшогондор таасирдүү болгон өлкөлөрдө адамдарга айбандай мамиле кылып, байларды көбөйтүүнү, кедейлерди азайтууну каалашы, бул үчүн кылмышты да кадыресе көрсөтүүгө аракеттениши бир жагынан чоң бир заалымдык, экинчи жагынан болсо эч түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон бир сабатсыздык.

Ошого карабастан, Гальтондун да багыттоосу менен, Англияда евгеника кыймылынын алгачкы иш-аракети төрөлүүлөрдү башкарууда жасалган. Бул – эволюция теориясынын жаңылыштыктарына кабылгандар тарабынан "төмөн адамдар" катары кабыл алынган "жакырларды" жана өз ойлорунда "төмөн" расадан деген адамдарды гана максат кылган бир иш-аракет эле.

1920- жана 1930-жылдары жакырлар тынымсыз көбөйүп, ортоңку жана жогорку класстагы элдердин саны азайып баратат жана бул чоң коркунуч деп кабыл алынган. Мисалы, Жулиан Гексли 1925-жылы *Nature* журналында мындай деп жазган:

Каалангандардын үлүшү азайып, кааланбагандардын үлүшү өсүп баратат. Муну колго алуу керек.[113]

Евгенисттердин оюу боюнча, "каалангандар" менен "кааланбагандар" арасындагы тең салмактуулукту куруу үчүн эң биринчиден "расаны тазалоо" керек эле. Расаны тазалоо үчүн биринчиден кимдердин кааланган, кимдердин кааланбагандар экенин аныктоо керек болгон. Мындай айырмалоону жасоо үчүн абдан примитивдүү жана акылга сыйбас жолдор колдонулган. Мисалы, Англия менен АКШда адамдардын баш сөөктөрү ченелип башталган. Гальтон да башчылык кылып башталган иш-чаралар менен адамдардын башынын чоңдугу ченелип, ушуга жараша мээлери "аныкталган". Бирок баштын чоңдугу менен мээ арасында байланыш жок экени илим тарабынан кийинчерээк аныкталмак.

Башты өлчөөдөн соң мээ тесттери колдонулуп баштаган. Мээ тесттеринин жыйынтыктарына жараша адамдарды тукумсуздаштыруу, өмүр бою көзөмөлдөө жана башкаруу чечими алынган. Бирок кийинки жылдары колдонулган мээ тесттеринин да ишенимдүү жыйынтыктар бербеши аныкталган. Болгондо да, бул тест жыйынтыктары бааланганда адамдардын чоңойгон чөйрөсүнүн шарттары, алган билими сыяктуу факторлор эч эске алынбастан, ал адамдар тукум куучу мээлүү же эмес деп аныкталып коюлган. Булар эч ишенимсиз, ошол доордун караңгылыгын көрсөткөн баалоолор эле. Ансыз деле максат негизи ишенимдүү жыйынтыктарды алуу эмес, кандайдыр бир жол менен "кааланбаган" массаны, б.а. жакырларды, оорулууларды жана "төмөн" расаларды жок кылуу же изоляция кылуу эле.

## АКШда евгеника

Гальтон өлгөн соң евгеника кыймылынын лидерлиги Америкага өттү. Генри Годдард, Генри Фэрфилд Осборн, Гарри Лафлин жана Мэдисон Грант – Гальтондун америкалык мураскорлорунан бир канчасы.

Евгеника жырткычтыгын АКШда жактагандардын башында Рокфеллер институту менен Карнеги фонду турган. Рокфеллер институту Германияда евгеника кыймылынын алдыңкыларынан Кайзер Вилгельм институтун финансылаган жана расаны тазалоо темасына жабышкан Проф. Др. Эрнст Рудинге 1920-жылдары генетикалык изилдөөлөрү үчүн атайын бир имарат тапшырган. Германиядагы акыл оорулууларын тазалоо кыймылы жогору деңгээлде Рокфеллер институту тарабынан колдоо көргөн. Мындан тышкары, Рокфеллер институтунан Нобель сыйлыгын алган Др. Алексис Каррель немецтер жасаган мындай чоң кыргынды кубануу менен алкыштап, акыл оорулуулары менен камактагыларды тобу менен өлтүрүү сыяктуу бир жырткычтыкты эч тартынбастан жактаган.[114]

Евгеника бузукулугу Американын көптөгөн штатында мажбурлуу тукумсуздаштыруу мыйзамдарынын кабыл алынышына себеп болгон. АКШда жалпы 100 миң адам –көпчүлүгү мажбурдуу түрдө- тукумсуздаштырылган. 20-кылымдын башында Виргинияда 8000 кишинин "ылайыктуу" эмес деген себеп менен тукумсуздаштырылышы – евгеника жырткычтыгынын АКШдагы масштабын көрсөткөн бир мисал гана. Мындай адамдыкка жатпаган иш-аракет 1974-жылга чейин көптөгөн штатта мыйзамдуу эле.[115]

Америкадагы евгеника бузукулугунун эң алдыңкы ысымдарынын бири – генетик Чарльз Б. Дэвенпорт (Charles B. Davenport) эле. Дэвенпорт тукум куучулук мыйзамдары менен дарвинизмди байланыштырууга аракет кылган макалалары менен таанылчу. Бирок бул макалаларда айтылган пикирлер далили жок гипотезалар гана эле. 1906-жылы American Breeders Association'дан (Америка селекционерлер биримдиги) евгеника жөнүндө изилдөөлөр жасашын талап кылды. 1910-жылы Eugenics Record Office (ERO – Евгеника жазуу кеңсесин) курду. ERO Station for Experimental Evolution (Эксперименталдык эволюция борбору) үчүн бөлүнгөн каражаттын 13-29%ын алчу. Бул EROнун ошол доордун башка илимий уюмдарына салыштырмалуу көбүрөөк каржыланганын көрсөтүүдө. Бул уюм евгеника жырткычтыгын жайуу үчүн иштей турган көп адамдарга билим берди. Окутулган сабактардын башында эволюция теориясы менен евгеника мыйзамдары турган. Билим алуучуларга мындан тышкары Stanford-Binet сыяктуу евгеника иш-аракеттеринде көп колдонулган кээ бир мээ тесттеринин кандайча жасалаары жана анализ кылынаары да үйрөтүлдү.[116]

ERO тарабынан окутулган адамдарга изилдөөлөрдү жүргүзүп, маалымат топтоо кызматы тапшырылды. ERO топтогон бул маалыматтары менен ылайыктуу эмес деп ойлогон адамдардын үйлөнүп балалуу болушуна тоскоол болууну максат кылышкан. 1924-жылы ERO тарабынан тукумсуздаштыруу мыйзамынын тексти даярдалды. Бул текстте оорулар кылмыш деп саналып, кишилерди тукумсуздаштыруу сунушталган.

Адамдардын эрксиз, мажбурлуу тукумсуздаштырылышы акылга жана абийирге сыйбаган көрүнүш. Генетикалык кемчиликтери барлар, ар түрдүү оорулуулар, денесинде майыптыгы барлар, акылы кем адамдар – боорукердик, мээрим көрсөтүлө турган байкуштар. Дин ахлагы орун алган коомдордо мындай адамдар корголуп, колдоо көрүшөт, муктаждыктарын толук камсыздоого аракет кылынат. Евгеника жырткычтыгын жактагандар өз ойлорунда "кылмышка жакын адамдар" деп атаган кишилерди мажбурлуу тукумсуздаштырууга аракет кылышы же аларды жок кылууну максатташы болсо

заалымдыктан башка нерсе эмес. Ал адамдарды керектүү маданий программаларына киргизип тарбиялоого болот, коомго пайдалуу кылууга болот. Ал адамдарды оңдоо кыйын болгондо деле, аларды жок кылууга аракет кылуу эмес, болушунча эң абийирдүү жана адилеттүү чечүү жолун издөө керек.

Чынында эле кийинки жылдары америкалык коомдук пикир алдыңкылары жана коомдогу акылдуу адамдар евгениканын толугу менен бир жырткычтык экенин түшүнүшкөн жана керектүү чараларды алып, бул жырткычтыкты токтотушкан. Бирок фашисттер тукумсуздаштыруу жөнүндөгү алгачкы иш-аракеттеринде Америка мыйзамдарын өрнөк алышкан жана 2 миллион адамды мажбурлуу тукумсуз кылышкан.[117]

Бул жерге чейинки мисалдардан да апачык көрүнүп тургандай, социал дарвинизмдин жалган жана алдамчылыктарына толгон пикирлери менен адамдар бир-бирине карата кайдыгер кылынып, боор ооруу, мээрим сезимдери толук жок кылынып, адамдар бир-бирине айбанга мамиле кылгандай мамиле кылышына түртүлүүдө. Бул – дин ахлагы адамдарга тартуулаган сонун өзгөчөлүк жана кулк-мүнөздөргө толугу менен карама-каршы. Куранда буйрулган ахлакта алсыз, кароого муктаж, багар-көрөрү жок же оорулуу адамдарды кароо, боорукердик жана өз кызыкчылыгынан баш тартуу менен коргоо бар. Аллах ыймандууларга ар кандай шартта өзүнөн мурда башкалардын бейпилдигин камсыздоону, дайыма сабыр кылууну жана дайыма жоомарттык кылууну буйруган. Аллах Куранда сабырдуулук менен жакшылык кылгандарга мындайча жакшы кабар айткан:

**Бей-бечараларга, жетимдер менен туткундагыларга өздөрү сүйүп (жегиси келип) турган тамактан жедирип (мындай дешкен): «Биз силерди Аллахтын Жүзү (ыраазычылыгы) үчүн тамактандыруудабыз. Биз силерден (эч кандай) акы жана алкыш сурабайбыз. Биз Раббибизден (жана жүрөктү) сыга турган оор күндөн (кыяматтан) коркобуз.» Эми Аллах аларды мындай күндүн жамандыгынан коргоду жана аларга жаркыраган бир жарык жана бир кубаныч берди. Жана сабыр кылганы үчүн бейиш жана жибек менен сыйлады. (Инсан Сүрөсү, 8-12)**

## Фашисттик Германияда евгеника

Ян Кершоу (Ian Kershaw) тарабынан жазылган жана 1998-жылы жарык көргөн Адольф Гитлердин биографиясында 1920-жылдары Германияда социал дарвинизмдин, евгениканын жана фашизмдин тыгыз байланышта болгонун баса белгиленип, мындай деп айтылат:

Интеграл национализм, национал социализм, социал дарвинизм, расизм, биологиялык антисемитизм, евгеника, элитизм ар кандай деңгээлде бир-бирине аралашты...[118]

Илим тарыхындагы туура эместиктерди изилдеген Др. Роберт Янгсон (Dr. Robert Youngson) болсо бир анализинде фашисттердин кыргындарынын түпкүрүндө евгеника пикиринин турганын жана евгениканын тарыхтын эң чоң илимий калптарынын бири экенин мындайча айткан:

Евгениканын мындай караңгы жүзүнүн натыйжасы Адольф Гитлердин таза “арийлердин” үйлөнүшүн колдоо менен жана начар өнүккөн гендерге ээ деген алты миллион адамды өлтүрүү менен “мырза расаны” чыгарууга аракет кылып көрүшү эле. Гальтонду геноцид үчүн, ал тургай муну жактоо себеп боло турган натыйжаларды жакшы түшүнбөгөнү үчүн айыптоо көп адилеттүү болбойт. Бирок кантсе да Гальтон чындап евгениканын башкы куруучусу эле жана Гитлерде бул пикир тануулоого

айланган. Ошондуктан натыйжалары жагынан бул көз-карашты бүт доорлордун эң чоң илимий каталарынын бири катары атоого болот.[119]

Янгсон Гальтондун акыл жана илимге карама-каршы көз-караштарын болгону "илимий бир ката" катары сыпаттоо менен негизи абдан "жакшы ниеттүү" мамиле кылууда. Гальтон жана ага окшогондор айткан пикирлер – дүйнө тарыхында теңдеши аз жырткычтык жана кыргындын негизин түзгөн коркунучтуу бир дүйнө көз-карашы. Фашисттик Германия – социал дарвинисттик дүйнө көз-карашы коомдорго толук колдонулганда кандай чоң балээлердин болоорун көрүү жагынан тарыхый бир сабак.

Фашисттер өз ойлорунда арий расасын "кирдеткен" ар расаны, ар "төмөн", "кемчиликтүү", "жетишпес" жана "оорулуу" адамды өлтүрүүнү бир мамлекет саясатына айлантышкан. Гитлер мындай таш боордуктун себебин өз ойунда мындайча түшүндүргөн:

Чирий турган адамдар... табият узун мөөнөттө зыяндуу элементтерди жок кылат. Адам бүт жандыктар эки тараптуу бир-бирин жок кылууну каалаган бул табият мыйзамынан жийиркениши мүмкүн. Канаттуу бир ийнелик тарабынан кармалат, ийнелик болсо кийинчерээк өзүнөн чоң бир канаттуу тарабынан жутула турган башка бир канаттуу тарабынан жутулат... Табияттын эрежелерин билүү аларга баш ийүүбүзгө мүмкүндүк берет.[120]

Гитлер табияттагы экологиялык тең салмактуулукту камсыз кылган кээ бир окуяларды карап, бул адамдарга да тиешелүү деп айтуу менен чоң ката кетирген. Айбанаттардын башка бирөөсүн жем катары көрүшү адамдардын да алсыздарды таш боордук менен жок кылышы маанисине келбейт. Айбандар аң-сезими жок жандыктар. Адамдар болсо акыл, аң-сезим жана абийирге ээ, жана жакшы менен жаманды, туура менен туура эмести бир-биринен айырмалоо, окуяларды анализдөө жөндөмүнө ээ. Адамдар айбандардай жашаш керек дегендер болсо – бул Гитлер сыяктуу руханий ооруларына өз ойлорунда кадыресе бир негиз жасоого аракеттенгендер. Гитлер бул калптарды канчалык таңуулаганын төмөнкү сөздөрү менен айткан:

Эгер ыйык бир буйрукту кабыл алсам, ал мындай болот: "сен түрлөрдү коргойсуң." Бир адамдын жашоосуна абдан жогору баа берилбеши керек. Эгер бирөө табият үчүн маанилүү болсо, табият аны коргоо үчүн керектүү көңүл бөлөт. Бир чымын таштаган миллиондогон жумуртка ичинен абдан азы гана жумурткадан чыгат, бирок ошентсе да чымындар расасы көбөйөт.[121]

Чынында болсо ар бир адамдын жашоосу - расасы, жынысы жана тили кандай гана болбосун абдан баалуу. Абийирдүү бир адам расасына же материалдык өзгөчөлүктөрүнө карабастан бүт адамдарды коргоо үчүн колунан келгенин жасоого милдеттүү. Гитлердин жана башка фашисттик идеологдордун адам жашоосун мынчалык маанисиз көрүшүнүн жана башка улуттарга карата сезген өчөштүк жана кекенүүлөрүнүн адамзатка канчалык чоң балээлер алып келгенин болсо Экинчи дүйнөлүк согуш бүт адамдарга көрсөттү. Ошондой эле, Гитлердин адашкан дүйнө көз-карашы бир гана башка расалар үчүн эмес, Гитлердин өз мекендештери үчүн да чоң бир балээге айланган. Германияда кеңири масштабда жасалган евгеника мунун мисалдарынын бири.

## • Германияда евгеника кыймылынын чыгышы

1900-жылы немец өнөр-жайчы Альфред Крупп (Alfred Krupp) тарабынан эң жакшы макала жарышы уюштурулган. Жарышта "Ички саясатты өнүктүрүү жана мыйзамдарга киргизүү үчүн

дарвинизмдин принциптеринен эмнелерди үйрөнө алабыз?” деген темада жазылган эң жакшы макалага сыйлык берилген.

Жарышта Вильгельм Шаллмайер утту. Шаллмайер маданий коомду, ахлакты жана ал тургай “туура” жана “туура эмести” да өз оюнда жашоо күрөшү менен түшүндүрүүгө аракет кылган. Бүт мыйзамдар бул түшүнүктөргө ылайыкташтырылыш керек; ушундайча ак расанын Австралия аборигендеринин деңгээлине түшүшүнө тоскоол болунат; коом дене жана акыл жагынан алсыз адамдарды коргогон сайын артка кетүү сөзсүз болот деген. Расалык тазалоо жырткычтыгынын Германиядагы негиздөөчүсү жана социал дарвинист Др. Альфред Плоетц (Dr. Alfred Ploetz) Шаллмайердин бузуку пикирлерин толугу менен колдоорун жана ак расаны коргоо керек экенин айткан. Мисалы, согуш учурларында расаны коргоо үчүн расалык жактан төмөн адамдарды гана алдыңкы фронтко жөнөтүү керек деп катуу жактаган. Алдыңкы катардагы аскерлер көбүнчө өлтүрүлгөндүктөн, “ишке жарабаган алсыздар” өлүп, жогорулар өмүрүн улантат деген. Андан да алдыга кетип, төрөт учурунда докторлор тобунун даяр турушун жана наристенин жашашы үчүн жетиштүү деңгээлде “ылайыктуулугун” чечип, эгер ылайыктуу эмес болсо, наристени өлтүрүүнү сунуштаган.[122]

Мындай жүрөк титиреткен сунуштар фашисттик бийликтен мурдагы евгеника кыймылынын алгачкы кадамдары эле. 1933-жылы 14-июльда фашисттик партияны бийликке алып келген марттагы шайлоодон болгону 4 айдан соң евгеника жана “мээни тазалоо” кыймылы барган сайын жайылып баштаган. Андан мурда евгеникалык максатта тукумсуздаштыруу жасалса да, мыйзамга каршы эле. Бирок эми “Келечек урпактарда тукум куучу оорулардын алдын алуу мыйзамы”, көбүрөөк белгилүү болгон аты менен “Тукумсуздаштыруу мыйзамы” тегерегинде евгеникалык жырткычтыктын эркин жасалышына уруксат берилген эле. Бул зомбулуктун башкы негиздөөчүсү Мюнхен университетинин психиатрия профессору Кайзер-Вилгельм институтунун башчысы профессор Эрнст Рудин эле. Рудин Тукумсуздаштыруу мыйзамы кабыл алынгандан көп өтпөстөн, фашисттик партиядан кээ бир адвокат жана адистер менен бирге, мыйзамдын маанисин жана максаттарын түшүндүргөн бир баяндама жарыялады. Мыйзамдын максаты, кыскача айтканда, немец идеалына жете алуу үчүн улуттун “таза эмес жана каалanбаган” элементтерден тазаланышынын камсыздоо эле.

Байкуш жана коргоого муктаж абалдагы бул адамдардын евгеника жырткычтыгы сунуштаган адамгерчиликсиз мамилелерге кабылышы социал дарвинизмдин жалгандарына алданган адамдар тарабынан гана кабыл алынышы мүмкүн. Бул адамдардын ар бири жардамга муктаж оорулуу жана алсыз. Алсыз адамдарга каалагандай мамиле кыла алабыз деп ойлогон фашисттер бийликте турган мөөнөт бою жүрөк титиреткен сахналарга себеп болушкан.

Германияда кабыл алынган бул примитивдик мыйзам боюнча, тукумсуз кылуу адамдын каалоосу болбостон да мүмкүн эле. Расмий бир доктор полициянын жардамы менен керек болсо мажбурлап тукумсуз кылууга мыйзам жагынан укуктуу эле. Америкалык социал дарвинист, расист жана фашизм жактоочусу Лотроп Стоддард (Lothrop Stoddard) *Into the Darkness – Nazi Germany Today* (Караңгылыкты көздөй – учурда фашисттик Германия) аттуу китебинде Германияга болгон бир сапары учурунда евгеника соттору жөнүндө көргөндөрүнөн сөз кылат. Стоддард ден-соолук кызматтынан кургак учук бөлүмүнөн бир кызматкер менен болгон бир маегинде ага мындай деп айтылганын билдирет:

Кургак учук менен ооруган адамды дарылоо ал адамдын социалдык баркына жараша аныкталат. Эгер барктуу бир жаран болсо жана айыктыруу мүмкүн болсо болушунча каржоо жасалат. Эгер

айыктыруу мүмкүн эмес деген чечим алынса өмүрүн куткаруу үчүн эчтеке жасалбайт. Себеби аны жашатуу ага да, коомго да пайда бербейт. Германия белгилүү санда гана адамды бага алат. Биз Национал социалисттер социалдык жана биологиялык барктуу (баалуу) адамдарды гана кароого милдеттүүбүз.[123]

Ислам ахлагында болсо адамдар материалдык мүмкүнчүлүгү, кызматы жана абалы кандай гана болбосун, дарылануу мүмкүнчүлүгүнөн бирдей пайдалануу укугуна ээ. Бир адамды денесинде кээ бир кемчиликтери болгону үчүн же бай болбогону үчүн өлүмгө таштоо – апачык кылмыш. Муну коомго колдонууга аракет кылуу болсо коомдук кыргын жасоо маанисине келет.

Фашисттик Германияда Тукумсуздаштыруу мыйзамы барган сайын кеңейтилген. 1933-жылы 24-ноябрьда "коомдук ахлакка каршы чыгууну көнүмүш адатка айландыргандарды" да тукумсуз кылуу чечими алынды. Фашисттердин "расалык кирдөө гипотезалары" ошентип "коомдук ахлакка каршы чыгуу кылмышын" да камтыган. Кийинки жылдар национал социалисттердин коркунучтуу пландарынын тукумсуздаштыруудан гана турбаганын көрсөттү.

## • Нюрнберг мыйзамдары

Фашисттердин чыныгы максаты үчүн Тукумсуздаштыруу мыйзамы жетиштүү эмес эле. "Тазаланган арий расасын" пайда кылуу үчүн 1935-жылы Нюрнберг мыйзамдары чыгарылды. Бул мыйзамдар жырткычтык жана караңгылыктын кагаздагы абалы эле. Бул мыйзамдар менен арий расасынын "тазаланаары" кабыл алынган.

Расаны тазалоо иш-аракеттери эң башка мамлекеттик кызматкерлердин ата-тегин изилдөөдөн башталган. Арий расасына тиешелүү эмес деп түшүнүлгөн кызматкерлер пенсияга чыгууга мажбурланды. Нюрнберг мыйзамдары немец калкын экиге бөлгөн; мамлекетке баш ийгендер жана саясий уктар да кошо толук жарандык укуктарга ээ болгондор. Еврейлер, цыгандар жана башка расалардан адамдар болсо баш ийгендер гана эле, жарандык укуктарга ээ эмес эле. Нюрнберг мыйзамдарынын экинчиси болгон "Немец канын жана немец баркын коргоо мыйзамы" (кыскача "Кан коргоо мыйзамы" катары белгилүү) улуттун "расалык тазалыгын" кепилдөөнү максаттаган. Жаңы мыйзам боюнча, немец жарандары менен немец баш ийгендердин үйлөнүшү кылмыш эле. Андан да, бул мыйза "кааланбаган адамдар" изоляция кылынышы үчүн келечектеги иш-чараларга бир негиз түзгөн.

## • Жогорку расаны аныктоо программалары

Евгеника программасында алгачкы кадам – фашисттердин жаңылыштыгы боюнча жогорку жана корголо турган расанын кайсы өзгөчөлүктөргө ээ экенин аныктоо эле. Ал боюнча, жогорку расанын өзгөчөлүктөрү мындай эле:

Саргымтыл, узун бойлуу, башы узун, бети кууш, жаагы күчтүү, бийик кемерлүү, мурду кууш, жумшак чачтуу, көзү ачык өңдүү жана денеси кызгылт-сары өңдүү.[124]

Оорулуу жана таңуулоочу бир мээнин түшүмү экени оңой гана байкалып турган ушул жана ушуга окшогон критерийлер илимге да туура келбейт, ахлак жагынан да кабыл алууга мүмкүн эмес. Мурда да айтып кеткендей, адамдарды түсүнө, көзүнүн, чачынын өңүнө карап бөлүүнү эч бир логика жана ахлак менен түшүндүрүүгө болбойт.

Коюлган ушундай акылга сыйбас критерийлерге карабастан, фашисттерге расаларды бир-биринен бөлүү анчалык оңой болгон эмес. Бул үчүн башты ченеп, илимий баалуулугу жок кээ бир мээ тесттерин колдонуу сыяктуу көптөгөн примитивдик ыкмалар менен адамдарга ар кандай ченөөлөрдү жасашкан. Керектүү жогорку раса өзгөчөлүктөрүнө ээ деп ойлогон аялдарды атайын үйлөрдө кармашкан жана бул жапайылык уланган мөөнөт бою фашисттик офицерлер тарабынан кош бойлуу кылынган. Мындай ахлаксыз "адам өстүрүү фермаларында" аталары белгисиз балдар дүйнөгө келди. Бул балдар "жогорку немец расасынын" келечек урпактары эле. Бирок бул фермаларда эч күтүлбөгөн бир жыйынтык алынды. Бул фермаларда төрөлгөн балдардын IQ орточолору эне-аталарынын орточолорунан төмөн эле.[125]

## T4 эвтаназия программасы: "илимий" кылмыштар

Фашисттер бардык мындай мыйзамдар менен бирге дагы бир топ акылсыз иш-аракеттерге негиз түзүштү. Адамзатты уялткан мындай иш-чаралардын бири – "акыл оорулууларынын жалпылай кыргыны" деп атоого болгон "T4 эвтаназия программасы" эле. Программанын аты иш-чара жүргүзүлгөн борбордун Берлиндеги дарегинин баш тамгаларынан коюлган: Tiergartenstrasse 4.

Фашисттик Германияда эвтаназия "расалык тазалоону" камсыздоо үчүн тукумсуздаштыруудан соң колдонулган экинчи ыкмага айланган. T4 эвтаназия программасы менен айыктыруу мүмкүн болбогон, дене же акыл жагынан майып, руханий проблемасы бар адамдар жана улгайгандар өлтүрүлүштү. Бир тарапта газ бөлмөлөрүндө күнөөсүз наристелер, аялдар, улгайгандар башка расадан болгону үчүн гана геноцидге кабылса, башка тарапта бир расадан болгонуна карабастан алсыз жана күчсүз көрүнгөнү үчүн миңдеген байкуш таш боордук менен өлтүрүлгөн. Гитлер мындай таш боор программаны 1939-жылы баштаган жана 1941-жылга чейин расмий ишке ашырууну уланткан. Бирок кылмыштар 1945-жылы фашисттер жеңилгенген чейин мыйзамсыз улантылган.

T4 "Geheime Reichssache" (Жашыруун немец өкмөтү маселелери) катары белгилүү болгон буйрук жана чараларды да камтыган жана буларды аткаруу кызматкерлери сыр сактоого мажбур эле. Фашисттик доордо эвтаназия иш-аракеттери жөнүндө көп маалымат болбогонунун эң негизги себептеринин бири – бул программа менен окутулган жана колдонулган кызматкерлердин кийинчерээк согуштун эң кооптуу фронтторуна аскер катары жөнөтүлүшү эле. Булардын бири Югославия фронту болчу. Бул өлкөдөгү тирешүүнү жүргүзгөн партизандар колго түшүрүү ордуна бүт душман аскерлерди өлтүрүүлөрү менен атактуу эле. Эвтаназия күбөлөрүнүн көпчүлүгү ушул фронтко жөнөтүлүү менен жок кылынган.

Германияда "Расалык тазалоонун" негиздөөчүсү болгон Альфред Плетц *Fundamental Outline of Racial Hygiene* (Расалык тазалоонун жалпы долбоору) аттуу китебинде оорулууларды жана майыптарды өлтүрүү жөнүндө алгачкы сөз кылган киши болду. Плетцтин бузуку логикасы боюнча, алсыздардын жана оорулуулардын корголушу жана багылышы "расанын корголушу жана тазаланышы" жагынан такыр туура эмес эле. Бул бузуку көз-караш боюнча, алсыздар эленүүнүн ордуна корголуп жашатылып жаткан эле. (Чынында болсо акылы жайында болгон коомдо ошондой болушу керек. Алсыздар корголуп, колдоо көрүшөт.) Плетц майып же кемчиликтүү төрөлгөн бир наристе Докторлор кеңеши тарабынан берилчү аз дозада бир морфий менен ылдам өлтүрүлүшү керек деп сунуштаганчалык заалым эле.

Плетцти башкалар да ээрчиди. 1922-жылы укукчу Карл Биндинг жана психиатрист Альфред Гоша *The Release of the Destruction of Life Devoid of Value* (Барксыз өмүрдү кыйуу уруксаты) аттуу эвтаназияны жактаган бир китеп чыгарышкан. Китепте оорулуу жана майыптар өздөрүнө да, коомго да жүк, жана аларды өлтүрүү көп жоготуу болбойт, ал “ишке жараксыз” адамдардын өмүрүн сактоонун чыгымы абдан жогору жана мамлекет бул акчаны бир топ натыйжалуу тармактарга корото алат дешти. Өз ойлорунда чечим катары дене жана акыл майыптарын өлтүрүү керек дешти жана бул үчүн диний жана мыйзамдык тоскоолдуктарды жок кылууну каалашты.[126] Гошенин акылга сыйбас гипотезаларынын бири – адам өмүрүн коргоо жөнүндөгү ахлактык баалуулуктардын жакында жок болоору, “керексиз” өмүрлөрдүн жок кылынышы коомдун жашашы үчүн мажбурдуу нерсеге айланаары эле.[127]

Мунун канчалык коркунучтуу бир сунуш экенин жакшыраак түшүнүү үчүн бул адамдар сунуштаган модельдер ишке ашырылган бир коомдо жашап жатканыңызды элестетүү жетиштүү болот. Кулагы укпаган бир карындашыңыз, көздөрү көрбөгөн бир апаңыз, руханий проблемасы бар бир кошунаңыз, буттары иштебеген бир чоң атаңыз, айыктырууга мүмкүн болбогон бир оорусу бар чоң энеңиз, улгайган атаңыз көз алдыңызда өлүмгө алып кетилсе жана бул жырткычтыкты жасагандар муну “илим” атынан коомдун жакшылыгы үчүн жасап жатабыз дешсе, оюңузга эмне келмек? Албетте, бул догмалардын эч бир илимий тарабы жок экенин толук түшүнүп, жакшы көргөн жана жакын адамдарыңыздын өлтүрүлүшүнүн чоң заалымдык экенин билмексиз. Бул догмалардын мээси ордунда болбогон адамдардын тантырактары экенин оңой гана түшүнмөксүз. Бул жырткычтыктын сизге жана бүт тааныштарыңызга эч сүрөттөлгүс азаптар берээри анык. Башта фашисттик Германия турган евгеника истериясына кабылган көптөгөн коомдордо мына ушундай азаптар болуп, мындай кылмыштар ал коомдордун абийиринде терең жаралар калтырган.

Эволюционисттердин болуп өткөн зулумдуктардын чоңдугуна көз жумуп, адамдарга унуттурууга же бул кылмыштарды жокко чыгарууга аракет кылышынын натыйжасыз экенин унутпаш керек. Канчалык жашырууга аракет кылышпасын, чындыктар апачык көрүнүп турат. Дарвинизмдин калптары пайда кылган идеологиялык негиз себебинен адамзат абдан чоң азаптарды тартып, чоң жоготууларга кабылды.

Ошол эле доордо эвтаназия жырткычтыгы бир эле Германияда эмес, эң башында АКШ кошо көп өлкөлөрдө жайылып баштаган. АКШда Рокфеллер институтунан Др. Алексис Каррельдин 1935-жылы *Man The Unknown* (Билинбеген адам) аттуу китеби чыкты жана бул китеп үч жыл ичинде 9 тилге которулду. Каррель китебинин "The Remaking of Man" (Адамдын кайрадан жасалышы) аттуу акыркы бөлүмүндө коомдук маселелерге “чечим” катары евгеника жана эвтаназияны көрсөттү. Акыл оорулууларын жана кылмышкерлерди ылайыктуу газдар бар кичи эвтаназия институттарында өлтүрүү керек деп айтуу менен кылмышты төмөнкү сөздөрү менен жактоого аракеттенген:

Майып жана кылмышкерлердин көп болушу чечилбеген бир маселе. Алар катардагы адамдар үчүн чоң жүк. Мурда да көңүл бургандай, абактарды жана акыл оорукааналарын кароо жана элди гангстерлерден жана акыл оорулууларынан коргоо үчүн көп суммалар керек. Эмнеге бул керексиз жана зыяндуу жандыктарды коргоп жатабыз? Анормалдуулар нормалдуулардын өнүгүшүнө тоскоол болуп жатат. Бул чындыкты жакшылап караш керек. Коом эмне үчүн кылмышкерлерден жана акыл оорулууларынан үнөмдүү бир ыкма менен кутулбайт? Жоопкерчиликтүүнү жоопкерчиликсизден

бөлүүгө аракет кылууну, кылмышкерге жаза берүүнү, кылмыш кылганына карабастан күнөөсүз деп кабыл алынгандарды өзүнчө бөлүп отурууну уланта албайбыз.

Биз адамдарды соттой турган жөндөмдө эмеспиз. Бирок коом маселе жараткан кооптуу элементтерден коргонушу керек. Муну кантип жасоого болот? Албетте, чыныгы ден-соолукту чоңураак жана илимий жактан өнүккөн ооруканаларды куруу менен камсыз кыла албаган сыяктуу, чоңураак жана бейпилирээк абактарды куруу менен ийгиликке жете албайбыз. Германияда өкмөт төмөн түрлөрдүн, акыл оорулууларынын жана кылмышкерлердин көбөйүшүнө каршы натыйжалуу чараларды көрдү. Идеалдуу чечим – ушул сыяктуу бүт кишилерди кооптуу экени далилденген соң ылдам жок кылуу...

Ошол эле учурда кылмышкерлерге каршы да абдан натыйжалуу күрөшүү керек. Балким абактарды жок кылуу керек. Кичирээк жана чыгымы аз уюмдар булардын ордуна келиши мүмкүн. Маанисиз кылмыштардан өкүм чыгарылган –андан соң кыска мөөнөт ооруканада калуу шарты менен-камчыланып же башка илимий ыкмалар менен кармалышы тартипти сактоо үчүн чоң ыктымалдуулук менен жетиштүү болот. Чоңураак кылмыштарды жасагандар газдары бар кичи эвтаназия уюмдарында адамча жана аз чыгымдуу ыкмалар менен жок кылынышы керек. Ушуга окшош ыкманы жаза талап кылган бир кылмышы бар, акылы ордунда болбогон адамдарга да колдонууга болот. Заманбап коом өзүн нормалдуу индивиддерге ылайыктуу абалда уюштуруу жагынан күмөндө болбошу зарыл. Философиялык системалар жана сезимтал стереотиптер мындай муктаждыкка жол ачпашы керек. Жеке адамдын өнүгүшү цивилизациянын түпкү максаты.[128]

Др. Каррель китебинде кылмышкерлерди жана коомго зыян берчүдөй көрүнгөн адамдарды өлтүрүү эң жакшы жана эң “үнөмдүү” чечим болот деп айтууда. Мурда да айтылгандай, социал дарвинизм коомдун маселелерине чечим издегенде, окуялардын адамгерчилик жагын эске албастан, абдан механикалык, адамгерчиликсиз, таш боор жана заалым, адам абийирине эч туура келбеген чараларды сунуштоодо. Адамдар, өзгөчө “кааланбаган” адамдар айбан же буюм сыяктуу кабыл алынышы керек дейт.

Бул жерде бир нерсени түшүндүрө кетүү зарыл: кылмыш менен жана кылмыш кылгандар менен күрөшүү коомдор үчүн абдан маанилүү. Бул күрөш сөзсүз пикирдик чөйрөдө жүргүзүлүшү зарыл. Бир жагынан, кылмыш кылууга негиз түзгөн шарттар жок кылынышы керек, экинчи тараптан болсо кылмыш кылган адамдарды ар кандай маданий, таалим программалары менен коомго кайтарууга аракет кылуу зарыл. Дарвинизмдин адамды бир айбан түрү кылып көрсөткөн калптары ар кандай кылмышка негиз түзүүдө; кылмышты, уурулукту, зордуктоону, зомбулукту жана ар кандай жамандыкты кадыресе көрсөтүүдө. Адамдарга алгач кылмыш кылууну кадыресе көрсөтүп, анан кылмыш кылганы үчүн аларды өлтүрүү аркылуу жазаландырууну сунуштоо – эч түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон бир көрүнүш. Ошондуктан, маалыматы аз болгондуктан же бул пикирлер себеп боло турган балээлерди ойлонбогондуктан, эволюция теориясын жактоону уланткандардын коркунучтун масштабын түшүнүшү абдан маанилүү. Кылмышкерлерди “өлтүрүү” аркылуу коомго бакубаттык алып келүүгө аракеттенүү – абдан жапайы, жырткыч жана варвардык ыкма. Кылмыштуулукту жана кылмышкерлерди азайтуунун эң натыйжалуу жана тамырлуу жолу – бул коомду руханий жактан күчтөндүрүү, билим берүү, жашоо шарттарын жакшыртуу, бакубаттыкты көтөрүү. Эң негизгиси, коомдун диний ишенимин, Аллах коркуусун жана сүйүүсүн күчтөндүрүү. Аллахтан корккон, өлгөн соң дүйнө жашоосунда кылгандарынын жообун жаза же сыйлык катары алаарын билген, Аллахты сүйгөн бир адам Аллахтын

жараткандарын да сүйөт. Башка адамдарды сүйүп, урматтайт, дайыма сонун ахлакта болот. Бул түшүнүк бир коомдо канчалык жайылса, ал коом ошончолук бакубаттык жана бейпилдикте болуп, өнүгөт.

## • Гитлердин кылмыштарга уруксат берген жашыруун буйругу

Фашисттик Германияда чыгарылган расисттик мыйзамдардан соң кезек элге евгеника иш-аракеттерин, өзгөчө эвтаназияны кабыл алдырууга келген. Бул үчүн ар түрдүү пропаганда ыкмалары колдонулган. Бул ыкмалардын башында кинолор турган. Максат – адамдарды "мынчалык ишке жараксыз адамдын өмүрүн сактоо үчүн эмнеге мынча көп убара болуу керек" деген калпка ишендирүү эле. Гезиттерде акыл оорулууларына канчалык акча коротулаары жана бул акчаларды башка кандай пайдалуу иштерде колдонууга мүмкүн экени жөнүндө кабарлар жана макалалар жарыяланган. Бул кампания ушунчалык масштабдуу болуп, окуу китептерине чейин жеткен.[129]

1938-жылдардын аягында Германияда биринчи эвтаназия жасалып баштаган. 1938-жылдардын аягына жакын Лейпцигден Кнауэр аттуу бир адам Адольф Гитлерге бир кат жөнөткөн. Катта сокур, акылы кем жана мүчөлөрү кем төрөлгөн баласынын жанын кыйуу үчүн бир доктор талап кылганын жазган. Катына жооп катары Гитлер жеке доктору профессор Карл Брандтты Лейпцигге жолдогон жана натыйжада наристе докторлор тарабынан өлтүрүлгөн.[130]

Гитлер Др. Карл Брандт жана Филипп Боулерге өзгөчө учурларда эвтаназияга уруксат берүү укугун берген. **"Гитлердин буйругу"** катары эскерилген укук документинде мындай деп айтылган:

Боулер менен Др. Брандт аттары айтылган кээ бир докторлордун кызмат укуктарын (полномочие) кеңейтүү боюнча жооптуу. Бул боюнча, оору абалынын экспертизасынан соң адам акылы –бул оорулуулар үчүн- мээримдүү бир өлүм үчүн чечим чыгара алат.

Колу, А. Гитлер.[131]

Кылмышты күнүмдүк жашоонун бир бөлүгүнө айланткан бул укук фашисттик Германиянын психиатрлары тарабынан жасалган кылмыштарга "мыйзамдык" негиз эле түзбөстөн, кийинчерээк Нюрнберг окуяларында жана башка кээ бир окуяларда күбөлөрдүн бул укукту бир буйрук катары жоромолдошу жасаган кылмыштарын "жеңилдетүүчү" бир себеп катары колдонулган.

## Т4 эвтаназия программасы кантип ишке ашырылган?

1939-жылдын ортолорунда эвтаназия программасы менен байланыштуу даярдыктардын акыркы баскычы башталган. Психиатрия комитети жана кеңешчилер тарабынан даярдалган анкеталар октябрь айында акыл ооруларына тиешелүү оорукана жана уюмдарга жөнөтүлгөн. Анкетадагы суроолор төмөнкүлөрдү камтыган: "оорулуунун аты, үй-бүлөлүк абалы, улуту, эң жакын тууганы, тынымсыз кабар алышабы, кимдер келип турушат, акчалай камсыздоо кимдин мойнунда, качантан бери ооруканада, качантан бери ооруп жатат, диагноз, башкы белгилер, төшөккө таңылганбы, кишендеби, айыгышы мүмкүн эмес бир оорудан же арыздан улам жатабы, согуш жарадарыбы? Жана оорулуунун расасы." Бул анкеталар Т4 программасында иштеген башчы топтор тарабынан таркатылган.

Т4 системасында 4 астыңкы топ курулган жана кандайдыр бир иликтөө учурунда бул топтор чыныгы булакты жашырышмак. Т4түн түпкү тобунан келген буйруктарды бул астыңкы топтор ишке ашырышкан. Кандайдыр бир оорукана же үй-бүлө өлүм буйругун же формасын иликтегенде, бул түпкү топко жетиши, 4 астыңкы топтун артында кандайдыр бирөөнү табышы мүмкүн эмес эле.

Бул төрт топко параллельдүү иштеген дагы бир топ бар эле; алар өзгөчө наристелердин өлтүрүлүшүндө адистешишкен. Бул топтун аты *Realms Committee for Scientific Approach to Severe Illness due to Heredity and Constitution* (Тукум куучу жана денеге байланыштуу олуттуу ооруларга илимий подход үчүн эл комитети) эле жана бул уюмга көз-каранды иштеген дагы эки астыңкы топ бар эле. *Charitable Company for the Transport of The Sick* (Оорулууларды көчүрүү үчүн көмөкчүлөр биримдиги) деп аталган уюм оорулууларды өлтүрүү борборлоруна алып баруу кызматын аткарышкан. *Charitable Foundation for Institutional Care* (Уюмдук кароо үчүн көмөкчүлөр фонду) аттуу уюм болсо акыркы даярдык жана жөнгө салууларды жасаган.

Фашисттердин ынсапсыз иш-аракеттеринин бири – өлтүрүлгөн оорулуулардын үй-бүлөлөрүнөн “кылмыш чыгымдарынын” алынышы эле; бирок үй-бүлөлөр жакындарынын өлтүрүлүшү үчүн төлөгөнүн билген эмес.

Келген анкеталар акыл ооруканасында ал оорулууларды караган доктор же психиатрлар тарабынан толтурулган. Анкеталар кайра келгенде Т4түн психиатрлары жана башка адистер тарабынан анализ кылынган. Эч бир оорулуу текшерилип, каралган эмес. Бир оорулууну өлтүрүү чечими ошол анкетадагы маалыматтар боюнча алынган.

Анкеталар жөнөтүлүп баштаганда кээ бир акыл ооруканалары жана ылайыктуу имараттар өлтүрүү борборлору жана кылмыш үйрөтүү окуу жайлары катары колдонуу үчүн кайрадан уюшулган. Имараттардын ичиндеги өлүм бөлмөлөрү жуунуу бөлмөлөрү сыяктуу камуфляж кылынган.

Бул жүрөк титиреткен система мындайча иштеген: анкета жооптору келген соң өлүмүнө чечим алынган оорулуулар турган уюмга бир маалымдама жөнөтүлүп, согуш жарадарларына орун даярдоо же бул оорулуулардын жакшыраак дарылана алышы үчүн башка бир жерге которулаары билдирилген. Бул оорулуулар алдыңкы уюмдардын бири болгон жана оорулууларды ташууга милдеттүү уюм тарабынан жыйналган жана өлтүрүү борборлорунун бирөөсүнө алып барылган. Бул борборлорго келгенден кийин бир канча саат ичинде өлтүрүлүшкөн.

Өлтүрүлгөндөр акыл жагынан айыкпаган оорулуулар гана эмес эле. Эвтаназия ылдамдаган сайын фашисттер башка өз ойлорунда “кааланбаган” кишилерди да буга киргизишкен. Руханий бузуктугу барлар, шизофрениктер, улгайгандан улам алсыздык сезгендер, эпилептиктер, шал, паркинсон, кыртыш катуулашы жана мээ шишиги сыяктуу башка органикалык неврологиялык оорулуулар үчүн да өлүм буйруктары берилген. Наристелер да ошол сыяктуу өлтүрүлүшкөн, жетимканалар жана түзөт жайлары өлтүрүлө турган жаңы талапкерлер үчүн терең изилденген.

Бир нерсени айта кетүү керек, өлтүрүлгөн оорулуулардын 50%ы эгер жашашына мүмкүндүк берилгенде, айыгуу мүмкүнчүлүгү бар оорулуулар эле.[132]

Мурда да айтылгандай, Т4 операцияларын жана өлүм борборлорун жашыруу үчүн алардын катардагы акыл ооруканалары сыяктуу көрүнүшүнө абдан маани берилген. Бул чындык Нюрнберг окуяларында KdF'нин (бул термин фюрердин канцлери маанисинде колдонулат) II бөлүгүнүн шефи жана эвтаназия программасынын ишке ашырылышынан жооптуу негизги кишилердин бири Виктор Брак тарабынан моюнга алынган. Брак Нюрнберг окуяларында өлүм бөлмөлөрүнө кирип баратканда оорулуулардын колдорунда кол арчу менен самын бар экенин жана чындап жуунабыз деп ойлошконун айткан. Душтардан болсо суу ордуна өлтүрүүчү газ берилген.

Кылмыштарды ишке ашырган окуучуларды Гитлердин кол алдындагы жогорку чиндүү офицерлери тандашкан жана ал адамдар абдан катуу окутулушкан. Башында кылмыштарды карашып, таалим алуу уланган сайын оорулууларды бөлмөлөргө алып барышып, өлүм газын оорулуулар турган бөлмөгө берип башташкан. Андан соң оорулуулардын жандалбастаганын карап турушуп, өлгөнүнө ишенген соң бөлмөлөрдү желдетип денелерди чыгарышкан. Ушундайча миңдеген күнөөсүз адамдарды өлтүрүшкөн.

Бул кылмыштардын баары катуу коопсуздук чаралары астында ишке ашырылып, сыртка биртке да маалымат чыкпашы үчүн ар түрдүү чаралар көрүлгөн. Себеби бул имараттарда өлтүрүлгөн адамдар "башка расадан" да адамдар эмес эле. Көпчүлүгү немец же австриялык эле. Эгер немец калкы өз мекендештеринин ушундайча өлтүрүлгөнүн билип калышса, фашисттердин муну түшүндүрүшү кыйын болгондуктан, ар түрдүү коопсуздук чарасы көрүлгөн.

Бир желдет (палач) сыяктууга айланган окуучулар белгилүү мөөнөттөн соң кылмыш жасоого көнүшүп, ал адамдардын жалбарганынан, кыйкырыктарынан жана жандалбасташынан таасирленбей башташкан. Бул процесс бою болсо окутуучулары тарабынан жакшылап анализ кылынып, реакциялары кагазга алынып, ушуга жараша алар жөнүндө рапорттор жазылган. Ошондой эле, бул окуучулар өз элинен болгон адамдарды оорулуу болгону үчүн гана мынчалык оңой өлтүрө алышса, "төмөн расадан" адамдарды мындан да оңой өлтүрөт деп кабыл алынып, келечектеги "кеңири масштабдуу" иш-аракеттер үчүн тарбияланышкан. Бул кылмыштарды кылууга чыдай албаган же реакция көрсөткөн окуучулар болсо согуштун алдыңкы фронтторуна жөнөтүлүшкөн жана бөлүктүн командири тарабынан "өзүн-өзү өлтүрүү бөлүгүнө" алынышкан.

Желдеттикке үйрөтүлгөн окуучулар күйгөн адам этинин жытына, өлүп бараткан адамдардын кыйкырыктарына жана жандалбасына карата чыдамкай, өлүмгө алып бараткан адамдар менен жуунууга бараткан сыяктуу тынч гана сүйлөшө алган, таш жүрөктүү, "кемчиликсиз киши өлтүргүчтөр" катары тарбияланышкан. Окуучулар ар кандай сыйлыктарды алышып, кубатталышкан. "Ар кандай сыйлыктардан" тышкары, 2-класс немец темир крест белгисин алышчу. Бул белгинин берилүү себеби катары болсо "Немец өкмөтүнүн жашыруун маселелери" көрсөтүлгөн.

Элдер убакыттын өтүшү менен бул институттарда эмнелер болуп жатканын түшүнүп баштаганда протесттер башталган. Натыйжада Гитлердин кылмыштарды токтотуу буйругун бергени жарыяланган. Бирок кылмыштар токтогон эмес, ыкма гана өзгөртүлгөн. Андан соң өлтүрүүчү ийне же ач калтыруу сыяктуу ыкмалар колдонулган жана өлүктөр топ-топ көмүлүшкөн. Ушундайча эвтаназия жырткычтыгы согуш бою уланган.

## Атайын кыймыл 14f13

Көптөгөн "кааланбаган" акыл оорулуусу жана "пайдасыз адамдар" өлтүрүлгөн соң Т4 программасы 14f13 коду менен иштөө чөйрөсүн кеңейткен. Программа акыл оорулуулары жана изилдөө институттары менен чектелсе, эми көбүнчө жашаган жердеге шарттардан улам ооруп калган немец жана австриялык абактагылар менен жыйноо лагерьлериндеги еврейлерге, польшалыктарга жана цыгандарга багытталган эле. 14f13 операциясынын башталыш датасы 1941-жылдын декабрь айы. Психиатрлардан турган атайын комиссиялар Т4 Берлин тобуна кошулган жана бул кишилер оорулуу жана өз ойлорунда кааланбаган адамдарды тандап, медицина бөлүмдөрүн жана ооруканаларды тазалоо максатында жыйноо

лагерльлерине жөнөтүшкөн. Тандалган оорулуулар көбүнчө алты өлүм борборунан бирөөсүнө жөнөтүлүп, ал жерде өлтүрүлүшкөн. Жыйноо лагерьлеринен тандалган адамдар көбүнчө иштөө жөндөмүнө карап бөлүнүп, иштей албаган абалдагылар өлүмгө жөнөтүлгөн.

1943-жылы өлтүрүү станцияларынын бири Адамарда жаш балдар да өлтүрүлүп баштаган. Бирок алардын арасында шал же акыл оорулууларынан сырткары, балдар үйүндө, жетимканаларда жашагандар да бар эле.[133]

## Мээримсиздиктин жана таш боордуктун тамыры – динсиздик (атеизм)

Фашисттик Германия социал дарвинисттик пикирлердин жашоодо ишке ашырылышы менен бир коомдун кандай абалга келээринин, адамдардын кандай заалымдыктарга кабылаарынын апачык бир көрсөткүчү. Расисттик теорияларды сындаган *The Emperor's New Clothes* (Императордун жаңы кийимдери) аттуу китептин автору эволюциялык биология профессору Жозеф Л. Грейвс (Joseph L. Graves Jr.) дарвинизм себеп болгон фашисттик Германия трагедиясы жөнүндө мындай дейт:

Фашисттик Германия башынан өткөргөн трагедия – евгеника, расалык иерархия жана социал дарвинизм пикирлери кабыл алынганда эмнелер болоорунун эң ачык мисалы.[134]

Бул адамдардын эмне үчүн мынчалык кекенген, жек көрүүчү, кайдыгер, таш боор болгонун, кандайча болуп адам душманы киши өлтүргүчтөргө айланганын жакшылап ойлонуу керек. Бул суроонун жообу белгилүү: дарвинисттик пикирлер менен окутулган, адамды барксыз бир айбандай көргөн, жашоо күрөш мекени деп ойлогон жана бул күрөштө өз өмүрүн сактоо үчүн ар кандай жамандыкты өз оюнда “кадыресе” көргөн адамдардын таш боор бир коомду пайда кылаары талашсыз. Адамды Аллах жараткан жана рухунан үйлөгөн, абийирдүү жана акылдуу, баалуу (барктуу) бир жандык катары көрүүнү жокко чыгарган, адам айбан жана өсүмдүктөрдөн айырмасыз бир организм деп ойлогондордун массалык кылмыштарды кылышы, байкуш адамдардын жалбарууларынан жана тарткан азаптарынан эч таасирленбеши толук кадыресе көрүнүш. Мындай адам өзүмө же кызыкчылыгыма бир зыян келет деп ойлогондо, башкаларды эч аябастан, мээримсиздик менен оңой гана өлтүрө алат, аларды бактысыздык, жакырдык, жокчулук жана зулумдук ичинде бир жашоого түртө алат. Мынчалык заалым бир адамдын оорулууларды коргошу, муктаждарга жардам бериши, башкалардын кызыкчылыгы үчүн аракет кылышы мүмкүн эмес. Мындай адам оорулуу жана улгайган эне-атасын да карабайт. Майып бир тууганын кароону керексиз убакыт, энергия жана акча жоготуу деп ойлойт. Мындай бузуку дүйнө көз-карашы жайылса, башкаруучулардан үй-бүлө мүчөлөрүнө, докторлордон билим берүү кызматкерлерине чейин бардык адамдар бул бузукулуктун таасири астында мамиле кылат. Дин ахлагы жок коомдордо башкалар үчүн өз мал-жанын аябоо, сабыр, мээрим, боорукердик, сүйүү, урмат, бекемдик сыяктуу жакшы кулк-мүнөздөрдүн болушу мүмкүн эмес. Чыныгы дин ахлагынын жок болушу бүт коомдорго ушул сыяктуу кыйроо жана балээлерди алып келген.

# Аялдарды төмөн көргөн бир теория

Социал дарвинизмдин расизмге, фашизмге жана империализмге –жана башка тараптан коммунизмге- берген “илимий” колдоосу көбүнчө белгилүү болгон жана көп жазылган бир жагдай. Көп адамдар билбеген бир чындык болсо – бул Чарльз Дарвин да кошо көптөгөн дарвинисттин аялдар биологиялык жактан да, акыл жагынан да эркектерден төмөн деген жаңылыштыкка ишениши. Дарвинисттер эркектер менен аялдар арасында акыл жагынан абдан чоң айырма бар дешет; ал тургай кээ бир эволюционисттер аял менен эркекти эки башка физикалык түргө бөлүшкөн; эркектер Homo frontalis, аялдар болсо *Homo parietalis.*[137]

Дарвиндин аялдарды өз оюнда “төмөн” бир түр деп айтышынын себеби – табигый тандалууга таянган бир дүйнө көз-карашында болушу эле. Дарвинисттердин илимге жана акылга сыйбас көз-карашы боюнча, эркектер аялдарга салыштырмалуу согушуу, түгөй табуу, тамак-аш жана кийимге ээ болуу үчүн атаандашуу сыяктуу жагдайларда көбүрөөк тандалууга туш болушат; аялдар болсо тарых бою мындай тандоолордон алыс калышкан. Мындай илимий таянычы жок жыйынтык боюнча, табигый тандалуу эркектерге көп басым жасагандыктан, эркектер бүт чөйрөдө жогору абалга келишип, аялдарга караганда көбүрөөк эволюцияланышкан. Алдыда да карала тургандай, Дарвиндин бул жыйынтыгы илимий ачылыштарга таянган эмес, толугу менен эволюционисттик стереотиптердин натыйжасында ойдон чыгарылып айтылган.

Көп изилдөөчүлөр Дарвиндин табигый тандалуу жөнүндөгү көз-караштарынын жыныстык бөлүнүүчүлүккө (дискриминацияга) түртөөрүн аныкташкан. Мисалы, тарых жана философия профессору Эвеллин Ричардс (Evelleen Richards) “Дарвиндин аялдардын табияты жөнүндөгү көз-караштары эволюция теориясына да чагылган жана ушул себептен урпактар бою (калп) илимий аял дискриминациясына себеп болгон” жыйынтыгын алган.[138] Эволюционист илимпоз Элейн Морган (Elaine Morgan) болсо Дарвиндин биология, этнология жана башка кээ бир илим тармактарын колдонуп, эркектердин аялдар “төмөн жана өзгөртүүгө мүмкүн эмес абалда экинчи класс адамдар” деп ойлошуна түрткү болгонун айтат.[139]

Эволюционист илимпоз Жон Р. Дюрант (John R. Durant) айткандай, расизм жана жыныстык бөлүнүүчүлүк эволюция теориясынын белгилүү натыйжаларынын экөөсү:

Дарвин көз-карашын айбан менен адамдардын көрүнүшү менен байланыштуу кээ бир байкоолорго таяган. Кичинекей мээси жана кармашы күчтүүрөөк колдору менен логикадан көбүрөөк ички каалоого таянган бир өмүр сүрөт деп айтылган жапайылар табият менен адам арасында орто бир жерге жайгаштырылган. Андан соң Дарвин бул тизмени жаш балдарды жана тубаса акылы кемдерди жана ошондой эле аялдарды да кошуу үчүн кеңейткен. Дарвин аялдардын интуиция, ыкчам кабылдоо жана балким тууроо сыяктуу күчтөрүнүн төмөн расалардын, натыйжада байыркы жана төмөн маданият деңгээлинен адамдардын өзгөчөлүктөрүнө окшош деп ойлогон.[140]

Дюрант сөз кылган Дарвиндин жаңылыштыктары *Адамдын келип чыгышы* аттуу китебинде мындайча орун алган:

Көбүнчө аялдарда интуиция, ыкчам түшүнүү жана балким тууроо күчү сыяктуу мүнөздөрдүн эркектерге салыштырмалуу жакшыраак экени моюнга алынат; бирок бул жөндөмдөрдөн –жок дегенде-

кээ бирлери төмөн расаларга жана натыйжада байыркы жана төмөнкү маданият деңгээлине тиешелүү өзгөчөлүктөр.[141]

Дарвиндин аялдар жана үйлөнүү жөнүндөгү жалпы пикирлери да эске алынганда, аялдарды экинчи класс (төмөн) жандыктар катары көргөнү жана аларды басмырлаганы апачык көрүлөт. Дарвин бул илимге сыйбас көз-карашын теориясына да чагылдырган. Үйлөнүүнүн эмнеге пайдалуу экенин өз оюнда мындайча түшүндүргөн:

Балдар, түбөлүктүү бир дос, карай турган (улгайган жашта дос), жакшы көрүлө турган жана оюн ойной турган бирөө... Эң негизгиси, бир иттен жакшыраак нерсе. Үй жана үй менен алектене турган бир адам. Музыка жана абадан суудан маектер. Булар ден-соолук үчүн жакшы нерселер.[142]

Кыскача айтканда, Дарвин үйлөнүүнү "бир аял менен достук кандай болгондо да бир ит менен болгон достуктан жакшыраак" деген логика менен керек деп санаган. Дарвин үйлөнүү жөнүндөгү сөздөрүндө бүт өмүрүн бирге өткөрө турган эки адамдын арасындагы достук, сүйүү, урмат, жакындык, бекемдик, ачыктык жана ишеним сыяктуу өзгөчөлүктөрдөн эч сөз кылган эмес. Дарвин үйлөнүү жөнүндө, мындан тышкары, мындай деген:

Убакыт жоготуу; кечинде окуй албайсың, семирүү жана жалкоолук, тынчсызdануу жана жоопкерчилик, китептер ж.б. үчүн азыраак акча бөлүү, эгер көп балалуу болсоңуз аларды багуу басымы... балким аялым Лондонду жактырбайт, анда жаза сезимсиз жана жалкоо бир акмак менен сүргүн жашоосу болот.[143]

Адамдар айбандардан айырмасыз, өзгөчө аялдар менен жаш балдар айбандарга жакыныраак жандыктар деп ойлогон бир адам үчүн мындай акылсыз жана абийирсиз сөздөр толук кадыресе көрүнүш. Жубайы менен балдарын төмөнкү түр катары көргөн бир адам, албетте, аларды сүйүп, урматтабайт; алар үчүн өз жанын аябоону, аларга сонун нерселерди тартуулоону каалабайт; кызыкчылыгына туура келмейинче аларды карабайт. Негизи Дарвиндин сөздөрү дарвинисттик ахлакта адамга болгон сүйүүнүн, жакындык жана достуктун болбошун дагы бир жолу көрсөтүүдө.

Дарвин өз оюнда эркектер аялдарга караганда жогору деген пикирин мындайча айткан:

Эки жыныстын мээ күчү арасындагы эң негизги айырмачылыкты эркектердин терең ойлонуу, логика, элестетүү күчү же бир гана сезим жана колдордун колдонулушун талап кылган бүт иштерде аялдардан жогору даражаларга жеткени көрсөтүүдө. Ыр, сүрөт, скульпторлук, музыка, тарых, илим жана философия чөйрөлөрүндөгү алдыңкы аял менен эркектердин тизмеси жасалган болгондо, эки тизмени салыштыруу мүмкүн болмок эмес. Мырза Гальтондун *Hereditary Genius* (Тукум куучу гений) аттуу китебинде абдан жакшы көрсөткөндөй, эгер эркектер көп темада аялдардан талашсыз жогору болсо, анда эркектердин орточо мээ күчү аялдардыкынан жогору болушу керек деген жыйынтыкты орточолордон алыстоо мыйзамынан чыгарууга болот.[144]

Албетте, Дарвин бул жаңылыштыкты айтып жатканда, эч кандай илимий далилге таянган эмес. Дарвиндин аялдар жөнүндөгү мындай бир тараптуу жана стереотиптүү пикирлери Дарвиндин замандаш илимпоздору арасында ылдам таркаган.

Женева университетинин табигый тарых профессору материалист Карл Фогт (Carl Vogt) Дарвиндин бардык жыйынтыктарын –эч бир илимий анализсиз- кабыл алган жана "жаш бала, аял менен акылы кем бир ак өспүрүм бир негр менен бирдей мээ өзгөчөлүктөрүнө жана кулк-мүнөзгө ээ, ошондуктан булар төмөнкү класстан деген.[145] Фогт андан да алга кеткен жана аялдар эркектерден

көбүрөөк төмөн айбандарга жакыныраак деген. Фогттун жаңылыштыктары боюнча, аял эволюциясы эрте токтогондуктан, "өнүгүшү тосулган бир эркек эле".[146] Фогттун башка бир бузуку пикири боюнча маданият алга жылган сайын аял менен эркек арасындагы айырма өсмөк, мисалы, Европанын алдыңкы коомдорунда мындай айырма бир топ чоң эле.[147] Дарвин Фогттун тантырак сөздөрүнөн абдан таасирленген жана аны эң негизги тараптарларынан катары саноодон сыймыктанган.[148]

Тарыхтын көп доорунда жана Дарвин жашаган доордо –коомдордун караңгылыгы жана артта калганы себебинен- аялдардын көп чөйрөдө артка түртүүгө аракет кылынганы жана мунун көп жасалганы чындык. Бирок бул толугу менен ошол маданияттан, коомдун жана чөйрөнүн таасиринен келип чыккан жагдай. Дарвин менен тараптарлары айткандай, эч биологиялык артта калуу эмес. Аллах аял менен эркекти тең кылып жараткан. Эркек аялдан жогору деп, аялдарга ушундайча басым жасап, аларга басмырлап мамиле жасоо – дин ахлагы жашалбаган коомдорго тиешелүү бир жапайылык. Учурда тең мүмкүнчүлүктөр берилгенде, аялдардын да эң аз эркектерчелик ийгиликтүү, мээлүү жана жөндөмдүү экени белгилүү болууда жана мунун сансыз мисалы бар.

## Башты өлчөөгө таянган жыныстык бөлүнүүчүлүк

Кээ бир эволюционист илимпоздор аялдардын "төмөнүрөөк" экенин көрсөтүү үчүн өз ойлорунда аялдардын мээ кубаттуулугунун азыраак экенин далилдөөгө аракет кылышты. Башында аялдардын башын ченөө сыяктуу абдан басмырлоочу жана логикасыз ыкмаларды колдонушту. Мээ канчалык чоң болсо мээ да ошончолук өнүккөн болот деп ойлошкондуктан (мунун илимий жактан жарактуу бир салыштыруу эмес экени учурда так белгилүү), баштарын салыштыруу менен аялдардын төмөн экенин далилдейбиз дешти. Бул негизи Дарвин китебинде сөз кылган илимге сыйбас ыкмалардын бири эле:

Ар түрдүү мээ жөндөмдүүлүктөрү баскычтуу түрдө өзүн-өзү өнүктүргөндө, мээнин чоңойушу дээрлик анык... Адам мээсинин денесине салыштырмалуу чоң болушу –ушул эле катыш горилла менен орангутандыкына салыштырылганда- адамдын өнүккөн мээ күчтөрү менен тыгыз байланышта... Адам мээсинин чоңдугу менен мээ жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшү арасында –жапайылардын жана маданий расалардын, байыркы жана учурдагы адамдардын баштарынын салыштырылышы жана бүт омурткалуулар тизмесинин окшоштуктары менен кубатталган- кандайдыр бир жакын байланыш табылат.[149]

Дарвин өз доорундагы примитивдик илим шарттарында айткан пикири боюнча, баш сөөгүн ченөө жана мээ көлөмдөрү жөнүндөгү изилдөөлөрдүн натыйжалары эволюция теориясын тастыктоочу маалыматтарды ортого коймок. Бирок илимий маалыматтар менен изилдөөлөр бул көз-караштын тескерисин ортого койду. Ар кандай баш сөөгү ченөөлөрү же мээ көлөмдөрү эч кандай эволюцияны колдой турган маалымат сунган эмес. Бул критерийлердин илимий жактан жарактуу бир салыштыруу эмес экени учурда толук кабыл алынууда.

Аялдардын "төмөн" жыныс экенин краниологияны (баш сөөгү илимин) колдонуу менен далилдейм деп ойлогон илимпоздордун бири – Поль Брока (Paul Broca) эле. Физикалык антропологиянын негиздөөчүлөрүнүн бири саналган Брока адам топторунун баштарын ченөө менен аларга баа берүү сыяктуу примитивдик ыкмаларды колдонгон жана бул примитивдикти жактаган киши эле.[150] Брока жасаган "илимий" өлчөөлөрүнөн соң мындай бузуку логиканы айтат: жалпысынан мээ

улгайгандарга салыштырмалуу өспүрүмдөрдө, орточо бир эркекке караганда тандамал бир эркекте жана төмөн расаларга караганда жогору расаларда чоңураак... Башка шарттар бирдей болгондо, мээнин өнүгүшү менен мээнин көлөмү арасында маанилүү бир байланыш бар.[151]

Брока өзгөчө аялдар менен эркектер арасындагы мээ жана баш түзүлүшү айырмачылыктарына кызыккан. Жыйнаган баш сөөгү ченөөлөрүн стереотиптүү жоромолдору менен баалап, аялдар мээ жагынан төмөнүрөөк деген гипотезасын айткан.[152] Брока, мындан тышкары, аялдар менен эркектер арасындагы мээ айырмачылыгынын анын доорунда барган сайын чоңураак болуп калганын айткан. Чынында болсо бул пикирин далилдей турган эч бир илимий маалыматы жок эле. Бул пикирин өз оюнда колдоо үчүн башка бир илимге сыйбас гипотеза айткан: ал боюнча, мындай өсүп бараткан айырманын себеби – жогору болгон эркек менен пассивдүү аялга болгон эволюциялык басымдын барган сайын өзгөрүшү эле.[153]

Брока тапкан жыйынтыктардын илимий мааниси жок экенин учурдагы эволюционисттер да моюнга алышууда. Гоулд Броканын илимге сыйбас бул жыйынтыктарына мындай жоромол жасаган:

Броканын маалыматтары атайын тандалып чогултулган жана андан соң мурдакы жыйынтыктар багытында аңкоолук менен колдонулган.[154]

Башкача айтканда, Брока алган маалыматтарын эволюция теориясынын калптарына ылайык “аңкоолук менен” жана стереотиптүү жоромолдогон.

Баштын көлөмүн колдонуп аялдарды өз оюнда төмөн көргөн эволюционисттер арасында социал психологиянын негиздөөчүлөрүнөн Гюстав Ле Бон (Gustave Le Bon) да бар эле. Ле Бон мындай деген:

Эң мээлүү расаларда... көп санда аялдын мээсинин чоңдугу эң өнүккөн эркек мээсинен көбүрөөк горилланыкына жакыныраак. Мындай төмөндүк ушунчалык ачык болгондуктан, эч ким бир саамга да буга каршы чыкпайт; мунун даражасы гана талаш жаратышы мүмкүн... Аялдар... адам эволюциясынын эң төмөнкү формаларын чагылдырышат жана... өспүрүм, маданий бир эркектен көбүрөөк жаш балдарга жана жапайыларга жакыныраак. Чечимсиздик, логикасыздык, пикирсиздик жана сын-пикир жетишсиздиги сыяктуу темаларда жогорулук көрсөтүшөт. Албетте, тандамал аялдар да бар... бирок алар эки баштуу бир горилладай желмогуздардын туулушу сыяктуу аз кездешет; натыйжада аларды толугу менен унутууга болот.[155]

Дарвинситтик башка көптөгөн көз-караштарындагы сыяктуу аялдар жөнүндөгү пикирлеринде да жаңылышкан. Аялдардын назик, жумшак, мээримдүү, тактикалуу табияты аларды эволюционисттер ойлогондой артта калтырган эмес, тескерисинче андан да жогору кылган өзгөчөлүктөр. Адамды бир айбан түрүндөй көрүүгө программаланган эволюционисттер мындай адамдык өзгөчөлүктөрдү өз ойлорунда артта калуучулук катары баалаган болушу мүмкүн. Бирок булар адамдын жашоо сапатын жогорулатуучу абдан маанилүү жана сонун өзгөчөлүктөр. Искусство, адабият, технология сыяктуу көптөгөн тармакта өнүгүүнү жана алга жылууну камсыз кылган, эволюционисттер бар экенин эч кабыл алгысы келбеген адамдык өзгөчөлүктөр.

## Илим Дарвинди дагы бир жолу калпка чыгарууда

Канчалык Дарвин менен кээ бир замандаштары баштарды ченеп, адамдарды расаларына жана жынысына карап “төмөн” же “жогору” деп класстарга бөлсө да, Дарвиндин көптөгөн пикирлери

сыяктуу бул да учурда илим тарабынан жокко чыгарылды. Баш менен мээ чоңдугунун мээ же мээ кубаттуулугу менен эч байланышы жок экени аныкталды.

Мээнин чоңдугу менен мээнин түз байланышта эмес экени негизи табиятта апачык көрүнүп турат. Мисалы, пилдердин жана киттердин мээлери адамга салыштырмалуу абдан чоң. Бирок адамдын бул жандыктардан мээлүүрөөк экени анык. Мындан тышкары, учурда адамдардын башынын көлөмү 700-2200 см куб арасында өзгөрүүдө.[156] Бирок бул айырмачылыктар адамдардын мээлери арасындагы айырманы көрсөтпөйт.

Баштарды өлчөөдөн тышкары, генетика илими да Дарвиндин аял менен эркек арасындагы айырмалар жөнүндөгү пикирлеринин туура эмес экенин ортого койгон. Генетика мыйзамдары боюнча эркек кыз наристелердин да, эркек наристелердин да гендерин бере алат. Эгер эркек, Дарвин айткандай, биологиялык “жогорку” өзгөчөлүктөргө ээ болсо, анда анын кызы да биологиялык жактан ошондой жогорку өзгөчөлүктөргө ээ боло алат, жана натыйжада аялдар да, эркектер да бирдей өзгөчөлүктөрдү ала алышат. Бирок Дарвин менен замандаштары генетика илими жөнүндө эч нерсе билишкен эмес. Ал тургай, Дарвин бир түр ээ болгон өзгөчөлүктөр бир жыныстан гана келет деп айтканчалык бул темада сабатсыз эле.[157] Дарвин, мындан тышкары, генийлик, элестетүү күчү жана логика сыяктуу жогорку өзгөчөлүктөр кыздан көбүрөөк эркек балага берилет дегенчелик караңгы түшүндүрмөлөрдү жасаган.[158]

## Куран ахлагы боюнча аял менен эркек тең, жогорулук ахлакка жараша болот

Куран ахлагында эркек менен аял арасында эч бир айырма жок. Аллах Куранда аялдар менен эркектерге бирдей милдеттерди жүктөп, баарын бирдей нерселерден жоопкерчиликтүү кылган. Бир адамды Аллах Кабатында жогору кылган – бул аял же эркек болушу эмес, Аллах коркуусу, Аллахка болгон терең сүйүү жана жакындыгы жана сонун ахлагы. Раббибиз бир аятында аял болсун, эркек болсун жакшы жана сонун иш-аракет жасагандардын мындай ахлактарынын жообун эң сонун алаарын мындайча кабар берген:

**Эркек болсун, аял болсун ишенүү (ыйман) менен ким ыкластуу бир иш (амал) жасаса, алар бейишке киришет жана алар бир “уруктун сыртындагы бүчүрчөлүк” да адилетсиздикке туш болушпайт. (Ниса Сүрөсү, 124)**

Аллах Куранда аял болсун, эркек болсун, ыйман келтирген бир адамдын ээ болушу керек болгон өзгөчөлүктөрдү мындайча билдирген:

**Момун (ыймандуу) эркектер жана момун (ыймандуу) аялдар бири-биринин досу (велиси). Жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосушат, намазды туптуура кылышат, зекетти беришет жана Аллахка жана Элчисине баш ийишет. Аллах аларга мээримин төгө тургандар мына ушулар. Шексиз, Аллах – Улуу жана Кудуреттүү, Өкүм жана Хикмат Ээси. (Тообо Сүрөсү, 71)**

Аллах аятта билдиргендей, бүт адамдардын, жынысына карабастан, жоопкерчиликтери бирдей. Бул жоопкерчиликтерди кемчиликсиз аткарган, бир гана Аллахка багытталган жана Аллахтан коркуп-тартынган эркек менен аялдарды Аллах мындайча сүйүнчүлөгөн:

**Раббилери аларга (дубаларын кабыл алып) жооп берди: «Шексиз Мен эркек болсун, аял болсун, силерден бир (сооптуу) иш кылгандын ишин текке кетирбейм... (Али Имран Сүрөсү, 195)**

Дарвинисттер критерий катары алган мээ өзгөчөлүктөрү болсо – Аллах адамдарга жынысына карабастан берген жөндөмдөр. Аллах бир аятта “**Эй ыйман келтиргендер, Аллахтан коркуп-сактансаңар, силерге тууранды туура эместен айырмалоочу бир нур жана түшүнүк (фуркан) берет...” (Энфал Сүрөсү, 29)** деп буюрууда. Аллах аятта билдиргендей, сындоо жөндөмү жана натыйжада акыл, жыныска жараша эмес, Аллах коркуусуна жараша өнүгөт.

Ыйман ага тартуулаган акыл менен кыймыл-аракет жасаган ар бир адам аял болсун, эркек болсун көп багытта ийгиликке жете алат, жогору өзгөчөлүктөргө ээ боло алат. Чын жүрөктөн ыйман келтирген бир адам болсо эң көп Аллахтын ыраазылыгына, мээримине жана бейишине жетүү үчүн аракет кылат.

# Дарвинизм жана адеп-ахлактын бузулушу

Ахлактык бузулуунун тынымсыз өсүшү; бир канча урпак мурда айыпталган, жамандалган, тыюу салынган, кабыл алынбаган иш-аракеттердин убакыттын өтүшү менен акырындап кабыл алынып башташы, ал тургай, белгилүү мөөнөттөн соң идеал тутулган, кеңири жайылган бир иш-аракет абалына келиши – көп адам байкабаган, бирок абдан маанилүү бир көйгөй. Коом ичинде зомбулуктун, алдамчылыктын көбөйүшү, жубайлардын бир-бирин оңой гана алдашы, ал тургай, кээде эки тараптын тең муну кабыл алышы, ажырашуулардын көбөйүшү, жакынкы убакка чейин ахлаксыздык (уятсыздык) деп кабыл алынган жашоо формаларынын жана кыймыл-аракеттердин "башкача тандоо", "маржиналдуулук" аттары менен "кадыресе" кабыл алынып, жайылышы, гомосексуализм сыяктуу бузукулуктардын кабыл алынышы, баңги зат жана ичимдикке болгон көз-карандылыктын олуттуу өсүшү, тоноо, шарлатандык, чөнтөкчүлүк сыяктуу окуялардын санынын көбөйүшү, адамдардын кылмышты оңой жасай турган абалга келиши, кылмыштуулуктун жана кылмышка жакындыктын өсүшү, адамдардын бир-бирине болгон сүйүү жана урматтын калбай калышы, ушактоонун көбөйүшү – ахлактык бузулуунун бир канчасы гана. Өзгөчө кээ бир Батыш өлкөлөрүнүн абалы бул бузулуунун канчалык кооптуу экенин апачык көрсөтүүдө.

Бүт мындай терс көрүнүштөрдүн тамырында "адамдар эмне үчүн бар" деген суроого берилген туура эмес жооптор турат. Адам чынында аны жоктон жараткан Улуу Аллахты таануу үчүн бар. Адамдын жүрөгү Аллахты эстөө менен гана тынчтанат; Аллах **"...Билип койгула; жүрөктөр Аллахты зикир кылуу (эстөө) менен гана тынчтанат"** (Рад Сүрөсү, 28) деп буюруу менен, адамдар туура эмес жерлерден издеген бейпилдиктин жалгыз чыныгы булагын билдирүүдө. Адамга дүйнөдө бактылуулук жана бейпилдик бере турган жашоо формасы болсо – бул Аллах адамдарга буйрук кылган дин ахлагы.

Мына ушул чындыктын унутулушу ахлактык бузулууну, ал болсо бактысыз, үмүтсүз, көңүлү чөккөн адамдарды пайда кылууда.

Мындай ахлактык чөгүүнү пайда кылган эң чоң факторлордун бири болсо – бул адамды Аллахтын кулу катары эмес, кокустан пайда болгон өзүмчүл бир айбан катары көргөн дарвинисттик идеология. Бул илим жана акылга сыйбаган көз-караш боюнча, адамдын айбандардан өзгөчө мыйзамдарга жана ахлактык баалуулуктарга ээ болушун күтүүгө болбойт. Жашоо – күрөш мекени жана адам өмүрүн улантуу жана ийгиликтүү болуу үчүн башка адамдар менен өлөрчө күрөшүп, таш боор болушу зарыл. Бул болсо сонун ахлакка тиешелүү өзгөчөлүктөрдү жокко чыгаруу дегенди билдирет. Калифорния Беркли университетинин профессору Филипп Е. Жонсон (Phillip E. Johnson) *Defeating Darwinism* (Дарвинизмди жеңүү) аттуу китебинде 1960-жылдардан баштап, диний ишенимдердин алсыздашы жана материалисттик дүйнө көз-карашынын жайылышы менен коомдук жашоодо пайда болгон терс көрүнүштөр жөнүндө мындайча сөз кылган:

1960-жылдар Экинчи Америка көз-карандысыздык декларациясын пайда кылды деп айтуу дээрлик туура болот; бул кээ бир адамдардын Аллахтан үзүлүп-бөлүнүшүнүн декларациясы. Мындай бир декларациянын артынан бир топ кеңири масштабдарда ахлактык жана укуктук көйгөйлөрдүн пайда болушун күтүү керек, чындап эле ушундай болду...[159]

Майкл Дентон болсо 20-кылымга из калтырган балээлерге дарвинизмди эске албастан баа берүүгө мүмкүн эмес экенин баса белгилеп, мындай дейт:

Дарвинисттик төңкөрүшсүз жыйырманчы кылымды түшүнүүгө болбойт. Акыркы сексен жыл ичинде дүйнөнү таасири астына алган терс социалдык жана саясий агымдар дарвинизмдин интеллектуалдык жазасы болбостон ишке ашмак эмес. Он тогузунчу кылымда барган сайын жогорулаган секулярдык көз-караш башында эволюциянын кабыл алынышын жеңилдеткен деп айтылса, учурда жыйырманчы кылымдын агностикалык жана күмөн саноочу көз-карашынан чоң ыктымалдуулук менен баарынан көп дарвинизмдин жооптуу экенин эске салуу туура болот. Бир убактарда материализмдин натыйжасы болгон (теория) учурда анын таяныч чекитине айланды.[160]

Эми дарвинизмдин ахлактык кыйроо жана бузулууга негиз түзгөн пикирлерин бир-бирден санап анализдөө туура болот.

## Дарвинизм атеизмге негиз түзөт

Дарвинизмдин материалисттик чөйрөлөр тарабынан абдан жакталышынын эң негизги себеби – бул дарвинизмдин атеисттик тарабы.

Атеизм байыркы доорлордон бери бар болгон. Бирок дарвинизм менен бирге атеисттер кылымдардан бери жооп бере албаган “жандуулар жана адам кандайча пайда болду” деген суроого (калп) “илимий” бир жооп таптык деп ойлошту. Ааламдагы тартип жана тең салмактуулук кокустуктар натыйжасында пайда болгонун айтып, ааламда эч кандай максат жок дешти. Бирок бул көз-караштардын баары 20-кылымдагы илимий, саясий жана коомдук өнүгүүлөр менен кыйрады. Астрономиядан биологияга, психологиядан коомдук ахлакка чейин көптөгөн ар кайсы тармактагы ачылыш, байкоо жана жыйынтыктар эволюция теориясынын гипотезаларын жана атеизмдин бардык гипотезаларын тамырынан кыйратты.

Дарвинизмдин сөзсүз атеизм менен натыйжаланаарын көптөгөн эволюционист менен материалисттер да кабыл алышууда. Муну биринчи жолу ачык Томас Гексли айтып, эволюция теориясы толук кабыл алынганда, динге ишенимдин жоголоорун айткан.

Cornell университетинин тарых профессору Уильям Провайн (William Provine) ошол эле учурда бир эволюционист. Провайн эволюция теориясына ишенген бир адамдын жашоого болгон көз-карашынын динге толук карама-каршы келээрин айткан.[161]

American Association for the Advancement of Atheism (Атеизмдин өнүктүрүлүшү үчүн Америка биримдиги) башчысы Чарльз Смит (Charles Smith) болсо “Эволюция – атеизм” деп айтуу менен бул чындыкты кабыл алат.[162]

Беркли университетинин профессорлорунан Филипп Жонсон эволюция теориясынын атеисттик жана дин ахлагына туура келбеген пикирдик агымдар үчүн маанисин мындайча түшүндүрөт:

... Дарвинизмдин кабыл алынышы Аллахтын бар экендигин жокко чыгаруу маанисине келген жана натыйжада Аллахтын вахийине таянган диндин ордуна эволюциялык натурализмге (материализмге) таянган адашкан бир ишенимди пайда кылды. Бул адашкан ишеним илимдин эле эмес, өкмөттөрдүн, укуктун жана ахлактын да негизги ишенимин түздү, модернизмдин негизги философиясы деп саналды.[163]

Жонсон да айткандай, дарвинизмге жана материализмге эч ойлонбостон ишенген көптөгөн илимпоздор өз ойлорунда илимди Аллахты жокко чыгаруунун бир инструменти катары колдонууну өздөрүнө эң негизги максат кылып алышкан. Чынында болсо илим – бул Аллахтын бар экендигинин далилдерин адамдарга көрсөткөн маанилүү бир инструмент. Мунун эң негизги көрсөткүчтөрүнүн бири – бул өзгөчө акыркы жыйырма жыл ичинде илим дүйнөсүндө жаратылуу чындыгын жактаган илимпоздордун санынын абдан жогорулаганы. Жүргүзүлгөн ар бир изилдөө, байкоо жана ачылыш, алынган ар бир маалымат бүт ааламда абдан назик жана абдан кемчиликсиз бир тең салмактуулук бар экенин көрсөтүп, ааламдын жогорку жана улуу бир Акылдын эмгеги экенин ортого коюуда. Бул Акыл – ар кандай кемчиликтен аруу, жогорку күч-кудуреттүү Улуу Аллах.

Молекулярдык биолог Майкл Дентон дарвинизмдин атеизмди (динсиздикти) алып келгенин жана адамдын өзүнө болгон көз-карашында чоң бузулууга себеп болгонун мындайча түшүндүрөт:

Дарвинисттик теория адамдын Аллах менен байланышын үзгөнү жана аны максаты жана аягы жок бир ааламдын ичинде максатсыз калтырганы үчүн таасири ушунчалык тереңден кыйратуучу болгон. Учурда адамдардын адамзатка көз-карашына жана ааламдагы ордуна мынчалык тереңден, терс багытта таасир берген башка эч бир көз-караш жок.

Дарвиндин жаңы жана төңкөрүшчү (ошол эле учурда акыл жана илимге сыйбас) көз-карашы дүйнөдөгү бүт түрлөрдүн –мурда ишенилгендей, Аллахтын жаратышынын эмес- табигый жана кокустук процесстердин натыйжасында пайда болгонун айтат. (Аллахты аруулайбыз.) Бул адашкан пикирдин кабыл алынышы... Батыш коомунун секулярдашуусунда даана бир кызмат аткарган...[164]

Коомдордун Аллахка болгон ишениминин жоголушу же алсыздашы – ал коомдор үчүн эң чоң руханий кыйроо. Аллах коркуусу болбогон, өлүмдөн кийин чыныгы түбөлүк жашоосуна жолугаарын, дүйнөдө кылгандарына жараша бейиш же тозокко бараарын жокко чыгарган адамдар абдан кооптуу, ишенимсиз, зомбулукчу, кылмышка жакын, мээримсиз жана өзүмчүл болууда. Аллахтан коркпогон бир адам үчүн эч чек жок. Мыйзамдар тарабынан жазаландырылбашын же кандайдыр бир жол менен андай жазалардан кутулаарын ойлогондо, ар түрдүү ахлаксыздыкты жана мыйзамсыздыкты жасай алат, коом ичинде ар кандай бейпилсиздикке себеп болушу, адамдарды алдашы, аларды кыйнашы мүмкүн жана ушул сыяктуу көптөгөн зулумдуктарды жасашы ыктымал.

Аллах коркуу жана Аллах сүйүүсү болсо адамдардын сонун ахлакты жашашын, Аллах ыраазы боло тургандай мамиледе болушун камсыздайт. Бул бир коомду алга да жылдырат, күчтөндүрөт дагы. Тескерисинде болсо уруштар, карама-каршылыктар, согуштар, таш боордуктар, адилетсиздиктер түгөнбөйт.

Аллах адамдарга жакшылыкты, кооздукту, адилеттүүлүктү, чынчылдыкты жана тартипти буйрук кылат. Аллах Куранда мындайча буюрууда:

**Мадйан (коомуна болсо) бир тууганадары Шуайбды (жөнөттүк. Шуайб аларга) Айтты: “Эй коомум, Аллахку ибадат кылгыла, силердин Андан башка Кудайыңар жок. Силерге Раббиңерден апачык бир далил келди. Өлчөөнү жана таразаны толук кылгыла, адамдардын (акысы болгон мал-мүлктөрүн) буюмун наркынан түшүрүп-кемитпегиле жана тартипке коюлган соң жер бетинде бузукулук чыгарбагыла. Бул силер үчүн жакшыраак, эгер ишенсеңер.” (Аьраф Сүрөсү, 85)**

**Ага ыйман келтиргендерди коркутуп, Аллахтын жолунан тосуу үчүн жана анда кемчилик издеп (мындай) ар жолдун (башын) тосуп-отурбагыла. Эстегиле силер аз (жана алсыз) кезиңерде Ал силерди көбөйттү. Бузукулук чыгаргандардын кандай натыйжага туш болгонун бир карагыла. (Аьраф Сүрөсү, 86)**

## Дарвинизм адам жоопкерчиликсиз жана максатсыз деген жалганды жактайт

Эволюционист Жорж Гейлорд Симпсондун (George Gaylord Simpson) төмөнкү сөздөрү дарвинизмдин адам жөнүндөгү толугу менен жаңылыштыктарга таянган көз-карашын апачык көрсөтөт:

Адам – ааламда түшүнүү жөндөмүнө жана потенциалына ээ жалгыз жандык. Бирок аң-сезимсиз жана акылсыз заттардын бир түшүмү. Ошентип дүйнөгө келишин өзү камсыздаган адам өзүнүн алдында гана жоопкерчиликтүү.[165]

Кадимки дарвинисттик калптардын бири болгон бул пикир – коомдук чөгүүнүн түпкү себептеринин бири. Дарвинисттер адам дүйнөгө өзүн-өзү алып келди деген калпты айтып жатканда, бир дагы илимий далил айта албай, идеологиялык себептер менен бул калпты кармап калууга аракет кылышууда. Бул калп пикир боюнча, адамдын бар болушунун алдын-ала аныкталган эч бир максаты жок. Бул “максатсыз” жандык ансыз да бир күнү өлүп, жок болот. Чынында болсо чындык башкача. Аллах адамды жоктон жараткан. Адамдын жаратылышынын белгилүү бир максаты бар жана бул максат Куранда билдирилген. Аллах адамдарды Ага кулчулук (ибадат) кылуулары үчүн жараткан. Ар бир адам бул дүйнөдө тагдырында белгиленген мөөнөтчөлүк жашайт жана бул мөөнөт бүтүп өлгөн соң кайрадан тирилтилет. Жана ар бир адам акырет күнү бул дүйнөдө кылгандарынан сурак берет. Эволюционисттердин болгон аракети менен бул чындыкты жокко чыгарууга, унутууга жана унуттурууга аракет кылышы болсо бул чындыкты эч өзгөртпөйт. Бул дүйнөдө турганда бул катадан кайтпаган болсо, Аллахты жана акырет күнүн жокко чыгаргандардын, адам максатсыз бир жандык дегендердин сурак күнү келгенде сезе турган бушаймандыгы абдан чоң болот. Раббибиз мындай бушаймандыкты Куранда төмөнкүдөй кабар берген:

**Оттун үстүндө токтотулганда аларды бир көрсөң; (мындай) дешет: “Аттиң (дүйнөгө дагы бир жолу) кайра кайтырылып, Раббибиздин аяттарын калпка чыгарбай жана ыймандуулардан болгонубузда кана.” (Энъам Сүрөсү, 27)**

Адамдарга “максатсызсың” деген пикирдин сиңирилиши аларды чоң бир стресске жана боштукка түртүүдө. Бул калпка ишенгендер жашоону абдан маанисиз жана керексиз көрүшүүдө, бул болсо чоң бир руханий чөгүүгө себеп болуу дегенди билдирет. Учурдун алдыңкы эволюция жактоочуларынан Ричард Доукинстин акыл жана логикасыз сөздөрү да – бул материалисттик көз-караштын кадимки бир мисалы. Доукинс “адамдар бир ген машинасы жана жашоосунун жалгыз максаты бул гендерди кийинки урпакка өткөрүү” дейт. Доукинстин ою боюнча, ааламдын да, адамдын да бар болушунун башка максаты жок. Бул адашуучулук боюнча, бүт аалам менен адамдар кокустуктардын жана хаостун

натыйжасы. Бул батыл (далилсиз, жалган) ишенимдин адамдарды үмүтсүздүк жана бактысыздыкка түртөөрү апачык. Өлгөндө жок болом деп ойлогон бир адам үчүн бул дүйнөдөгү эч нерсенин бир мааниси калбайт. Достуктардын, сүйүүнүн, кылган жакшылыктарынын, башынан өткөргөндөрүнүн эч бир жообу жана уландысы болбойт деп ойлогон бир адамга эч бир коздук ырахат тартуулабайт.

Андан дагы, бул бузуку логика себебинен адамдар кылган жамандыктары үчүн жаза албайбыз деп ойлошот. Бул болсо адамдардын кандайдыр бир жол менен жашырууга мүмкүн деп ойлогон же жаза албайм деп ойлогон жамандыктарды эч тартынбастан жасашына себеп болот. Калп айтуудан, эки жүздүүлүк кылуудан, бирөөлөрдү ушактоодон, адилетсиз киреше алуудан, таш боордуктан, уурулуктан жана ал тургай кылмыш кылуудан да тартынбай калат. Мындай бузуку ойго кабылган адамдардын саны көбөйгөн коомдордо болсо тартип жана туруктуулук жөнүндө сөз кылуу мүмкүн эмес.

Дарвинисттик пропагандалардын адамдын маанайына берген зыяндын эң маанилүү мисалдарынын бири Доукинстин *Unweaving The Rainbow* (Радуганы алып салуу) аттуу китебинин баш сөзүндө төмөнкүчө айтылган:

Биринчи китебимдин басып чыгаруучусу китепти окуган соң, андагы суук жана кайгылуу кабардан абдан стресске киргенин жана үч түн бою уктай албаганын мойнуна алды. Кээ бирлери болсо менден эрте менен кантип ойгонгонумду сурашат. Алыскы бир өлкөдөн бир мугалим болсо мага сын-пикир толо бир кат жөнөттү. Катында ошол китепти окуган бир окуучусунун ага көз жаштарын төгүп келгени жана жашоонун бош жана максатсыз деп ойлоонун ага терс таасир бергени жазылган эле. Мугалим башкалардын да “боштук пессимизминен” таасирленбеши үчүн окуучусуна китепти башкаларга көрсөтпө деп кеңеш бериптир.[166]

Доукинстин бул моюнга алуусунан да көрүнүп тургандай, дарвинизм адамдарга сиңирген пессимизм жана максатсыздык коомдор үчүн чоң бир коркунуч. Бул коркунучтун эң маанилүү тараптарынын бири – бул адамдарга Доукинс айткандай “кайгыга салуучу чындыкты” айтышы эмес, тескерисинче “кайгыга салуучу бир жалганды” сунушу жана аларды “кубаныч берүүчү чындыктан” бөлүүгө аракет кылышы. Бул кубаныч, бакыт жана бейпилдик берүүчү чындык – бул адамдын жалгыз, ээнбаш, ташталган, максатсыз бир жандык эмес экени, аны жараткан Аллах аныктаган бир максаты бар экени жөнүндөгү чындык.

Аллахтын адамдарды бир максат менен жаратканын унуткан коомдор болсо ахлактык жана руханий кыйроого кабылышы сөзсүз. Баңги зат жана ичимдик көз-карандыларынын, өзүн-өзү өлтүрүүгө аракет кылгандардын, түнт болуп “жашоого таарынгандардын”, депрессия, стресс сыяктуу психологиялык тынчсызданууларды бар адамдардын көпчүлүгү – жашоосунун чыныгы максатын билбеген адамдар.

Профессор Фред Хойл (Fred Hoyle) бир эволюционист болгонуна карабастан, *Түрлөрдүн келип чыгышы* менен келген нигилизм (жашоо максатсыз жана адам баалуулуктары маанисиз деген жаңылыштык) философиясынын кооптуулугу жөнүндө мындай дейт:

*Түрлөрдүн келип чыгышы* жарыкка чыккан соң калп сабаттуу көз-караштар кабыл алган нигилист философиянын адамзатты автоматтык түрдө өзүн жок кылуу процессине тапшырганы жөнүндөгү пикир эч эсимден чыкпайт. Ошондо балээлер үчүн таймер иштеп баштаган.[167]

Аллах ар бир адамды Ага кулчулук (ибадат) кылышы үчүн жараткан жана ага Өз рухунан үйлөгөн. Адам жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир жандык эмес. Адам –

Улуу Аллах жараткан, акыл жана абийир берген, ар кандай немат-жакшылыктарды тартуулаган бир жандык. Дарвинисттер жана материалисттер максатсыз жана ээнбаш деп ойлогон адамдын негизи абдан маанилүү, абдан жогору жана баалуу бир максаты бар: Аны жараткан, жоктон бар кылган, жок кезинде ага жан жана аң-сезим берген Улуу Раббибизди жашоосунун ар бир көз ирмеминде ыраазы кылуу, Раббибиздин буйруктарына абдан көңүл коюу жана күчтүү каалоо менен баш ийүү, бул үчүн болсо Аллахтын мээримине жана түбөлүк улана турган бейишке жетүүнү үмүт кылуу. Адамдын чыныгы жашоосу – бул өлүмүнөн кийин баштала турган акырет жашоосу. Адам бул дүйнөдө бейишке жетүү үчүн жашайт.

Аллах адамдардын ээнбаш эмес экенин Куран аяттарында мындайча кабар берет:

**Адам "ээн баш жана жоопкерчиликсиз" калтырылам деп ойлойбу? (Кыямат Сүрөсү, 36)**

**Биз силерди максатсыз жараттык жана чындап Бизге кайтарылып келбейбиз деп ойлодуңар беле? (Мүминун Сүрөсү, 115)**

## Социал дарвинизмдин "адам бир айбан" деген калпы

Дарвинизм боюнча, адам бир айбан түрү. Бул акылга жана илимге сыйбас пикирге алдангандар болсо адамдын бардык өзгөчөлүктөрү "айбан аталарынан" мурас калган дешет. Бул болсо бир адамдын өзүнө жана башка адамдарга болгон көз-карашына абдан терс таасир берет. Адам бир айбан түрү катары көргөн башка адамдарга, алардын ойлоруна, жашоосуна маани бербейт. Бир адамдын өлүмүн бир чымындын же иттин өлүмүнөн маанилүүрөөк көрбөйт. Бир адамдын ач же муктаж абалда болушу аны айбан катары көргөн жана айбандардын ансыз да күрөш жана атаандаштык жолу менен өнүгөөрүн ойлогон бир адамды тынчсыздандырбайт. Мындай кооптуу бир көз-караш адамдардын бир-бирине болгон сүйүү жана урматтоону толук жок кылат. Мына ушул себептен дарвинизмдин калптарына алдангандардын дагы бир жолу ойлонушу жана бул калптын эмнелерге алып келээрин унутпашы маанилүү.

Жорж Гейлорд Симпсон дарвинизмдин адамга көз-карашы жөнүндө мындай дейт:

Дарвиндин дүйнөсүндө адамдын башкача бир айбан түрү катары аталышынан башка өзгөчө эч бир статусу жок. Толугу менен табияттын бир бөлүгү жана андан өзүнчө эмес. Жашаган ар бир жандыкка –амеба, ичеги курту, бүргө, деңиз балыры, дуб дарагы же маймылга- жакындык даражасы ар түрдүү болсо да, аларга окшошот. Салыштырсак, маймылдар сыяктуу бир туугандарга ээ болуудан көрөкчө, ичеги курту сыяктуу кырк эки жээндүү болуу бизге азыраак жагышы мүмкүн.[168]

Чынында болсо бул илимге да, акыл жана логикага да туура келбеген бир пикир. Адамдар менен айбандар Аллах жараткан башка башка жандыктар. Айбандар айбандык каалоолору менен кыймыл-аракет кылышат жана аң-сезими жок. Адам болсо сын-пикир жөндөмү, аң-сезими бар бир жандык. Адам бир айбан түрү дегендердин максаты – бул жунгли мыйзамдарын адамзат коомдоруна киргизүүгө аракет кылуу. Бул болсо адамдардын бейпилдигин жана бакубаттыгын камсыз кылган ар түрдүү коздукту жок кылуучу коркунучтуу бир хаоско себеп болот.

Дарвин да каттарынын биринде бул бузуку көз-карашын айткан жана адамдын айбандардан эволюцияланышы калпына таянуу менен пикирлеринин кандайдыр бир маанисинин болуп болбошуна кызыккан. Дарвиндин сөздөрү төмөнкүдөй:

Төмөн айбандардан өнүккөн адам мээси ишенген нерселердин кандайдыр бир мааниси же ишенимдүүлүгү барбы же жокпу деген темада акылыма дайыма коркунучтуу бир күмөн келет. Бир маймылдын мээсиндеги ишенимдерге –албетте эгер бар болсо- бирөө жарым ишенмек беле?[169]

Дарвиндин сөздөрү эволюционисттин адамга көз-карашынын канчалык коркунучтуу экенин ачык көрсөтөт. Дарвиндин мындай тантырак ойлору Батыш дүйнөсүнүн маанилүү бөлүгүндө барган сайын жайылган жана учурда көп өлкөлөрдө, ал тургай, мектептерде окутулган окуу китептеринде да адамдарга "айбансыңар" деген түшүнүк сиңирилүүдө. Мисалы, 1994-жылы чыккан *Biology, Visualizing Life* (Биология: жашоону элестетүү) аттуу окуу китебинде мындай деп айтылат:

Сиз бир айбансыз, сөөлжандар, динозаврлар, көпөлөктөр жана деңиз жылдызчалары менен орток бир мурасты бөлүшөсүз.[170]

Илим жана теология темаларында университетте сабак берген жана *Moral Darwinism: How We Became Hedonists?* (Ахлактык дарвинизм: кантип биз гедонист болуп калдык?) аттуу китептин автору Бенжамин Викер Дарвинден мурда жана кийин адамга көз-карашында кандай чоң өзгөрүү болгонун айтат. Адамдар менен айбандар арасындагы басып өткүс айырмачылыктар эске алынбастан, адамдарды айбандарга теңөө жаңылыштыгынын кантип жайылганын мындайча айтып берет:

... Салттык ахлактын баары болбосо да, көпчүлүгү адамдар башкача бир түр деген гипотезага таяйт. Ушул себептен кылмышка тыюу салынышы адам табияты жагынан айтылат. Өлтүрбөгүлө! Эмнени өлтүрбөгүлө? Курт-кумурскалардыбы? Кумурска жегендердиби? Орангутандардыбы? Жок, башка бир күнөөсүз адамды өлтүрбөгүлө. Бирок дарвинизм менен бирге, адамзат менен башка айбандар арасындагы түр айырмачылыгы толугу менен бозомук болуп калат. Андан соң чийүү керек болгон ахлактык бир сызык жок болуп калат, себеби түрлөрдүн сызыгы өчүрүлгөн.

Ричард Доукинс жана Питер Сингер сыяктуу дарвинисттер бул адашуучулукту толук моюнга алышууда жана пропаганда кылышууда. Доукинс *Blind Watchmaker* (Сокур саатчы) аттуу китебинде мындай дейт:

Өзүбүздү ааламдагы бир айбан катары көргөнүбүздө, андан ары ахлакыбыздын же бүт жандыктарга тиешелүү экенин кабыл алышыбыз керек же болбосо ахлакыбыздын кандайдыр бир негизи бар экенин жокко чыгарышыбыз керек. Көбүнчө дарвинисттер экөөсү үчүн тең логикасыз нерсе айтышат. Кээ бир айбандар адамдар менен бирдей ахлактык деңгээлде дешет. Кээ бир тараптарынан болсо адам баласын кандайдыр бир айбан катары карашат. Бир тараптан, айбан укуктары үчүн күрөшүп, башка тараптан болсо формасы өзгөргөн, улгайган жана алсыз адам баласы үйдө багылган айбандарга көрсөтүлгөн боорукердиктен "сыртта тутулушу" керек дешет.[171]

Көрүнүп тургандай, эволюция теориясынын адамды бир айбан түрү катары көрсөтүүнү каалашынын негизги себептеринин бири – бул бүт ахлактык баалуулуктар жок болгон бир дүйнөнү эңсеши. Эгер адам дарвинизм жактагандай бир айбан түрү болсо, бул чынында такыр туура эмес, анда ахлактык эч бир баалуулуктун ал тургай ахлак түшүнүгүнүн да адамдар үчүн бир мааниси калбайт. Мунун бир коомго берчү зыяндары болсо элестетилгенден жогору болушу мүмкүн. Мына ушул

себептен бүт адамзат дарвинизмге жана бул илим көз бойомочулугунун калптарына карата абдан этият болушу зарыл.

Дарвинизм адамдардын айбандардан айырмасы жок дегенде, муну бир гана физикалык же биологиялык мааниде айткан жок, адам менен айбан кыймыл-аракеттери да бир-биринен айырмасыз деген пикирди кабыл алдырууга аракеттенүүдө. Ошондо адамга айбан “аталарынан” мурас калган деп айтылган зомбулук, зөөкүрдүк, өзүмчүлдүк, айоосуз атаандаштык, зордуктоо, гомосексуализм сыяктуу жаман өзгөчөлүк жана мамилелер адамдар үчүн “кадыресе, табигый кыймыл-аракеттер” статусуна алып келинүүдө. Мисалы, эволюционист илимпоз Ж. П. Дарлингтон (J. P. Darlington) мындай дейт:

Биринчиден; өзүмчүлдүк менен зомбулук тубаса, эң алыскы аталарыбыздан бизге мураска калган. Демек, зомбулук адамдар үчүн табигый нерсе; эволюциянын бир натыйжасы.[172]

Демек адамдардын ар түрдүү кылмыштарды жасашы кадыресе кабыл алынып, кылмыш кылуу кечиримдүү кабыл алынууда, ал тургай, көбүнчө жазаландырбаш керек деп жакталууда. Гоулд *Ever Since Darwin* (Дарвинден бери) аттуу китебинде криминология адиси италиялык профессор Чезаре Ломброзо (Cesare Lombroso) менен башталган бул көз-караш жөнүндө мындай дейт:

Кылмыштуулук жөнүндөгү биологиялык теориялар көп деле жаңы эмес, бирок Чезаре Ломброзо (италиялык бир врач) бул талашка жапжаңы, эволюциялык бир багыт берди. Тубаса кылмышкерлер акыл-эси кем же оорулуулар эмес эле; мурдакы бир эволюциялык баскычка ылдый түшкөн, “ата-бабаларын” тартып калгандар эле. Примитивдик жана маймыл сымал аталарыбыздын генетикалык өзгөчөлүктөрү генетикалык репертуарыбызда сакталган. Кээ бир индивиддер нормалдуудан ашыкча аталык өзгөчөлүктөрдү алып төрөлөт. Кыймыл-аракеттери кээ бир жапайы коомдорго туура келсе да, бүгүн ал кыймыл-аракеттерди кылмыш дейбиз. Тубаса кылмышкерди аяса болот, себеби өзүн башкара албайт.[173]

Ломброзонун пикирин түшүндүргөн эволюционист Гоулддун сөздөрүнөн апачык көрүнүп тургандай, кылмыш кылуу толугу менен адамдын эркинен тышкары, адамдарга “аталарынан мурас калган” бир кыймыл-аракет катары кабыл алынууда. Чынында болсо бул чындыкка сыйбас бир пикир. Аллах бүт адамдарды ага дайыма жамандыктарды буйруган напсиси жана ал жамандыктан сактанышын, жакшылык кылышын буйруган абийири менен бирге жараткан. Аяттарда мындайча айтылган:

**Напсиге жана ага бир калып бергенге, кийин ага жаман-бузукулукту жана андан сактанууну илхам кылганга (ант болсун). Аны тазалаган чындыгында кутулууга жетти. Жана аны (баш көтөрүү, күнөө, бузулуулар менен) курчаган да албетте кыйроого туш болду. (Шамс Сүрөсү, 7-10)**

Ошондуктан, ар бир адам кылган ишинин жакшы же жаман экенин, мамилесинин сонун же жаман экенин билет. Жана ар бир адам жамандыктан сактанып, жакшылык кылууга милдеттүү. Жакшылык кылгандар сонун мамилелеринин сыйлыгын алса, жамандык кылгандар кылган жамандыктарынын жазасын сөзсүз тартат. Ар кандай кылмыш менен ахлаксыздыкты кадыресе көрсөткөн эволюция теориясы болсо адамдарды бул дүйнөдө да, акыретте да чоң бир балээнин ичине түртүүдө.

Адам – айбан эмес. Адам – Аллах ага рухунан үйлөгөн, акылы, эрки, абийири, акылмандыгы, тууранвы туура эместен айырмалоо аң-сезими бар, ойлоно алган, чечим ала алган, сындай алган, жаза жана сыйлык бере алган, башынан өткөргөндөрүнөн сабак ала алган, Аллах сынап жаткан бир жандык.

Мындай өзгөчөлүктөрдүн баары башка жандыктарда жок жана болушу да мүмкүн эмес. Себеби булар адамдын дене түзүлүшү менен, гендери менен байланыштуу өзгөчөлүктөр эмес. Булардын баары адамдын рухуна тиешелүү өзгөчөлүктөр.

Демек, руху жана акылы бар адам бул чындыкты сезиши керек, жана ошого жараша кадыр-барктуу, эркүү жана абийирине карап өмүр сүрүшү зарыл.

## “Жашоо күрөшү” жалганы себеп болгон жаман ахлак

Мурда да айтылгандай, дарвинизмдин эң негизги жаңылыштыктарынын бири – бул “жашоо күрөшү” жана “күчтүүнүн жашашы” деген сүйлөмдөр менен кыскача айтылган көз-караш. Эволюционисттердин туура эмес пикири боюнча, жашоо - адам да кошо, бүт жандыктар үчүн бир күрөш, уруш жана атаандаштыктын мекени. Мындай бир дүйнөдө сүйүү, урмат, кызматташтык, башкалардын жакшылыгын көздөө сыяктуу сонун ахлак өзгөчөлүктөрүнө орун жок.

Чарльз Дарвин *Адамдын келип чыгышы* аттуу китебинде адам бүгүнкү абалына күрөш менен келди жана алга жылуу үчүн күрөштү улантышы шарт, эч бир мыйзам менен бул алга жылууга тоскоол болбош керек деген жалганын айтып чыккан:

Адам баласы, башка бардык айбандар сыяктуу, бүгүнкү жогорку абалына, албетте, ылдам көбөйүшүнүн натыйжасында жашоо күрөшү менен келди жана эгер мындан да жогору көздөй жыла турган болсо, оор бир күрөшкө кириши зарыл.

Антпесе, кыска убакытта жалкоолошуп, жогорураак жөндөмдөргө ээ адамдар бул согушта жетиштүү деңгээлде ийгиликке жете алышпайт. Ошондуктан табигый көбөйүү коэффициентибиз эч бир ыкма менен жок кылынбашы зарыл. Бул бизди ар кандай жамандыктарга түртсө да. Бүт адамдар үчүн ачык атаандаштык болушу зарыл.[174]

Дарвинизм алып келген караңгы дүйнөдө эң негизги нерсе – бул бир адамдын өмүр бою жандалбас бир күрөш ичинде болушу. Чынында болсо бул пикир илимий тараптан жараксыз жана акыл менен логикага туура келбейт. Бул кооптуу пикирлердин ишке ашырылышы менен пайда боло турган чөйрөдө чынчылдык, баатырдык, башкаларга эч кызыкчылыксыз жакшылык кылуу жана бекемдиктин ордун алдамчылык, өзүмчүлдүк, көз бойомочулук, туруксуздук сыяктуу өзгөчөлүктөр ээлейт жана ушундай жаман мүнөздүүлөр гана утушат. Дарвинизмдин мындай бузуку дүйнө жана ахлак түшүнүгү таянган негиздер эволюционисттер тарабынан китеп саптарында көп көп айтылып, адамдардын аң-сезимине сиңирилүүдө.

Мисалы, Yale университетинин биология доктору Лоррейн Ли Ларисон Кудмор (Lorraine Lee Larison Cudmore) "The Center of Life" (Жашоонун борбору) аттуу бир макаласында эволюционисттик жашоо көз-карашында мээрим менен боор ооруга орун жок экенин апачык кабыл алууда:

Эволюция – катуу жана сөзсүз болуучу нерсе. Мээримге же чынчыл бир күрөшкө орун жок. Көптөгөн организмдер төрөлөт, ушул себептен, булардын көпчүлүгү өлүшү зарыл. Эң негизгиси – бул кеткен кийинки кишиден көбүрөөк сиздин гендериңизди алып жүргөн бала калтырып калтырбаганыңыз.[175]

Китептин башка бөлүмдөрүндө каралган расизм, жапайы капитализм, евгеника сыяктуу социал дарвинизм күчөткөн адашкан жана кооптуу көз-караш жана тажрыйбалардын баары – дарвинизмдин

"жашоо күрөшү" жана "күчтүү жашайт" деген жаңылыштыктарынын натыйжалары. Чынында болсо жашоо – күрөш мекени эмес. Адамдын жалгыз күрөшү өз напсиси менен жана башка жамандыктар менен болушу керек. Адам өз кулк-мүнөзүндөгү жана айланасындагы жамандыктар менен күрөшүү аркылуу өзүнө да, адамдар арасында да сүйүү, мээрим, боорукердик, тынчтык, бейпилдик, урмат, бекемдик, кубаныч, бакубаттык сыяктуу сонун нерселерди алып келүүгө аракет кылышы зарыл. Аллах ыраазы болгон жана адамдар үчүн тандаган дин ахлагы да муну талап кылууда.

## Социал дарвинизм адамдын өмүрүнө маани бербейт

Дарвинизмдин "жашоо күрөшү" догмасы жана "адамдар бир айбан" деген калпы ишке ашырылганда, адамдын өмүрү маанисиз болуп калат. Кандайдыр бир себеп менен адам өлтүрүү, бир адамды ачкалыкка, өлүмгө таштоо, согуш чыгаруу, кыргын жасоо, террордук акт жасоо, акыл оорулуусу, майып болгону үчүн же башка бир расадан болгону үчүн адамдарды жок кылуу "кадыресе" жана оңой болуп калат.

Бул бузуку логиканы ээрчип адам өмүрүнө маани бербегендердин бири – бул америкалык социал дарвинист профессор Е. А. Росс. Росстун бузуку пикирлери боюнча, Христиан дини ортого койгон коомдук көмөктөшүү жана жакшылыкты сүйүү культу акылы кемдердин жана акмактардын төрөлүшүнө жана көбөйүшүнө жараган коргоочу бир калкандын пайда болушуна" себеп болгон. Жана анын ою боюнча, "Мамлекет майыптарды, мисалы дүлөй, дудуктарды коргоого алууда, анан булар болсо көбөйүп майып бир раса пайда кылууда". Булардын баарына "табигый эволюциялык өнүгүүнө" тоскоол болгону үчүн каршы чыккан Росстун ою боюнча, "дүйнөнү оңдоонун бирден бир жолу – бүт акмактарды, жөндөмсүздөрдү жана майыптарды" өз алдынча (коргоосуз) таштоо менен табигый тандалуу процессинде тазаланышын күтүү.[176]

Мунун канчалык таш боор бир пикир экени апачык көрүнүп турат. Адамдын абийири бар жана абийири алсыздарды, муктаждарды, жакырларды коргоосун буйрук кылат. Антпесе, эгер адам "адам сыяктуу ойлонуу" жөндөмүнөн айрылса, анда айбандан да төмөн болуп калат. Себеби айбандар арасында да күчтүү бир көмөктөшүү жана жардамдашуу бар. (Тереңирээк маалымат үчүн караңыз. *Canlılarda Fedakarlık ve Akılcı Davranışlar (Жаныбарлардагы жан аябастыктар жана акылдуу кыймыл-аракеттер)*, Харун Яхья)

Росс адамга баа бербеген жалгыз социал дарвинист эмес. Анын коркунучтуу пикирлерин жактаган көп дарвинисттер бар. Мисалы, Принстон университетинин биоэтика профессору эволюциялык психолог Питер Сингер олуттуу дене майыптыгы бар адамдардын жашанынын мааниси жок деп кабыл алынышы керек дегенчеликке жеткен. Бул заалымдыгын төмөнкү таш боор сөздөрү менен айткан: "Эгер олуттуу майып бир адам баласын адам эмес бир айбан менен, мисалы ит же чочко менен салыштырсак... адам эместин дайыма жогору өзгөчөлүктөрү бар экенин көрөбүз... Адам баласынын хомо сапиенс түрүнө тиешелүү болушу гана бул баланын бир чочкодон же иттен өзгөчө мамиле көрүшүнө себеп болот. Бирок түрдүн бир мүчөсү болуу өз башынча ахлак менен байланыштуу эмес."[177]

Сингер дарвинисттик жырткычтыкта бир топ алдыга кетип, акылы кемдерди тамак-аш максатында же илимий эксперименттер үчүн өлтүрүүгө болот деген. Албетте, бул абдан жийиркеничтүү бир

жырткычтык. Бирок дарвинисттик логикада мындай жийиркеничтик жана жырткычтыктар да жакталууда. Сингердин сөздөрү төмөнкүдөй:

Акылы кемдердин жашоо укугу жок жана ошондуктан аларды –адам этине багытталган бир каалоо өнүктүрүшүбүз керек болсо- тамак-аш үчүн же илимий эксперимент максатында өлтүрүүгө болот.[178]

*Right To Die Society* (Өлүү укугу жамааты) мурдакы башчысы Джозеф Флетчер (Joseph Fletcher) да акылы кемдер жөнүндө ушул сыяктуу пикирлерди айтууда:

Эң төмөнкү деңгээлдеги мээге же акыл жөндөмүнө ээ эмес адамдар – канча органы иштесе да, канчалык жашоо функциялары автоматтык түрдө ишке ашса да, адам эмес... Акылы кемдердин кандайдыр бир жоопкерчиликтери жок, эч болгон эмес жана болбойт. Бул акылы кем адамдардын адам эмес экенин билдирет.[179]

Жаңы төрөлгөн наристелердин өлтүрүлүшү болсо адам өмүрүнө маани бербеген дарвинизм “кадыресе” кабыл алган таш боор, жырткыч иш-аракеттердин экинчиси. Дарвинизм, эгер жаңы төрөлгөн наристени багуу ал ата-эне үчүн кыйын болсо, аларды жашоо күрөшүндө артка тарта турган болсо, эволюциялык жактан бул наристени өлтүрүү керек болот деген абийирсиз бир пикирди жактоодо. Мисалы, Дарвин жаңы туулган наристелерди өлтүрүү айбандарда көп кездешет жана бул калкты көзөмөлдөөдө маанилүү бир фактор деген. Эволюционист Барбара Берк (Barbara Burke) *Science* журналындагы бир макаласында бул жөнүндө мындай дейт:

Кээ бир айбан түрлөрү ичинде баласын өлтүрүү табигый бир нерсе катары көрүлөт. Бул, адамдар үчүн да, примат аталарыбыздан калган бир өзгөчөлүк катары табигый көрүлүшү мүмкүнбү?... Чарльз Дарвин *Адамдын келип чыгышы* аттуу китебинде жаңы төрөлгөн наристелерди өлтүрүүнүн, адамзат тарыхы бою, калктын санынын көбөйүшүнүн алдын алуу үчүн колдонулган бардык ыкмалардын арасынан балким эң маанилүүсү экенин жазган.[180]

Гегель сыяктуу дарвинисттер болсо евгеника бөлүмүндө да каралгандай, өзүн-өзү өлтүрүүнү жакташып, жашоого чыдай албайм дегендердин өзүн-өзү өлтүрүү укугуна ээ экенин айткан. Бирок Аллах адамдарга өз жанын кыюуну арам кылган.

Евгеника, эвтаназия жана расизм сыяктуу бөлүмдөрдө да каралгандай, бүт мындай жапайы иш-аракет жана ишенимдер – дарвинизмдин адам өмүрүнө эч маани бербеген бир идеология экенин көрсөткөн мисалдар. Жана илимий эч бир баркы жок тантырак ойлорго гана таянган.

Чынында болсо ар бир адамдын өмүрү абдан маанилүү. Куран ахлагында адамдар бир-бирин абдан баалуу жана маанилүү көрүшөт жана бир-биринин жакшылыгы үчүн аракет кылышат. Бир момун (ыймандуу) өзү муктаж болуп турса да, тамагын башкасына берет:

**Бей-бечараларга, жетимдер менен туткундарга өздөрү сүйүп (жегиси келип) турган тамактан жедиришет. (Инсан Сүрөсү, 8)**

Мусулмандар жакырларды жана жетимдерди коргоого, алардын мал-мүлктөрүн адилеттүүлүк менен аларга берүүгө, жолдо калгандарга жардам берүүгө, алсыз калган аялдарды, эркектерди, жаш балдарды жана улгайгандарды коргоого милдеттүү. Аллах, мисалы, бир аятында ата-энеге “уф” деп да айтпа деп буйруган (Исра Сүрөсү, 23) жана бүт адамдарга бир-бирине эң сонун сөздөрдү айтышын

буйруган (Исра Сүрөсү, 53). Башка бир аятта болсо Аллах “**... Ким бир жанды, ал башка бирөөнү өлтүрүп же бир бузукулук чыгарбаса да (эч күнөөсүз жерден) өлтүргөн болсо, бардык адамдарды өлтүргөндөй (күнөө кылган) болот. Ким аны (өлтүрүлүшүнө тоскоол болуп) тирилтсе, бүт адамдарды тирилткендей болот...” (Маида Сүрөсү, 32)** деп буюрууда.

Бүт адамдар бир-бирин руху жана акылы бар, баалуу, маанилүү адамдар катары көргөн бир коомдун тынчтык, бейпилдик, коопсуздук, сүйүү жана урматка толоору анык.

# Эволюциялык психология жаңылыштыгы

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* жана *Адамдын келип чыгышы* аттуу китептери жарыкка чыккан соң көптөгөн эволюционисттер адамдын коомдук кыймыл-аракеттери, сезимдери, баалуулуктары, пикирлери, кыскача айтканда, адамдын рухуна тиешелүү өзгөчөлүктөр эволюция тарабынан кантип калыптанган болушу мүмкүн деп спекуляцияларды жасап башташты. Дарвин да бул эволюционисттердин арасында эле. Эң кеңири тараган жаңылыштык боюнча, эгер денелерибиздин көрүнүшү жана иштеши эволюция менен калыптанган болсо, анда бул дене менен жасаган кыймыл-аракеттерибиз да эволюция менен калыптанган болушу керек эле. Ошентип жандуулардын биологиялык түзүлүшүн да эволюция менен кантип пайда болгонун түшүндүрө албаган эволюционисттер адам рухуна тиешелүү өзгөчөлүктөрдүн “эволюциясы” жөнүндө жомокторду токуп башташты.

Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы*нда эле келечекте психологиянын фундаментинин эволюцияга таянаарын айткан жана бул оюнан чыгарган пикирин мындайча билдирген:

Алыскы келечекте бир топ маанилүү изилдөөлөрдүн чөйрөсүн көрүп жатам. Психология жаңы бир фундаменттин үстүнө курулат; мээ күчү жана жөндөмүнүн баскыч баскыч алынышына таянган бир фундамент. Адамдын тамыры жана тарыхы ачыкка чыгат.[181]

Айбан менен адам психологияларынын тамырын эволюциялык түшүндүрүү үчүн алгачкы маштабдуу аракетти Гарвард университетинен курт-кумурска изилдөөчү Эдуард О. Уилсон (Edward O. Wilson) жасаган. Уилсон бул аракетти эч ийгиликке жетпесе да, “социобиология” деп атаган.

Уилсон 1975-жылы чыгарган *Sociobiology: The New Synthesis* (Социобиология: жаңы синтез) аттуу китебинде айбан психологиясынын баарынын биологиялык бир фундаменти бар деди. Бул жаңылыштыгын биологиялык эволюцияга таяган Уилсон айбандар менен адамдардын кыймыл-аракеттерин башкаруучу атайын гендер бар деп ойлогон. Уилсондун түпкү адистиги курт-кумурскалар эле жана китебинин алгачкы 26 бөлүмүндө курт-кумурскалар жөнүндө сөз кылган. Китептин 27-бөлүмүндө болсо бул пикирлерин адамдарга тууралоого аракеттенген. 1978-жылы *Human Nature* (Адам табияты) аттуу китебинде да кек, зомбулук, жаттан коркуу, адаптация, гомосексуалдык, эркектер менен аялдар арасындагы кулк-мүнөз айырмачылыктары сыяктуу адам кыймыл-аракеттерине жооптуу гендер бар деген спекуляцияларына кеңири орун берген. Уилсон китептеринде жана макалаларында ортого койгон бул пикирлери эч качан бир спекуляциядан ары бара алган жок. Уилсон менен аны ээрчигендердин пикирлери илимий ачылыштар тарабынан эч качан тастыкталбады. Тескерисинче, илимий маалымат жана ачылыштардын баары Уилсон жана аны менен бир пикирдегилердин жаңылганын көрсөттү.

Уилсондун экинчи бир илимге сыйбас пикири – бул “жаныбарлар генди алып жүрүүгө гана жараган инструменттер жана эң маанилүү кызматы бул гендерди алып келечек урпактарга өткөрүү” деген пикири эле. Уилсондун илимге сыйбас көз-караштары боюнча, эволюция гендердин эволюциясы эле, табигый тандалуу гендерди тандап жаткан, ошондуктан эң негизги нерсе гендер эле. Уилсон *Sociobiology: The New Synthesis* (Социобиология: жаңы синтез) аттуу китебинде эч бир илимий мааниси жок бул пикирин мындайча айткан:

Дарвинисттик мааниде жандык өзү үчүн жашабайт. Негизги функциясы башка жандыктарды өндүрүү дагы эмес; гендерди өндүрөт жана гендердин убактылуу алып жүрүүчүсү кызматын аткарат. Жыныстык көбөйүү менен пайда болгон ар бир жандык – ал түрдү түзгөн гендердин башталгыч жана кокустук бир астыңкы тобу. Табигый тандалуу – бул кээ бир гендердин ошол эле хромосомадагы башка гендерди жеңип, келечек урпактарда өкүлдүккө (орунга) ээ болгон бир процесс. Бул инструмент мүмкүн болгон эң аз биохимиялык татаалдык менен гендерди коргой турган жана жайа турган машинанын бир бөлүгү. Самуэль Бюлердин атактуу "бир тоок – бул бир жумуртканын башка бир жумуртка өндүрүү жолу гана" деген сөзү заманбапташтырылган: организм – бул ДНКнын көбүрөөк ДНК өндүрүшүнүн бир жолу гана.[182]

Уилсондун пикирлеринин эч кандай илимий негизи жок эле. Анын пикирлери эволюционисттик стереотиптеринин бир натыйжасы эле болгону. Эволюционисттер арасында да Уилсондун спекуляцияларына каршы чыккандар болгон. Булардын бири Стивен Жей Гоулд эле:

Бирок Уилсон бир топ күчтүү пикирлерди айтууда. 27-бөлүм... адам кыймыл-аракеттериндеги – кекенүү, зомбулук, жат душмандыгы, адаптация, гомосексуалдык жана батыш коомунда аял менен эркек арасындагы кулк-мүнөздүк өзгөчөлүктөр сыяктуу- кадимки жана өзгөрүүчү сапаттар үчүн гендер бар экени жөнүндө кеңири масштабдуу бир спекуляция.[183]

Уилсон менен башталган адам кыймыл-аракеттери жөнүндөгү эволюционист спекуляциялар Ричард Доукинс менен эң акылга жана логикага сыйбас чектерге жетти.

## Доукинс жана өзүмчүл гендерди алып жүрүүчү роботтор

Социобиологиянын жана учурдагы бутагы болгон эволюциялык психологиянын гендер жөнүндөгү илимге сыйбас пикирлеринин натыйжасында Оксфорд университетинен эволюционист зоолог Ричард Доукинс тарабынан популярдаштырылган "өзүмчүл ген" калпы пайда болду.

Доукинс сыяктуу эволюционисттердин ою боюнча, бир жандыктын эң негизги максаты – бул өмүрүн улантуу, көбөйүү жана ушундайча гендерин коргоо менен келечек урпактарга бере алуу. Бул пикирдин негизи болсо толугу менен ойдон чыгарылган бир сценарийге таянган.

Эволюция теориясынын бул сценарийи боюнча, бир кездерде жансыз химиялык заттар, кандайдыр бир себеп менен, өздөрүн өздөрү уюштурушуп, өзүн-өзү копиялай алган ДНК базалуу бир система түзүшкөн. Бул ойдон чыгарылган химиялык аралашмадан чыккан алгачкы организм болсо – көбөйүүдөн башка көп деле ишке жарабаган бир ген. Бул ген кандайдыр бир жол менен өзүн копиялоо "чечимин алып", бул ишти баштаган жана жаңы гендерди чыгарган. Бул копиялоолор учурунда пайда болгон каталар натыйжасында болсо ар түрдүү өзгөчөлүктөргө ээ гендер пайда болгон. Белгилүү мөөнөттөн соң болсо, бир нерселер болуп, бул генетикалык материалдар ар түрдүү денелерди иштеп чыгууну "үйрөнүшкөн" жана ушундайча аларды алып жүрө турган жана натыйжалуураак өндүрө турган машиналарды жасашкан. Эң жакшы денени коддогон гендер мунун урматында башкаларына салыштырмалуу натыйжалуураак копияланышкан. Эволюционисттер себебин жана кандайын эч түшүндүрө албаган бул жомоктун натыйжасында, бул денелер убакыттын өтүшү менен калып жана функциялары жагынан андан ары өнүккөн дешет. Эч бир илимий далили жок, ишке ашышы эч мүмкүн эмес болгон бул жомок – заманбап дарвинизмдин негизги догмаларынын бири. Чынында болсо, адам

денесинин бир даана органы мындай турсун, бул органды түзгөн клеткалардын, бул клеткалардын материалдарынын бир бөлүгүнүн да өзүнөн-өзү пайда болушунун мүмкүн эмес экенин эволюционисттер да абдан жакшы билишет.

Доукинс болсо эволюция теориясынын бул жомогуна таянуу менен, "эволюция негизи гендер арасындагы атаандаштык" дейт жана мунун негизинде адамга болгон бузуку көз-карашын *The Selfish Gene* (Өзүмчүл ген) аттуу китебинде төмөнкүдөй жыйынтыктаган:

Биз – гендер катары белгилүү болгон өзүмчүл молекулаларды коргоо үчүн көзү жумук программаланган, жашап калган машиналар, робот инструменттербиз. Бул мени дагы эле абдан таң калтырган бир чындык. Муну көп жылдан бери билсем да, эч качан бул пикирге толук көнө албадым. Каалоолорумдун бири – башкаларды да таң калтыра алуу.[184]

Жогорудан да көрүнүп тургандай, Доукинстин логикасыз пикирлери боюнча, адам болгону "ген алып жүрүүчү бир робот". Бул дүйнөдө жашашынын жалгыз максаты болсо – бул алып жүргөн гендерин көбөйтүү, ага башка гендер менен атаандаштыгында жардам берүү жана кийинки урпактарга өткөрүү. Адам рухунун бар экенин көрмөксөн болуп, адамды механикалык бир инструментке окшоткон бул пикирдин чындыкка эч жакындашпашы ачык көрүнүп турат.

Ошого карабастан, адамды материалисттик жактан түшүндүрүүнү каалаган көп эволюционисттер Доукинстин эч бир илимий жарактуулугу жок бул теориясын колдошкон. Уилсон да *Human Nature* аттуу китебинде адамдын гендери менен гана мааниге жана максатка ээ экенин айтат:

... Биздики да кошо эч бир түрдүн генетикалык тарыхы (б.а. эволюция) тарабынан түзүлгөн мажбурдуктардан тышкары бир максаты жок... Бир түр өзүнүн биологиялык табиятынан башка кандайдыр бир максатка ээ эмес.[185]

Илимий негизи жок бул материалисттик ишеним боюнча, эгер жалгыз максат гендердин улантылышы болсо, гендерди коргоого милдеттүү адамдын эч кандай ахлактык баалуулугу болушу мүмкүн эмес. Гендеринин кызыкчылыктары үчүн болушунча өзүмчүл жана таш боор болушу зарыл. Доукинс жана тараптарларынын ою боюнча, бул атаандаштыкта өзүмчүлдөр утат. Доукинс бул бузуку дарвинисттик көз-караштьı *Өзүмчүл ген* аттуу китебинде мындайча жыйынтыктайт:

Биз жана башка бүт айбандар – гендерибиз тарабынан жасалган машиналарбыз. Ийгиликтүү Чикаго гангстерлери сыяктуу гендерибиз кээде миллиондогон жыл бою, болушунча атаандаш бир дүйнөдө өмүрүн улантышты... Бул бизге гендерибизден кээ бир сапаттарды күтүү мүмкүндүгүн берет. Ийгиликтүү бир генден күтүлгөн эң негизги сапат заалым бир өзүмчүлдүк деп ойлойм. Бул ген өзүмчүлдүгү адамдардын кыймыл-аракеттеринде да өзүмчүлдүккө себеп болот. Ошентсе да, көрүлө тургандай, бир ген өзүмчүл максаттарына чектүү бир жан аябастык көрсөтүү менен жете турган кээ бир өзгөчө учурлар бар. Акыркы сүйлөмдөгү "өзгөчө" жана "чектүү" сөздөрү маанилүү. Канчалык андай эмес экенине ишенгибиз келсе да, түрлөрдүн ааламдын сүйүү жана жардамдашуусу эволюциялык жактан мааниси жок түшүнүктөр.[186]

Доукинстин сабатсыздыгынан чыккан бул теориясы боюнча, адам алып жүргөн гендер өзүмчүл болгондуктан, адам да өзүмчүл. Демек, "өзүмчүл роботтордун" өзүмчүл гендерин коргоо жана көбөйтүү үчүн ар кандай жолду колдонушу күтүлөт. Мындай жандыктардын кылмыш кылбашы, уурулук жасабашы, зордуктоого барбашы үчүн эч бир себеп жок. "Өзүмчүл машиналардын" ахлак эрежелеринин болушун, акылман, абийирдүү кыймыл-аракет кылышын күтүүгө болбойт. Мисалы, бир адамдын өз

кызыкчылыгы үчүн башка бирөөнү өлтүрүшү бул учурда бир кылмыш же ахлаксыздык эмес, генетикалык бир мажбурдук болот. Гендер өзүмчүл болгондуктан, кыймыл-аракеттер да өзүмчүл. Көрүнүп тургандай, Доукинстин адамга көз-карашы абдан маанилүү коркунучтарды, коом ахлагын кыйратууга багытталган коркунучтуу пропагандаларды камтыйт.

Чынында болсо, өзүмчүл ген пикири такыр логикасыз жана жомок. Доукинс жана ага окшогондор гендер жөнүндө аң-сезими, эрки жана күчү бар жандыктар катары сөз кылышууда. Чынында болсо гендер – узун ДНК тизмектери. ДНК болсо – бул фосфат жана шекер менен бир-бирине карматылган узун бир нуклеин кислотасы тепкичи. Б.а. узун бир молекула. $H_2O$ же $H_2SO_4$ (күкүрт кислотасы) сыяктуу, ДНК да бир молекула. “Өзүмчүл суу”, “өзүмчүл туз” же “кызганчаак күкүрт кислотасынан” сөз кыла албаган сыяктуу эле, өзүмчүл гендерден да сөз кыла албайбыз.

Эволюционисттер адамды бир зат жыйындысы гана деп көрсөтүүгө жана бул зат жыйындысына эки он беш отуз жолу менен аң-сезим таңуулоого аракет кылышууда. Гендерге аң-сезим таңуулаганчалык логикасыз бир пикирди жакташы болсо – эволюция теориясынын абалын көрсөтүшү жагынан жакшы көрсөткүч. Илгери тактайдан же таштан жасалган путтарда акыл жана аң-сезим бар деп ойлогон путпарасттыктын ордун, учурда молекулаларда, бул молекулаларды түзгөн жансыз атомдордо акыл жана аң-сезим бар деп жактаган дарвинизм ээледи.

## Эволюциянын дагы бир тупиги: өзүн аябас “гендер”

Эволюция теориясынын калптары боюнча, табиятта күчтүүлөр гана жашаган, күчтүү бир күрөш чөйрөсү бар. Бирок табияттагы жандыктарга байкоо жүргүзүлгөндө, көпчүлүгүнүн бир-бирине көмөкчү болгону, бир-бирлери үчүн иш-аракеттер жасаганы, ал тургай, башкалар үчүн өз жанын да аябаганы көрүлүүдө. Уилсон эволюция теориясынын негизги пикирине карама-каршы келген бул чындыкты түшүндүрүү үчүн кээ бир негизсиз гипотезаларды айткан жана бул “түшүндүрмөлөрү” социобиологиянын негизин түзгөн. Уилсон түшүндүрмөлөрүн В. Д. Хамилтон “тууган тандалышы” деп атаган башка бир калпка таяган эле. Бул калп боюнча, баласын же өз түрүнөн башка бир жандыкты коргогон, ал үчүн жан аябастык жасаган бир жандык негизи өзүнүн “өзүмчүл гендерин” коргоодо. Максат гендерди кийинки урпакка өткөрүү болгондуктан жана бир эненин гендери баласында да болгондуктан, баласын өз өмүрүн аябастан коргогон эне негизи өз гендерин коргогон болот. Б.а. жан аябастык жасашы негизи өзүмчүлдүгүнөн!

Бул абдан тантырак бир пикир. Эң биринчиден, табияттагы эч бир айбан гендерин биле турганчалык бир аң-сезимге ээ эмес, ошондуктан аларды коргоо сыяктуу бир ойдо болушу да мүмкүн эмес. Анын үстүнө, ал үчүн өз жанынан кечкидей, баласында же жээндеринде да өзүнө тиешелүү гендердин бар экенин билиши мүмкүн эмес. Гендердин бир жандыкты буга багытташы эч мүмкүн эмес. Гендер – бул, жогоруда да айтылгандай, аң-сезимсиз молекула тизмеги.

Мындан тышкары, айбандар бир эле алардын гендерин алып жүргөн айбандарга эмес, кээде башкаларга да жардам беришүүдө. Табиятта мунун көп мисалдары бар. Бул болсо эволюционисттик пикирлер менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон бир кыймыл-аракет; себеби жан аябастык жасаган бир жандык өз гендерин коргоду деген көз-караштын мааниси жоголууда.

Ансыз деле, гендерин коргоо сезими бул жандыктардын генетикалык түзүлүштөрүндө коддолгон деген пикирди айтуу да эволюционисттердин проблемасын чечпейт. Себеби, анда мынчалык комплекстүү бир кыймыл-аракет гендерге кандайча коддолду деген суроо туулат. Эволюция теориясы кокустук механизмдери менен бир даана гендин да кантип пайда болгонун түшүндүрө албай жатканда, бул гендерге коддолгон маалыматтардын кандайча болуп кокустан пайда болгонун түшүндүрүшү эч мүмкүн эмес. Жандыктардын гендеринде коддолгон ар бир маалымат бир аң-сезимдин чыгармасы. Бул – чексиз бир илим жана акыл ээси болгон Аллахтын жаратуусу.

Социобиологдор табияттагы жандыктардын жан аябастыктары жөнүндөгү пикирлерин адамдарга да колдонууга аракет кылышууда. Б.а. эволюционисттердин ойдон чыгарган пикирлери боюнча, бир эне баласын коркунучтардан коргогондо, керек болсо ал үчүн эч ойлонбостон өз жанынан кечкенде, бул эне негизи гендерин коргоону максат кылууда. Эволюционисттердин адам рухуна тиешелүү өзгөчөлүктөрдүн бар экенин кабыл албашы, булардын баарын эволюция теориясы менен түшүндүрүүгө аракет кылышы эч бир илимий далилге таянган эмес. Эволюционисттер бул логикасыз пикирлери менен адам рухун, аң-сезимин жана абийирин жокко чыгарууда. Чынында болсо адам – руху, акылы, абийири, ойлонуу жана сындоо жөндөмдөрү бар, туура менен туура эмести бир-биринен айырмалай алган аң-сезимдүү бир жандык. Бир эне болсо баласы үчүн жан аябастык кылганда, баласын сүйгөнү, ага боорукердик жана мээрим сезгени, аны алсыз көргөнү үчүн жана коргоо жоопкерчилигин өз мойнуна алганы үчүн жан аябастыктарды жасайт. Мисалы, бир эне баласы кыйналганда, өзүн анын ордуна койот жана бул аны кайгыга салып, тынчсыздандырат, баласынын оорусун басуу үчүн ар нерсеге даяр болот. Булар – кээ бир эволюционисттер жомокторунда айткандай- “ген алып жүрүүчү бир машина” же бир “робот” ээ боло албаган өзгөчөлүктөр.

Негизи эволюционисттер да адам рухуна тиешелүү өзгөчөлүктөрдү эволюция теориясынын гипотезалары менен түшүндүрө албашын билишет. Мисалы, эволюционист Роберт Уоллес *The Genesis Factor* (Башталгыч фактор) аттуу китебинин аягында мындай дейт:

Адамдын бир гана генетикалык көбөйүүнү максат кылган акылдуу бир эгоист экенине ишенбейм. Адам ушул. Бирок бул гана эмес. Мындан бир топ кеңири экени анык. Мунун далили абдан жөнөкөй жана көп. Адам рухунун өлчөөгө мүмкүн болбогон бир терендиги бар экенин көрө алуу үчүн бир адамдын Иоганн Пахельбельдин "D Majör Canon" аттуу композициясын угушу жетиштүү...[187]

Уоллес көңүл бурган жагдай абдан маанилүү. Эволюционисттердин чындыкка сыйбас адам аныктамасы боюнча, адам – ген алып жүрүү кызматын аткаруучу бир машина гана. Мындай бир жандыктын уккан музыкасынан ырахат алышы, бир кино көргөндө ырахаттанышы, ал тургай, мындай бир кино тартышы, китеп жазышы, китеп окушу, окугандарын үйрөнүшү, ой бөлүшүшү мүмкүн эмес. Адамдын эволюционисттер сүрөттөгөндөн такыр башка бир табиятта экени апачык жана ар бир адам мунун далилин өзүндө көрүүдө. Адамдай терең бир ойлонуу жөндөмү бар, рухунда жүздөгөн сезим жана ырахатты сезе алган бир жандыктын кандайча пайда болгону жана өзгөчөлүктөрүнүн тамырынын эмне экени – эволюционисттер илимге сыйбас пикирлери менен эч жооп бере албаган суроолор.

## Генетикалык детерминизмдин кыйрашы

Адам геномунун тизмегинин жана анализинин жарыкка чыгышы менен бирге, ДНКнын абдан чоң бир күчкө ээ экени жана гендердин биздин ким экендигибиздин аныкталышында абдан маанилүү ролу

бар экени жөнүндө кеңири бир пикир пайда болду. Дээрлик күн сайын гезиттерде гендерибиз "башкарган" бир өзгөчөлүгүбүз жөнүндөгү кабарларды көрүп баштадык. "Илимпоздор генийлик генин максат кылышууда"; "Кеннеди трагедиялары рискке кирүү генине байланыштырылды"; "Илимпоздор эркек бир туугандарга болгон изилдөөлөрдүн "гомосексуалдык ген" бар экенин далилдегенин айтышууда"... Шизофрениядан кызганычтыкка, алкоголизмден телевизор көрүү адатына чейин бүт нерсенин гени бар экендиги жөнүндөгү кабарлар көп көп илимий жана илимий эмес гезит, журналдарда орун алууда.

Бүт бул кабар темаларын караган адамдар болсо адам геному жөнүндө бир нерселер билген сайын адамдын мээсинен кулк-мүнөзүнө, ийгиликтеринен ийгиликсиздиктерине чейин ар кандай өзгөчөлүктүн гендеринде коддолгон экенин көрөбүз деп ойлошту. Кээ бирлер жашообуз бир формула гана деген жаңылыштыкка ишенип башташты.

Бир нерсени айта кетүү керек: адам геному жөнүндө жасалган изилдөөлөр абдан баалуу эмгектер. Мындан тышкары, адамдын генетикалык түзүлүшү багытында жасалган эмгектер кээ бир дене оорулары жөнүндө маанилүү маалыматтардын алынышына каражат болгон. Бирок Адам геному долбоорун башкаргандар жана бул тема менен алектенген илимпоздор да апачык айткандай, бул жагдай гендерге реалдуу эмес кээ бир ролдорду жүктөөгө аракет кылууну эч түшүндүрө албайт. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр адамдардын кулк-мүнөздөрүндө, кыймыл-аракеттеринде жана ой жүгүртүшүндө гендердин маани берилбей турганчалык кичинекей бир ролу бар экенин, ар бир кулк-мүнөз үчүн бир гендин болушунун мүмкүн эмес экенин көрсөтүүдө. Мисалы, Institute of Science in Society'ден (Жамаатта илим институту) Мэй-Ван Хо (Mae-Wan Ho) "The Human Genome Map, The Death of Genetic Determinism and Beyond" (Адам геному картасы, генетикалык детерминизмдин өлүмү жана кийинкиси) аттуу макаласында мындай дейт:

Гендердин саны акыркы он жылда айтылган, гендер бир гана денебиздин түзүлүшүн жана кайсы ооруларга кабылаарыбызды эмес, ошондой эле кыймыл-аракеттерибизди, мээ жөндөмдөрүбүздү, жыныстык тандоолорубузду жана кылмышка жакындыкты да аныктайт деген ашыкча логикасыз көз-карашты колдогонго жетиштүү эмес.[188]

Адам геному долбоорун ишке ашырган эки уюмдун бири National Human Genome Research Institute (Улуттук адам геномун изилдөө институту) башчысы Фрэнсис С. Коллинс да адамды адам кылгандын гендери эмес экенин апачык жана так бир сөздөр менен айткан. Коллинс "Have No Fear. Genes Aren't Everything" (Коркпоңуз. Гендер бүт нерсе эмес) аттуу макаласында мындай дейт:

Адам геномуна болгон он жылдык талыкпас эмгектер генетикалык детерминизм жөнүндөгү коркуулардын орунсуз экенин көрсөткөн жетиштүү далилдерди берди. Биз-адамдардын генетикалык бөлүктөрүбүздүн жыйындысынан бир топ жогору (өйдөдө) экенибизди даана көрсөттү. Гендерибиздин адамдын өрчүшүндө жана көптөгөн адам ооруларынын пайда болушунда маанилүү ролу бар экени талашсыз. Бирок бир жумуртка жана эки жумуртка эгиздер жөнүндө төмөн жана жогорку технология менен жасалган изилдөөлөр адам тажрыйбасында гендердин бүт баарын аныктоочу фактор эмес экенин тактады.[189]

Коллинс ушул эле макаласында гендердин адам кыймыл-аракеттерине да маанилүү таасир бербегенин айткан. Бир кылмышкердин ДНКсын карап, "генетикалык жактан кылмышка жакынбы" деп

изилдөөнүн жана ошого жараша жаза берүүнүн адилетсиз натыйжаларга алып барышы мүмкүн экенин айтууда:

Мээ жана зомбулукчу мамиле сыяктуу оорулар менен байланыштуу болбогон өзгөчөлүктөрчү?... Тиешелүү бир гендин үзгүлтүксүз уланышы миң жылдык эркин эрк түшүнүгүбүзгө терең таасир бериши мүмкүн эле жана адилеттик таразасын эки кооптуу багытта ийиши мүмкүн эле. Эгер зомбулукчу бир кылмыш жасаган бирөө бул генге ээ болсо, адвокаты ДНК коргоосун колдонушу мүмкүн эле ("эгер бул кылмыш гендерде болсо, бул адам таза!") жана коргоо, сот жана жюри тарабынан кылгандарынан жоопко тартылбашы мүмкүн эле. Ошондой эле, эч зомбулук жасабаган, бирок зомбулук гени бар бир адам өмүр бою кылмышка күмөндүү катары көрүлгөн (ал тургай заманбап инфекцияга кабылгандар лагерине жөнөтүлгөн) бир сценарийди элестетүүгө болот.

Эгер гендер чындап кыймыл-аракеттерди башкарганда, жоготкон нерсебиз бир эле адилет системабыз жана бул системанын эң маанилүү эрежеси болгон тең коргоо болмок эмес. Анда тең мүмкүнчүлүк түшүнүгүбүз кайда калмак? Анда жакшылык кылуу пикири эмне болмок? Gattaca аттуу кинодо көрсөтүлгөн коркутуучу "генотократияны" элестетиңиз. Наристелер төрөлөөр замат ДНКларында жазылган мээ жөндөмдөрүнө жана кесип потенциалдарына жараша топторго бөлүнгөн бир дүйнө.[190]

Коллинс макаласында адамдарга тиешелүү кыймыл-аракеттер гендерде коддолгон деген пикирдин логикасыздыгын биолог Жон Жо МакФадденден (John Joe McFadden) алган бир окшоштуруу менен мындайча түшүндүрүүдө:

Биолог Жон Жо МакФадден тарабынан айтылган бир окшотууну колдонсок; жеке кыймыл-аракеттерибизди жана мээбиздин башка натыйжаларын коддогон гендерди издөө Император концертин табуу үчүн бир скрипканын кылдарын же пианинонун клавишаларын изилдөөгө окшошот. Негизи адам геномун болжол менен 30 миң генибиздин ар бири молекулярдык биология катары белгилүү болгон өзгөчө жана кереметтүү концертте ойногон атайын бир инструментти көрсөткөн эң чоң оркестрлердин бири деп элестетүүгө болот. Ар бир инструмент маанилүү жана ар бири туура (жана болушунча татаал) үндү пайда кылуу үчүн гармонияда болушу зарыл. Ошол сыяктуу, гендер да мээнин өнүгүшү үчүн абдан маанилүү жана функционалдык нейрондор менен нерв өткөргүчтөрдү өндүрө алуу үчүн "гармонияда" болушу шарт. Бирок бул эч качан гендер акылды пайда кылат деген мааниге келбейт, бир виола же пикколонун (кичинекей флейта) соната жасай албашы сыяктуу.[191]

Коллинс макаласынын аягын болсо абдан маанилүү бир чындыкка бөлгөн. Адамды адам кылган өзгөчөлүктөрдүн ДНКдан көз-каранды эмес экенин билишибиздин дагы бир маанилүү себеби бар деген Коллинс Аллахтын жогорку жаратуусуна көңүл буруууда:

Көпчүлүгүбүз үчүн ДНК адамдыгыбыздын негизги заты деген пикирди жокко чыгаруу үчүн илим механикасынан сырткары абдан күчтүү дагы бир себеп бар. Бул абдан чоң бир күчтүн бар экенине болгон ишеним... кээ бир илимпоздор жана жазуучулар руханий тенденцияны толугу менен жомок катары кабыл алышууда. (Албетте, бул алардын абдан чоң бир жаңылыштыгы.) Ричард Доукинс "биз – ДНК тарабынан жасалган жана максаты ошол ДНКнын копияларын өндүрүү болгон машиналарбыз. Бул бардык жандыктардын жашашынын жалгыз себеби" деп айткан. Чындап эле ошондойбу? Адам болууну бир бактерия же курт-кумурска болуудан өзгөчө кылган бир нерсе жокпу?

Генетикалык жана молекулярдык биология ар доордо жана бүт адам маданияттарында орток болгон ааламдык туура жана туура эмес түшүнүгүнүн кантип пайда болгонун түшүндүрө алабы? Грекчеде agape (мээрим-сүйүү) деп айтылган өзүмчүл эмес сүйүүнүн себебин түшүндүрө алабы? ДНКбыз рискке карабастан башкалар үчүн жан аябастык кылуунун себебин түшүндүрө алабы? Эволюциялык психологдор гендердин натыйжалуу таркашына тоскоол болгон адам кыймыл-аракеттери жөнүндө ар кандай түшүрдүрмөлөрдү жасашканда, бул пикирлери бизге чындыкка туура келбечүдөй сезилүүдө.

Бар болушубуздун сырлары илимдин гана колунда деген пикир өзүнчө эле бир динге айланды... Илим, албетте, табиятты түшүнүүнүн туура жолу; бирок илим бизге адам мүнөзүнүн, табияттын жана ошондой эле илимдин чөйрөсүнөн сыртта калган башка тараптардын бар экенин жокко чыгарышыбыз үчүн эч себеп бербейт.[192]

Коллинс да көңүл бургандай, шекерден, фосфаттан жана көмүртек-суутек-азот-кычкылтек кошулмаларынан турган молекула тизмектеринин адамга сүйүү, жакындык, искусстводон ырахат алуу, сүйүнүү, энелик сезими, ээ чыгуу, амбиция, жан аябастык сыяктуу сезимдерди тартуулашы мүмкүн эмес. Адам, руху жокко чыгарылганда, бир эт менен сөөк жыйындысы гана болуп калат. Бул эт менен сөөк жыйындысынын ойлонушун, математикалык эсептер жасашын, жеген тамагынын даамынан ырахат алышын, көрбөгөн бир досун сагынышын, көргөн бир кооздукту жактырышын камсыз кылган – өздөрү да заттык нерселер болгон гендер эмес. Адам – Аллах жараткан, денесинен өзүнчө рух берген бир жандык. Адам – денесинен, гендеринен, мээсинен жана клеткаларынан такыр башка, өзүнчө бир жандык. Адамдын руху бар бир жандык экени Куранда мындайча кабар берилет:

**Ал – жараткан бүт нерсесин эң кооз кылган жана адамды жаратууну бир ылайдан баштаган (Зат). Кийин анын урпагын бир маңыздан, болгону бир суудан жасаган. Кийин аны «оңдоп, бир калыпка салды» жана ага рухунан үйлөдү. Силер үчүн кулак, көздөр жана көңүлдөр бар кылды. Канчалык аз шүгүр кылуудасыңар? (Сежде Сүрөсү, 7-9)**

Адамдын руху – Аллах Өзүнөн үйлөгөн бир рух. Аллахтын бар экенин жана адам ээ болгон метафизикалык өзгөчөлүктөрдү кабыл алгысы келбеген эволюционист материалисттер "бүт баары гендерде коддолгон" деген калпты айтуу менен адамдарды бул чындыктан алыстаткылары келген. Чынында болсо гендердин адам рухун жарата албашы апачык көрүнүп турат; буга эчтекеге карабастан жабышып алышкан.

Бул адашкан ишеним негизи жаңы деле эмес. Тарых бою "путпарасттык" (идолдорго сыйынуу) катары белгилүү болгон. Байыркы путпарасттар тактайдан жонуп жасаган путтарын (идолдорун) биздин кудайыбыз деген сыяктуу, эволюция теориясы да гендерди жалган кудайлар катары кабыл алышып, гендер бүт нерсенин максаты жана жаратуучусу дешүүдө. (Аллахты аруулайбыз.) Бирок бул абдан караңгы жана догматикалык көз-караш –эволюция теориясына таяныч болот деп үмүт кылынган-илимий ачылыштар менен кыйратылды. Гендер жөнүндөгү эң маанилүү жана тарыхый изилдөөнүн башындагы илимпоз Коллинс да эволюционисттер "кудай" деп жарыялаган гендердин эч кандай күчү жок экенин жана адамдын гендерден өйдө метафизикалык бир жандык экенин апачык айткан.

Путпарасттык, б.а. эч күчү жок заттарга кудайлыкты таңуулоо – тарых бою уланып келген бир каапырлардын салты. Учурда болсо бул салтты эволюционисттик көз-караш менен улантууда. Аллах Куранда эч бир күчү жок нерселерди кудай тутунгандар жөнүндө мындай деп билдирет:

**Андан башка, эч нерсе жаратпаган, тескерисинче өздөрү жаратылган, өздөрүнө да зыян да, пайда да жеткире албаган, өлтүрүүгө, жашатууга жана кайрадан тирилтип-жайууга күчтөрү жетпеген бир топ кудайларды (кудай) кылып алышты. (Фуркан Сүрөсү, 3)**

Аллах каапырлардын мындай ишениминин адашуучулугун башка бир аятта мындайча кабар берет:

**Айткын: "Андан (Аллахтан) башка (кудай деп) атаганыңарды чакыргыла, алар силерден зыянды да алыстата алышпайт, (аны пайдаңарда) айланта да алышпайт. (Исра Сүрөсү, 56)**

Аллахтын акылы бар адамдарга буйругу болсо мындай:

**Аллахтан башка, сага пайдасы да, зыяны да болбогон(кудайлар)га сыйынба. Эгер сен (мындай) кылчу болсоң, анда чындыгында зулумдук кылгандардан болосуң. (Йунус Сүрөсү, 106)**

# ЖЫЙЫНТЫК

“Ахлактык кыйроо экономикалык кыйроого да айланды!...”, “Өспүрүм сойкулар...”, “Жаш англиялыктардын ою боюнча зордуктоо кадыресе”, “Финляндияда 400 гомосексуал жана лесбиянка үйлөндү”, “Гей тою”, “Ачуу басылбай жатат”, “Коррупциянын чеги жок”, “Коррупция стресси”, “Баңги затты колдонуп баштоо жашы 13 болду”, “Баңги затты эркин кылуу керек!”, “Зулумдук бүт тарапта”, “Жетишпестикте согуш”, “Желмогуздук токтосун деген адам жок”, “Согуш, скандал, көтөрүлүштөр жылы”, “Сербиялыктар фашисттерди туурашты”, “Жарандарды танка менен эзишти”, “Жер бети порох казаны сыяктуу”, “Дүйнө от менен көз жашына буулду”, “Кылмыш буму”, “Алкоголь суудай ичилүүдө”, “Европа жаштары алкоголго баш ийди”, “АКШ зомбулуктун алдын ала албай жатат”, “Адамгерчилик калбаптыр”, “Руханий кыйроо”, “Америкалык жаштар ахлактык кыйроодо”, “Адамзат жалгыздыкка чуркоодо”...

Булар ар түрдүү гезиттердерде ар кайсы даталарда биринчи беттен чыккан кээ бир мисалдар; дээрлик күн сайын гезит жана телевизор кабарларында биз көрүп турчу кээ бир кабарлар. Ушул жана ушул сыяктуу кабарлардын саны ушунчалык көп болгондуктан, адамдардын көпчүлүгү мындай окуяларга көнүп калышкан. Көп адамдар дүйнөнүн төрт тарабында тынымсыз каргаша, уруш, анархиялардын болуп жатканын, бир өлкөнүн адамдарынын да бир-бири менен урушуп жатканын, эч түгөнбөгөн коррупцияларды, жакыр жана муктаждарга жардам колунун сунулбашын, стресс, депрессия сыяктуу руханий кыйынчылыктардын барган сайын жайылышын, өзүн-өзү өлтүрүүлөрдүн санынын көбөйүшүн терс кабыл алышпоодо. Дээрлик бүт дүйнө жүзү согушчаак, урушчаак, тиш табышпас, азап жана стресс толо, адилетсиздик өкүмчүлүк кылган бир жашоону кабылдаган жана бүт адамдар муну кабыл алган сыяктуу.

Минтип кабылдануунун негизги себептеринин бири – бул бүт мындай терс көрүнүштөрдүн “кадыресе (табигый)” кабыл алынышы, “адам табиятынын” мажбурлуу натыйжалары сыяктуу көрүлүшү. Чынында болсо булар адамзатка эгемендик кылган батыл (жалган) бир “дүйнө көз-карашы” алып келген натыйжалар. Бул батыл көз-караш – материалисттик жана дарвинисттик дүйнө көз-карашы. Бул китепте каралгандай, социал дарвинизм болсо бул көз-караштын абдан маанилүү бир бөлүгүн түзөт.

Адамдардын көпчүлүгү билсе да, билбесе да, дарвинисттик-материалисттик бир жашоого багытталууда. Жакыр адамдардын же “Үчүнчү дүйнө өлкөлөрү” элдеринин жакырчылыгына кайгырылбашы, зулумдукка учураган адамдарга карата кайдыгер болуу, өзүмчүл бир жашоо формасынын жайылышы, кекчил, урушчаак, атаандаш ахлактын жайылышы, ал тургай өзгөчө ишкердик дүйнөсүндө булардын кадыресе кабыл алынышы, адамдардын башка адамдарды сүйүп, урматтабашы – бул дүйнө көз-карашынын башкы мүнөздөрү. Китеп бою да каралгандай, дарвинист-материалисттик көз-караш зордуктоодон согушка чейин ар кандай абийирсиздикти кадыресе көрсөтүүдө жана ушундайча ага чакырууда.

Негизи дээрлик ар бир адам дарвинист-материалист көз-караштын азабын кандайдыр бир жол менен тартып жатат. Расисттик зомбулуктарга кабылган негр бир окуучудан өзүмчүл жана кайдыгер балдары тарабынан каралбай ташталган улгайган бир ата-энеге, башчысы тарабынан оор шарттарда төмөн эмгек акы менен көп сааттар бою иштетилген жумушчулардан жашоосун бош жана максатсыз

деп ойлогон, жоопкерчиликсиз жана ээнбаш бир өмүр сүрүү менен өзүн материалдык жана моралдык стресске түрткөн жаштарга чейин көп адамдар бактысыз, азап жана стресске толгон бир өмүр сүрүшүүдө.

Бул айлампанын токтошу, адамзаттын тынчтыкка, бейпилдикке жана бактылуулукка, сүйүү жана урмат толо бир дүйнөгө багытталышы үчүн материалисттик дүйнө көз-карашы илимий-пикирдик жактан жеңилиши зарыл. Бул үчүн адамдардын материализмдин таянычы болгон дарвинизмдин илимий кыйраганын жана дарвинизм ишке ашырылганда канчалык чоң балээлерге себеп болоорун билиши абдан маанилүү.

Ошондой эле, дарвинизм жаңылыштыгына кабылгандар да маанилүү бир чындыкты байкашы зарыл. Бүт кемчиликтерине жана жаңылыштыктарына карабастан, өжөрдүк менен жактаганга аракет кылган эволюция теориясынын илимий эч бир жарактуулугу калган жок. Учурда илим дүйнөсүндөгү ар бир ачылыш бул чындыкты дагы бир жолу бекемдеп, эволюция теориясы тарыхтын чаң баскан беттерине көмүлүүдө. Болгондо да, китепте мисалдары менен баяндалган, тарыхый көптөгөн тажрыйба көрсөткөндөй, эволюция теориясы сунган жашоо модели зулумдук, адилетсиздик, таш боордук менен бир мааниге келет жана адамдарга азап, көз жашы жана жоготуудан башка эч нерсе алып келбейт. Ушул себептен, дарвинисттердин да эволюция теориясы түрткөн жамандыктарды байкашы, стереотиптеринен кутулуу менен акылга жана илимге сыйбас бул теорияны жактоодон эртерээк баш тартышы зарыл. Бул китеп сөз болуп жаткан жаңылыштыкка кабылгандардын канчалык олуттуу бир ката кетирип жатканын байкашына себеп болот деп үмүттөнөбүз.

# ЭВОЛЮЦИЯ КАЛПЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылуу (креационизм) чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Жаратуучу жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

**Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар**

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Жаратуучу тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

**Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы**

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фоссил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

**«Жашоо жашоодон келет»**

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңири жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: *«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»*[193]

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

**20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер**

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: *«Тилекке*

*каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»*[194]

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан.[195]

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган.[196]

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды?[197]

**Жашоонун комплекстүүлүгү**

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. **Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ**. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү (пайда болуу) ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн **$1/10^{950}$ге** барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500 беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу

эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

*Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышынын такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда.*[198]

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

### Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку, теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү натыйжасында ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде *«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»* деп айтууга мажбур болгон.[199]

### Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан.[200]

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

**Нео-Дарвинизм жана мутациялар**

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири таралган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – бул нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет**.

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

*Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет.*[201]

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – бул рак оорусу). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

**Фоссилдер: ортоңку звено жок**

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – бул фоссилдер (мис. вулкан атылганда жаныбар, канаттуу же өсүмдүк жабышып катып калган таш калдыктар).

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-канаттуу пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды «ортоңку звенолор (формалар)» деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фоссилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

*Эгер теориям туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фоссил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн.*[202]

Бирок бул сөздөрдү жазган Дарвин мындай ортоңку формалардын фоссилдеринин эч табылбаганын да билчү. Мунун теориясы үчүн чоң бир тупик экенин көрүп турган. Ошондуктан, Түрлөрдүн келип чыгышы китебинин «Теориянын кыйынчылыктары» (Difficulties on Theory) аттуу бөлүмүндө мындай деп жазган эле:

*Эгер чындап эле түрлөр башка түрлөрдөн акырын өнүгүү менен келип чыккан болсо, эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл звенолорго учурабай жатабыз? Эмне үчүн табият бир хаос абалында эмес, толугу менен белгиленген жана орду ордунда? Сансыз ортоңку өткөөл звено болушу керек, бирок эмне үчүн жер бетинин сансыз көп катмарында көмүлүү таппай жатабыз... Эмне үчүн ар бир геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар мындай звенолорго толо эмес? Геология жакшы даражаландырылган бир процесс ортого чыгарбоодо жана балким бул менин теорияма каршы айтыла турган эң чоң каршы пикир болот. (Кошумча дипнот: Charles Darwin, The Origin of Species, s. 172, 280)*

**Дарвиндин үзүлгөн үмүтү**

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фоссилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

*Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз.*[203]

Башкача айтканда, фоссил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.»[204]

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, «түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.

**Адамдын эволюциясы жомогу**

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн.[205]

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш боюнча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк

өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат.[206]

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү.[207] Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан.[208]

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.»[209]

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

*Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн.*[210]

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

**Дарвиндин формуласы!**

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

